# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕГИ ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАНА КҮН САЙЫН ЖАЗУУ

## 4-5–модулдар

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

БИШКЕК 2020

УДК 372.8
ББК 74.26
Б33

**Түзүүчү-авторлор:**

Орозова Р. А., Эсенгулова М.М., Усупова М. К., Фадеева Г.Н., Юсупова А.Д., Brattle Publishing Group, LLC® басма тобунун бөлүмү Brattle Education

Пед.илим.канд. И.А.Низовскаянын жалпы редакциясынын алдында.

Б33 Башталгыч мектептеги чыгармачыл жана күн сайын жазуу: 4-5–модулдар / туз. авт. Орозова Р. А. Б.: 2021 166 б.

ISBN 978-9967-9313-1-2

**4-Модуль. Башталгыч мектептеги чыгармачыл жазуу.** Бул тренингдик модулда «чыгармачыл жазуу» түшүнүгү, кенже класстардын окуучуларын окутуу процессинде анын мааниси жана башталгыч мектепте окуучулар өздөштүрө турган тексттердин ар түрдүүлүгү – алардын түрлөрү, кептин стилдери жана жанрлар чагылдырылган. Бул модулда негизги көңүл чыгармачыл жазуу процессине жана аны кантип окутууга бурулат. Андан тышкары, модуль мугалим тарабынан чыгармачыл жазуунун ролун кайрадан аңдап-түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүүгө жана аны окуучулардын ар кандай сабактарды (математика, Мекен таануу, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери ж.б.) окуп-үйрөнүүгө киргизүүгө багытталган. Ал мугалимдерге адабий окуу жана башка сабактарда чыгармачыл жазууну колдонуунун ар кандай стратегияларын сунуштайт.

**5-Модуль. Башталгыч мектептеги күн сайын жазуу.** Бул модулда окуучулардын бар болгон билимдерин жана тажрыйбаларын актуалдаштыруу, сөз байлыгын байытуу, окуганын терең түшүнүү, окуп-үйрөнгөнүн жана калыптанган көндүмдөрүн бекемдөө, окуучулардын жетишкендиктерин көрсөтүү сыяктуу ар түрдүү максаттарды жана милдеттерди эске алуу менен башталгыч мектепте сабактарда күн сайын жазууну колдонуунун маселелерин кароо сунушталат. Мында окуу, Мекен таануу, математика, турмуш-тиричиликтин негиздери ж.б. предметтерине күнүмдүк жазуу иштерин интеграциялоо жолдору сунушталат.

Материалдар жалпы билим берүү уюмдарынын, академиялык уюмдардын жана жогорку билим берүү уюмдарынын, Кыргыз Республикасынын квалификацияны жогорулатуу тутумунун өкүлдөрүнөн турган улуттук эксперттик топ тарабынан иштелип чыкты. Бул топ эл аралык эксперттер Ширли Диксон (философия илимдеринин доктору), Карон Харден (билим берүү тармагында илимдер магистри) жана Brattle Publishing Group басма тобу менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барды.

Редактор: Абдыжапар уулу Мундузбек

Техникалык редакциялоо, басмага даярдоо жана дизайн: Токтогулова Н.К жана Brattle Publishing Group® тарабынан аткарылды

ISBN 978-9967-9313-1-2 УДК 372.8
ББК 74.26

## Ыраазычылык билдирүү

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору – бул башталгыч мектеп окуучуларынын окуу жана математика боюнча окуп-үйрөнүү натыйжаларын жакшыртууга багытталган беш жылдык (2019-2024) долбоор. Бул демилге USAIDдин Кыргыз Республикасында башталгыч мектеп окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган буга чейинки долбоорлорунун жетишкендиктерине негизделет. «Окуу керемет!» долбоору математика жана окуу сабактары боюнча класстан тышкаркы иш-чараларды уюштурууга колдоо көрсөтүү менен башталгыч класстардын бардык окуучуларын сапаттуу билим менен камсыз кылуу багытында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта иш алып барат.

«Окуу керемет!» долбоорунун алкагында мугалимдердин окуу сабагын окутуу практикасын жакшыртуу максатында мугалимдерди окутуу үчүн 5 өркүндөтүлгөн окутуу модулдары иштелип чыкты. Бул окуу жана усулдук материалдар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун Окуу жана усулдук бирикмесинин отурумунда каралып, башталгыч класстарда окуу сабактарын даярдоо жана өткөрүү жана педагогикалык курамдын квалификациясын жогорулатуу максатында колдонууга сунушталды (2020 жылдын 14- октябрындагы отурумдун протоколунан көчүрмө).

USAIDдин «Окуу Керемет!» долбоору Кыргыз билим берүү академиясына жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы РПККЖКДИге материалдарды иштеп чыгуу процессинде эксперттик колдоо көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдирет.

## Кириш сөз

*Урматтуу мугалимдер!*

«Окуу керемет!» долбоорунун алкагында иштелип чыккан бул окуу модулуна кош келиңиздер!

«Окуу керемет!» долбоору Америка кошмо штаттарынын эл аралык өнүгүү агенттиги (USAID) тарабынан каржыланат жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта ишке ашырылат. Бул долбоор Кыргыз Республикасында жайгашкан башталгыч мектептердин 75%да 1-4 класстарда билим алган 300.000 окуучулардын окуу жана математика боюнча окуп-үйрөнүү натыйжаларын жакшыртууга багытталат.

Аты айтып тургандай, «Окуу керемет!» долбоору ар бир бала үчүн билим алуунун күчүн жана мүмкүнчүлүктөрүн даңазалайт. Мугалимдер- бул күчкө түрткү берген катализаторлор. Бизде кандай гана билим берүү мекемелери, китептер, технология же окуу программасы болбосун, балдардын акыл-эсинде түшүнүү учкунун мугалим жандырат. Сапаттуу мугалимдер билимди ар түрдүү балдар үчүн түшүнүктүү кыла алышат. Бул милдетти ийгиликтүү аткаруу үчүн бир катар көндүмдөр талап кылынат. Ал көндүмдөр коомубуздун өзгөрүшүнө, өзгөчө технологиялык инновациялардын темптерине жараша өнүгүп, жаңыланып туруусу шарт.

«Окуу керемет!» буга чейин ишке ашырылган «Сапаттуу билим», «Бирге окуйбуз», «Келгиле окуйбуз» жана «Билим берүү үчүн азыктануу жана балдар тамак-аш азыктары» жана башка долбоорлордон соң ишке ашырылат. Демек, биздин аракеттер бекем пайдубалга негизделип ишке ашат. USAIDдин бул демилгесинин алкагында, биз балдардын математика жана окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү багытында иш алып барабыз, себеби бул эки көндүм бири-биринин өнүгүүсүн колдойт, жана экөө тең фундаменталдык көндүмдөр. Мисалы, окуганын түшүнүү балдарга математика маселелерин чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Математикалык маселелердин чыгарылышын түшүндүрө жана негиздей билүү балдарга фактыларды талдоого жана синтездөөгө жана ар түрдүү дисциплиналарда логикалык тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

«Окуу керемет!» долбоорунун алкагында өткөрүлүүчү окутуу программасы математика багытын кошумча камтыгандан тышкары, инклюзивдик билим берүү, теңдик жана жаңы технологияларды билим берүүдө пайдалануу сыяктуу темаларды камтыйт. Окутуу үчүн универсалдуу дизайн жана Дифференцияланган окутуу сыяктуу стратегияларын пайдалануу аркылуу мугалимдер ар түрлүү окуучуларды окутууга даяр болушат жана аларга окуучулардын шаар же айыл жеринде жашашына, тил чөйрөсүнө же өнүгүү статусуна карабастан билим алууда ийгиликке жетүүгө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү тартуулашат.

Бул модулдар көптөгөн тараптардын кызматташтыгынын натыйжасында иштелип чыкты. Модулдарды иштеп чыгууга Билим берүү жана илим министрлиги, Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Борбор Азиядагы Америка университети, Кыргыз билим берүү академиясы, Социалдык интеграция борбору, Маданият, маалымат жана туризм министрлиги, мугалимдер жана башкалар салым кошушту. COVID 19 пандемиясы жараткан кыйынчылыктарга карабастан, бул ишине берилген адамдар модулдарды бүтүрө алышты. Глобалдык пандемиянын кесепеттеринен улам билим берүү тармагында түзүлгөн кырдаалда педагогдордун окуп үйрөнүү процессинин катализаторлору катары ролу мурдагыдан да маанилүү болот деп эсептейбиз. Бул модулдар бул маанилүү милдетти аткарууда сиздерге көмөк көрсөтөт деп үмүттөнөбүз.

Мугалимдик кесипте эмгектенген баарыңыздарга эң жакшы каалоо-тилектерибиз менен,



Лиана Герч,
“Окуу керемет!” долбоорунун директору
Кыргыз Республикасында RTI International

4-МОДУЛЬ

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕГИ ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУ

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ....................................................3
**1-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУ КӨНДҮМДӨРҮНҮН ӨНҮГҮҮСҮ** ....................................................6
1.1. Чыгармачыл жазуу деген эмне? ....................................................6
1.2. Тексттердин ар түрдүүлүгү ....................................................7
1.2.1. Тексттердин түрлөрү ....................................................7
1.2.2. Кептин стилдери ....................................................9
1.2.3. Адабий жанрлар ....................................................10
**2-БӨЛҮМ. ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУ ПРОЦЕССИ** ....................................................16
2.1. Даярдык баскычы ....................................................19
2.2. Негизги баскыч ....................................................27
2.3. Жыйынтыктоочу баскыч ....................................................32
**3-БӨЛҮМ. АР ТҮРДҮҮ ПРЕДМЕТТЕРДИ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮДӨ ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУНУ ПАЙДАЛАНУУ** ....................................................35
3.1. Математика сабагында чыгармачыл жазуу ....................................................35
3.2. Мекен таануу, адеп, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабактарында чыгармачыл жазуу ....................................................36
3.3. Көркөм өнөр жана музыка сабактарында чыгармачыл жазуу ....................................................38
**4-БӨЛҮМ. КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШ ЖАНА БААЛОО** ....................................................40
**5-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУНУН ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯЛАРЫ** ....................................................45
5.1. «RACE» стратегиясы ....................................................46
5.2. «Окуган чыгармага пикир жазуу» стратегиясы ....................................................49
5.3. «Макта, сура, оңдо» стратегиясы ....................................................51
5.4. «РАФТ» стратегиясы ....................................................53
**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР** ....................................................56
**МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ** ....................................................58
**СӨЗДҮК** ....................................................59
**ТИРКЕМЕ** ....................................................61

## КИРИШҮҮ

*Адамдын бардык эмгек процесстеринин ичинен эң кыйыны – чыгармачылык. Бир нерсени жасоодон, жазуудан мурда адам ал темада ойлонуп, дасыгуусу керек, жакындан ой калчап, акыл-эс аркылуу аны сезип, баштан өткөрсө, анда жан дүйнөсүнөн чыгарма өзү эле төгүлөт.*

*А.М. Гринина-Земскова*

Жазуу негизги сабаттуулук көндүмдөрүнүн бири болуп эсептелет. Окуучулардын ар кандай окурман түшүнө ала турган мазмундуу тексттерди түзө алышы, ар бир окурманга тема, окуялар, алардын айланасындагы дүйнө жөнүндө өз ой-пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берет. Чыгармачыл жазуунун негизи ушул.Бүгүнкү санариптик дүйнөдө технологиянын жардамы менен интенсивдүү баарлашуу жүрүп жатат, ошондуктан жазуу түрүндөгү маалыматты берүүнү жана кабыл алууну билүү маанилүү. Электрондук почта, онлайн чаттар, факстар, веб-сайттар, социалдык тармактар – мунун баары жазуу көндүмдөрүн талап кылат. Баарлашуу канчалык ачык болсо, ийгиликтин ыктымалдыгы ошончолук жогору болот. Кайсы гана тармакта болбосун же кайсы гана кесипте болбосун, жазуу көндүмү өтө маанилүү.

Изилдөөлөр, окуучулар окугандары жөнүндө жазган учурда, алар өз кабыл алуусун жана ой жүгүртүүсүн жакшырта тургандыгын көрсөтүшөт (Langer & Applebee, 1987). Башка изилдөөлөр, жазуу сынчыл ой жүгүртүүнү жакшыртарын белгилешет (Quitadamo & Kurtz, 2007). Чыгармачыл жазуу көнүгүүлөрү окуучулардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун жогорулатат, талдоо, топтоштуруу, окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табуу, жалпылоо жана системалаштыруу, түшүндүрмөлөр жана далилдер сыяктуу ой жүгүртүү операцияларынын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Чыгармачыл жазуу коммуникациялык билгичтиктерди кыйла интенсивдүү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Окуучу өз оюн жазуу жүзүндө билдирүүгө үйрөнгөн учурда, окуганды, чечмелегенди жана ойлонуп жаткан нерсени талдоого жөндөмдүү боло баштайт.

Чыгармачыл жазууну бардык предметтерди өздөштүрүү процессинде, биринчи класстан баштап өнүктүрүү сунушталат. Окуучулардын чыгармачыл жазуу көндүмдөрүн жазууга үйрөтүү менен бир мезгилде өнүктүрүүнү баштоо маанилүү, анткени бул кийинчерээк өз алдынча жазуу көндүмдөрүнө ээ болууда кыйынчылыктардан алыс болууга мүмкүндүк берет. Окуучулар (а) башка адамдар менен өз ойлору жана идеялары менен бөлүшүүгө, б) тексттин мазмунун тереңирээк түшүнүү үчүн үңүлүп кирүүгө жана (в) мурунку окуп-үйрөнүү тажрыйбалары менен байланыштарды түзүүгө үйрөнүшөт (Graham жана башкалар, 2012).

Жакшы жазуу билгичтиги – анын механикалык аспектилерине (сүйлөмдүн түзүлүшү, грамматика, пунктуация, кол жазмасы жана туура жазуу) гана көнүлдү топтоодон дагы көбүрөөк нерсе. Механикалык аспектилер маанилүү, бирок жакшы текст жазууда

негизги көнүл, биринчи кезекте анын мазмунуна, ойлоруна жана автор ошол ойлорду кантип чагылдыргандыгына бурулат. Жакшы авторлор *жазуу ишин жаратуу процессинин* өзүнө чоң көнүл бурушат.

Алар алгач пландаштырышат, андан кийин иштин чиймелеп жазуу вариантын иштеп чыгышат, кайтарым байланыш алуу үчүн аны башка адамдарга көрсөтүшөт, сөздөрдү жана алардын иретин жакшыраак тандоо үчүн жазылган текстти баалашат, кайра карап чыгышат жана акырында, механикалык аспектилерин - сүйлөмдүн түзүлүшүн, грамматикасын, пунктуациясын жана орфографиясын текшерүү менен, редакциялашат (Graham жана башкалар, 2012). Жазуу ишин жаратуу процессине окутуу бардык окуучуларга натыйжалуу жазуу көндүмдөрүн калыптандырууга жардам бергендиктен, бул модулда чыгармачыл жазуу процессине жана аны кантип окутуу керектигине негизги көнүл бурулат.

Чыгармачыл жазуу – бул окутуунун гана мыкты жолу эмес, ал сабактарды ар түрдүү, окуучулар үчүн кызыктуу жана жагымдуу кылууга мүмкүндүк берет.

«Башталгыч мектепте чыгармачыл жазуу» модулу мугалимге чыгармачыл жазуунун ролун кайра аңдап-түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүүгө жана аны ар кандай предметтерди окуучулар тарабынан окуп-үйрөнүүсүнө киргизүүгө багытталган. Модулдун биринчи бөлүмүндө «чыгармачыл жазуу» түшүнүгүнүн өзү жана кенже мектеп окуучуларын окутуу процессиндеги анын мааниси жана башталгыч мектепте окуучулар өздөштүрө турган тексттердин ар түрдүүлүгү – алардын түрлөрү, кептин стилдери жана жанрлар каралат. Экинчи бөлүмдө жазуу процессинин өзү каралат жана окуучулар менен иштөөнүн кадам боюнча алгоритмин сунушталат. Үчүнчү бөлүмдө Мекен таануу, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери (ТТКН), музыка жана көркөм өнөр сабактарында чыгармачыл жазууну колдонуунун бир катар мисалдары берилген. Кийинки бөлүмдө жазуу иштерине баа берүү боюнча сунуштар келтирилген. Бешинчи бөлүм мугалимдерге RACE, РАФТ, окуган чыгармага жазуу жүзүндө жооп берүү жана «Макта, сура, оңдо» сыяктуу чыгармачыл жазууну колдонгон стратегиялар сунушталат. Модуль төмөнкүдөй түзүлүшкө ылайык иштелип чыккан (1-таблицаны караңыз).

**1-таблица. Модулдун түзүлүшү**

| | |
|---|---|
| | Ар бир бөлүк окурмандын көңүлүн өтө маанилүү маалыматка топтоо үчүн багытталган суроолор менен башталат. Бул суроолор тиешелүү бөлүктүн бардык мазмунун камтыйт. |
| | Модулда берилген темалардын кыскача сереби темалардын мааниси, негизги принциптер жана аларды класста колдонуу жөнүндө маалыматты камтыйт. |
| | Ар бир бөлүмдүн аягында кыскача пикир келтирилген, башкача айтканда баптын негизги жоболорунун жана принциптеринин жалпыланышы берилет. |
| | Стратегиялар мугалимдердин ар түрдүү предметтер боюнча сабактарында бул мамилелерди кантип ишке ашыруу жөнүндө конкреттүү көрсөтмөлөрдү камтыйт. Ар бир стратегия өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: 1) мугалимдердин сабакка чейин, сабак учурунда, сабактан кийинки ишмердүүлүгүнүн баяндалышы; 2) окутуу жана баалоо процессинде дифференциациялоо боюнча сунуштар. |

| | |
|---|---|
|  | Текстте бөлүмдөгү негизги ойлорду ырастаган маанилүү изилдөөлөр жөнүндө кошумча маалыматтар келтирилген. |
|  | Пайдаланылган адабияттар |
|  | Мугалимдер үчүн сунушталган адабияттардын тизмеси |
|  | Сөздүк |
|  | Тиркеме |

# 1-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУ КӨНДҮМДӨРҮНҮН ӨНҮГҮҮСҮ

## Багыттоочу суроолор

- Чыгармачыл жазуу деген эмне?
- Тексттин кандай түрлөрү бар?
- Сүйлөө стили деген эмне?
- Башталгыч мектепте окуучулардын жазуу ишин жаратуу үчүн кандай адабий жанрларын пайдаланса болот?

*Чыгармачылык балага аян болуп келбейт. Ага үйрөтүү керек. Жаратылыштын сүрөттөлүшүн мугалимден уккан учурда гана, бала дил баянды жаза алат.*

*В.А.Сухомлинский*

## 1.1. Чыгармачыл жазуу деген эмне?

Башталгыч мектепте окутуунун негизги милдеттеринин бири окуучулардын өзүнүн оюн оозеки жана жазуу түрүндө ырааттуу билдирүү билгичтигин жана көндүмүн калыптандыруу болуп саналат. Бул милдет маалыматты кабыл алуу, анын мазмунун билдирүү же өз оюн топтой алуу билгичтигин өнүктүрүү жолу аркылуу ишке ашат. Башталгыч мектептин бүтүрүүчүлөрү өз пикирин жазуу түрүндө айта алышы керек, анткени кийинчерээк аларга кат жазууга, доклад даярдоого, окурман күндөлүгүн жүргүзүүгө, окулуп жаткан тема боюнча эскертүүлөрдү жазууга, керектүү формаларды толтурууга туура келет.

Көбүнчө, чыгармачыл жазуу катары көркөм чыгармаларды (аңгемелер, романдар, сценарийлер, өмүр баяндар, поэмалар) жаратуу процесси гана каралат. Бул учурда, чыгармачыл жазуу жазуучунун чеберчилиги деген терминдин синоними болуп саналат. Скотт Кауфман чыгармачыл жазууну төмөнкүчө аныктайт: «Бул автордун өзүнүн инсандыгын, анын көз караштарын, ишенимдерин жана адаттарын камтыган ар тараптуу ишмердүүлүк»[1].

Чыгармачыл жазуудагы көнүгүүлөр баланы жазууну үйрөнүүнүн алгачкы кадамдарынан баштап коштоосу тийиш. Мектепке чейинки куракта балдар аларга окуп берген жомокту айтып берүү менен, ал жөнүндө ой бөлүшүп, өз оюн айтууга үйрөнүшөт. Андан соң, сюжеттик сүрөттөрдүн жардамы менен балдар өз аңгемелерин түзүүгө кадам шилтешет. Сүрөттөр акырындык менен жандуу сүйлөө сөздөрү менен алмаштырылат, ал сөздөрдү мектепте жазууга үйрөнүшөт, андан кийин балдар бир нече сөздү жазганды биле башташат, алардын ичинен сүйлөмдөр курулат, акырында, бир нече сүйлөмдөрдөн байланыштуу текст пайда болот.

Эгерде башталгыч мектептин окутуу процессине чыгармачыл жазууну мүмкүн болушунча эрте, ар түрдүү көнүгүү түрүндө бул математика, адеп, мекен таануу,

[1] Scott Barry Kaufman. The Psychology of Creative Writing. — Cambridge University Press, 2009.

музыка же турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабагы болобу үзүндү эмес, системалуу түрдө киргизүүнү баштаса, өзүнүн оюн жазуу татаал жана аткарууга кыйын маселе болбойт. Эгер жазууну үйрөтүү менен, бир учурда чыгармачыл жазуу стратегиясын пайдаланса, анда биринчи класстын аягында окуучулар 30-35 сөздөн турган тексттерди түзүп гана койбостон, тилдик сезгичтик, демек, туура жазуу көндүмү калыптана тургандыгын тажрыйба көрсөтөт (Рамзаева Т. жана башкалар, 2020). Чыгармачыл жазуунун жардамы менен жазуу иштерин жаратууда өз алдынчалык жолунда психологиялык тоскоолдуктар жоюлат, ал тексттерди мугалим тарабынан сунушталган үлгүдөн көчүрүп алуу жолу менен гана жазууну үйрөнө баштаган окуучуларда көбүнчө пайда болот.

Мындай сабактар үчүн окуучуларда өнүккөн, сабаттуу жана кооз жазуу кебин өнүктүрүү үчүн окуу куралын туура тандоо керек. Чыгармачыл жазуу көнүгүүлөрү үчүн дидактикалык материал болуп ар түрдүү жанрдагы, стилдеги жана түрдөгү балдар адабиятынын тексттеринин көп түрдүүлүгү эсептелет (3-модулду караңыз. «Башталгыч мектепте балдар китептерин колдонуу»). Жеке жазуу ишин жаратуу үчүн, окуучулар тексттердин түрлөрүндө, кептик стилинде жана адабий жанрларда багыт ала алышы керек, ал жөнүндө кийинки бөлүмдө сөз болот.

## 1.2. Тексттердин ар түрдүүлүгү

Текст – сүйлөө ишмердүүлүгүнүн акыркы өнүмү. Текст сүйлөмдөрдөн турат, абзацтарга бөлүнөт. Тексттеги бардык сүйлөмдөр өз ара мааниси боюнча байланышып, жалпы тема жана негизги оюу менен бириrет. Текстте бардык сүйлөмдөр белгилүү тартипте жайгаштырылган. Текст салыштырмалуу толук ой болуп саналат жана анын башталышы жана аягы бар (Бреусенко Л. ж.б. 2018).


Тексттер: а) сүйлөө түрү боюнча (маанини жеткирүү ыкмасы), б) сүйлөө стили боюнча (тилдик каражаттар) жана в) жанр боюнча бөлүнөт.

### *1.2.1. Тексттердин түрлөрү*

Жогоруда айтылгандай, текст белгилүү тема жана негизги ой менен бириккен сүйлөмдөрдөн турат. Текстте эмне жөнүндө айтылса, ал сүйлөө темасы же предмети болуп эсептелет. Автор билдиргиси, түшүндүрүп бергиси же кандайдыр бир жол менен окурманды ишендиргиси келген нерсе башкы ой болуп эсептелет. Бардык тексттин маанисин жеткирүү үчүн анын кандайча берилгендиги, текстте сүйлөмдөр кантип түзүлгөнү, алардын логикалык ирети сакталганы дагы маанилүү. Бул тексттин түрү деп аталат.

Тексттин түрлөрү – бул автор өз оюн жеткирүү үчүн пайдаланган билдирүү ыкмасы. Тексттердин функционалдык түрлөрү - баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү. Текстте колдонулган кептин түрлөрүнө жараша тексттин төмөнкү түрлөрүн бөлүп карашат - баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү (1-схеманы караңыз).

**1-схема. Тексттердин түрлөрү**




**Баяндоо** – бул тексттин түрү, анын жардамы менен кандайдыр бир окуялар жөнүндө убакыт ырааттуулугу боюнча баяндалат; ырааттуу алмаштырылган аракеттер же окуялар жөнүндө кабарлайт. Окуяда чагылдырылган аракеттер ырааттуу, бири-бири менен логикалык байланышта болот.

Баяндоо тексти үчүн төмөнкү элементтер мүнөздүү:

- **окуянын башталышы:** каармандардын, ордунун, убакыттын, жагдайлардын, аракеттердин баяндалышы;
- **окуянын чиелениши:** бир нерсе болуп, аракет же окуя башталат, ал бүт окуянын башталышы болуп эсептелет;
- **окуялардын өнүгүүсү:** башкы каарман кандай кырдаалдарга жолугат, окуялар кандайча өнүгөт;
- **кульминация:** бул окуянын эң күчтүү жана маанилүү учуру. Каарман башкы көйгөйгө же күтүүсүз тоскоолдукка туш болот;
- **окуянын чечилиши:** негизги көйгөй же карама-каршылык чечилет;
- **аягы:** бардык окуялар аяктайт.

Баяндоо динамикалык мүнөзгө ээ: текстте башкы жана экинчи даражадагы каармандар бар, окуялардын орду жана убактысы аныкталган, сюжеттик тилке байкалган, маанилүү окуянын башталышы жана аягы бар. Метафораны колдонуп, баяндоо тексттин «тасма» деп айта алабыз, ал жерде башкы каарман, болуп жаткан окуялардын орду жана убактысы бар, кандайдыр бир көйгөй келип чыгат, ал чечилет жана бүт окуя аяктайт.

**Сүрөттөө** – бул тексттин түрү, анын жардамы менен кандайдыр бир реалдуу кубулуш анын туруктуу же бир эле учурда катышкан белгилерин же аракеттерин саноо жолу чагылдырылат.

Сүрөттөөнүн максаты – окурмандарга ар түрдүү боёктор менен образдарды тааныштыруу. Белгилерди көрсөтүү убактысынын жана ордунун биримдиги маанилүү. Сүрөттөө тексти төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн: а) предметти, жаныбарды же

адамды сүрөттөө; б) орунду сүрөттөө; в) чөйрөнүн же адамдын абалын сүрөттөө. Сүрөттөө тексти төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

- предметтин жалпы мүнөздөмөсү, жалпы таасир;
- белгилер, деталдар;
- предметке жалпы баа берүү.

Сүрөттөө тексти статикалык чындыкты чагылдырат. Эгер баяндоо-тексттин тасма менен салыштырса, анда сүрөттөө тексти – бул «фотосүрөт».

**Ой жүгүртүү** – бул тексттин түрү, анын жардамы менен кандайдыр бир жобо, ой далилденет же түшүндүрүлөт; окуялардын жана кубулуштардын себептери жана кесепеттери, баа берүүлөрү жана сезимдери жөнүндө айтылат.


Ой жүгүртүү текстинин максаты - ынандыруу, түшүндүрүү, далилдөө. Ой жүгүртүү тексти төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

- тастыктоо (тезис) - далилдөө керек болгон ой;
- тезисти негиздөө - далилдердин мисалдары менен ырастоочу аргумент;
- кыскача пикир - жыйынтыктар, тыянактар.

### *1.2.2. Кептин стилдери*

**Кептин стилдери** – коомдук турмуштун белгилүү бир тармагында: көркөм адабиятта, күнүмдүк баарлашууда, расмий-ишкер мамилелерде, маалымат каражаттарында жана илим тармагында пайдаланган сүйлөмдүн түрлөрү. Беш негизги кептин стилин бөлүп карашат (2-схеманы караңыз).

**2-схема. Кептин стилдери**




**Көркөм стиль.** Көркөм стилдин негизги милдети – бул көркөм образдардын жардамы менен окурмандын кыялына жана сезимине таасир этүү; анда автордун ойлору жана

сезимдери берилет, сөз байлыгы пайдаланылат; мындай тексттеги билдирүүлөр образдуулугу жана сүйлөө эмоционалдуулугу менен мүнөздөлөт. Көркөм стиль үчүн салыштыруулар, метафоралар, эпитеттер, чагылуулар жана башка сүрөт-көркөм каражаттар мүнөздүү.

**Илимий стиль.** Илимий маалыматты берүү үчүн илимий стиль колдонулат. Ал окуу китептеринде, сөздүктөрдө, энциклопедияларда, докладдарда ж.б. кездешет. Билдирүүлөр, көбүнчө жалпыланган, так, далилдүү, эмоционалдык жактан түссүз болуп эсептелет. Илимий стилде атайын сөздөр, анын ичинде терминдер колдонулат.

**Публицистикалык стиль.** Публицистикалык стилдин негизги милдети – окурманды кандайдыр бир кубулуш, окуя же предмет жөнүндө маалымдоо аркылуу бир нерсеге ишендирүү. Бул стиль массалык маалымат каражаттарында (гезиттер, журналдар, брошюралар ж.б.) пайдаланылат, ал түзүлгөндө салтанаттуу лексика, илептүү сүйлөмдөр, риторикалык суроолор жана күчтүү сезимдерди билдирген сөздөр көп колдонулат.

**Расмий-ишкер стили**. Ал расмий, ишкердик маалыматты берүүдө колдонулат. Расмий-ишкер стилинде түзүлгөн документтер адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салууга же коомдук жашоонун кайсы бир тармагына кызмат кылууга багытталган. Бул стиль күнүмдүк жашоодо колдонулат. Расмий-ишкер тексттер болуп кулактандыруулар, күбөлүктөр, өмүр баяндар, кызматтык каттар, окуучулардын расмий мүнөздөмөсү ж.б. эсептелет. Адамдар көптөгөн кагаздарда багыт алууга жеңил болушу үчүн расмий-ишкер тексттерди түзүүдө стандарттык формалар жана кептин үлгүлүү фразалары (клише) пайдаланылат.

**Сүйлөшүү стили.** Бул күнүмдүк жандуу баарлашуу үчүн колдонулган стиль. Сүйлөшүү стилинин текстинде окурмандар же угуучулар менен жандуу сүйлөө, ачык айтылган сөздөр, оозеки тил каражаттары аркылуу байланыш түзүлөт: бул эмоционалдык түстөгү сөздөр, жалпак тилде, кайрылуулар, модалдык сөздөр ж.б. Бул стилди ишке ашыруунун кадимки формасы – диалог. Бул стилде жазылган текст сүйлөшүү лексикасын, кыска сүйлөмдөрдү жана татаал синтаксисти камтыйт.

### *1.2.3. Адабий жанрлар*

**Чыгармачыл жазуу** – баштапгыч мектептин тил жана адабий окуу сабактарында окуучулардын кебин өнүктүрүү боюнча ишинин маанилүү багыты. Мектептик практикада бардык чыгармачыл жазуу иши салттуу түрдө дил баян деп аталат. Бул чыгармачыл жазуу ишине карата мындай аталыш советтик методикада бекемделген. Батыш салты окуучулардын жазуу ишин белгилөөгө карата «эссе» сөзүн колдонот. Азыркы учурда «эссе» сөзү постсоветтик методикада дагы активдүү орун алып жатат. Энциклопедиялык адабий сөздүктө эссе «алдын ала предметтин аныкталган жана толук чечмелөөсүнө багыт албаган, конкреттүү окуяга же маселеге жеке таасирин жана ой-пикирин билдирген, чакан көлөмдөгү жана эркин курамдагы прозалык чыгарма катары» аныкталат [2].

«Ар кандай аталыштарга карабастан, дилбаян дагы жана эссе дагы жазууну үйрөтүүдө бирдей талаптарды коюу менен бирдей окуу функцияларын аткарат:

[2] Литературный энциклопедический словарь/Под общ. Ред. В.М. Кожевникова и П.А. Николаева. – М.: Советская энциклопедия, 1987. – С.516.

- Жазуу жүзүндө өз ойлорун ачык, өз алдынча айта билүү – бул жалпы окуучулар үчүн эң негизги жана универсалдуу билгичтиктердин бири.
- Катаал формалар дагы (бекемделген талаптары менен) жана эркин чыгармачыл иштер пайдаланылат[3]».

Бирок, батыш мектептеринде «эссе тил жана адабий сабактардын гана укугу болуп эсептелбестен, бардык предметтер боюнча сабактарда жазылат» деп белгилей кетүү керек»[4]. Ал эми эссе өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ жана дил баяндын салттуу форматынан айырмаланат.

Программа боюнча окуучуларга ар кандай жанрдагы дилбаяндарды жазуу сунушталат. Жанр – тигил же бул сюжеттик жана стилистикалык белгилери менен мүнөздөлгөн, көркөм чыгарманын түрү.

Теманы, окуянын ордун, сюжетти жана башкаларды тааныштырууда ар бир жанр өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. 3-схемада башталгыч класста пайдаланса боло турган дил баяндардын жанрлары көрсөтүлгөн. Алардын айрымдары мугалимдерге тааныш жана алар окуучулар тарабынан өздөштүрүлгөн, кээ бирлери сунуш катары берилген. Башталгыч класстын мугалиминин милдети - чыгармачыл жазууну колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү, тил жана окуу сабактары менен гана чектелбестен, окуучуларга ар кандай предметтер боюнча сабактарда дил баян жаратууну сунуштоо.

[3] Низовская И.А. Новое в обучении сочинению// Русский язык и литература в школах Кыргызстана. – 2002. -№3. – С. 70-71.
[4] Низовская И.А. Новое в обучении сочинению// Русский язык и литература в школах Кыргызстана. – 2002. -№3. – С. 70-71.

**3-схема. Мектептик чыгармачыл иштин (дил баяндардын) жанрлары**




**Эссе**. Бул чыгармачыл иштин өзгөчө түрү, ар кандай темада, билимдин ар кандай тармактарында жазууга болгон ийкемдүү жанр, ал эми жеке оюн эркин формада айтуусу ар кандай предметтерде дээрлик бардык сабактарда пайдаланууга мүмкүндүк берет. Эссе үчүн чакан көлөм жана эркин композиция, көйгөйдү кабыл алуунун жана аны түшүнүүнүн жеке мүнөзү, баяндоонун жеңилдиги, ачыктыгы мүнөздүү. Мына ошентип, эссе – автордун баса белгиленген жеке көз карашын чагылдырган чакан текст.

**Аңгеме**. Бул каармандын жашоосундагы маанилүү окуя тууралуу сөз болгон адабий чыгарма. Бул кандайдыр бир окуя жөнүндө баяндама. Баяндама «окуянын чиеленишин, окуянын өнүгүп жеткен чегин жана окуянын чечилишин» камтыган түзүлүш боюнча берилген (8-схеманы караңыз). Көлөмү чоң эмес болгондуктан, аңгеме бир сюжеттик тилкени сүрөттөйт, анда аз сандагы каармандар катышат. Биринчи класстын окуучулары аңгемени түзүү үчүн сюжеттик сүрөттөрдү, аларды керектүү ырааттуулукта бөлүштүрүү менен пайдаланышат. Андан кийин мугалим окуучуларга суроолор же таяныч сөздөр боюнча аңгемени жазууну сунуштай алат. Аңгемени жазуу үчүн экинчи жана төртүнчү класстын окуучуларына тапшырмаларды аткаруунун төмөнкүдөй варианттары сунушталат: а) план боюнча берилген темада аңгеме түзүү; б) белгилүү үзүндү боюнча аңгеме түзүү (башталышы, ортосу же аягы); в) үлгү боюнча аңгеме түзүү; г) окугандардын негизинде аңгеме түзүү; д) сюжеттик сүрөттөрдүн сериясы боюнча күлкүлүү аңгемени түзүү (Е. Полякова, 2020).

**Жомок**. Бул фантастикалык, адаттан тыш, бирок толук сюжети бар, жакшылык сөзсүз түрдө жамандыкты жеңген көңүл ачуучу оозеки баяндоо түрү. Жомок бүткөн сюжеттин, тамашалуу, адаттан тышкары жана фантастиканын бар болушу менен мүнөздөлөт. Жомоктордун үч түрү бар: а) жаныбарлар жөнүндө жомоктор, мында каармандар – адамдардын да, жаныбарлардын да мүнөздөрүн айкалыштырган жаныбарлар; б)

күнүмдүк темалар менен мүнөздөлүүчү күнүмдүк жомоктор, ушул жомоктордо, кадимки адамдык мамилелердин чегинде, өзгөчө кырдаалдар пайда болот, бирок күнүмдүк жомоктордо кереметтер жана сыйкырчы жардамчылар жок; в) керемет жомоктордо, сыйкырдуу каармандар жана предметтер бар. Окуучулар тарабынан жомокторду жаратуу алардын чыгармачыл өнүгүүсүнө, текстте сүйлөө каражаттарын колдоно билүүсүнө, каармандардын абалын жана сезимдерин жеткирүүсүнө өбөлгө түзөт.

**Кыскача поэтикалык чыгарма.** Бул С.И. Ожегов боюнча, «ритмдик кеп, поэзия менен жазылган чакан поэтикалык чыгарма»[5]. Поэтикалык формада чыгарма түзүү үчүн, окуучуларга тапшырмалардын бир нече вариантын сунушташы мүмкүн: а) рифманы пайдалануу менен, саптарды бириктирүү - саптардын аягындагы сөздөрдүн мүчөсү ыргактуу болушу керек; б) аллитерация (үнсүз тыбыштар кайталанган ыкма) же ассонанс (үндүү тыбыштар кайталанган ыкма) – бир эле тыбыштарды камтыган сөздөрдү пайдаланган ырды ойлоп табуу; в) тыбыштарды тууроого же үндөрдү тууроого сөздөрдү пайдалануу менен ыр жазуу. Бул, мисалы төмөнкү чыгармаларда кездешет: Ж.Турусбеков «Жол ыры», Б.Асаналиев «Капар менен карга», Мар Алиев «Карга», А.Токтомушев «Өрдөгүм». Мындагы сөздөр, сүрөттөлгөн тыбыштарды угууга жардам берет.

**Окуган чыгармага пикир жазуу.** Бул окуучунун окуган чыгармага жеке мамилесин чагылдырган жазуу түрүндөгү пикири. Пикир классташтарын бул китепти окуганга ишендирүү максатында, же тескерисинче, аны окубаганга сунуштары менен жазылат. Пикир жазуу үчүн, окуучуларга төмөнкүлөр керек: а) өзүнө жаккан китепти тандап алуу; б) тексттин аталышын ойлоп табуу; в) китеп жөнүндө айтып берүү (жөн гана анын мазмунун толук ачып бербөө керек), г) майда-чүйдөсүнө чейин тереңдебестен жана окуя кантип аяктаганын айтпастан бир же эки маанилүү эпизодду эскертүү; д) окуган китептен сезимдерин жана ойлорун сүрөттөп, анын ичинде сюжетке, каармандарга, стилге, жанрга жана көркөм сөзгө баа берүү камтылат; е) пикирдин жыйынтыгын чыгаруу: окуганга өзүнүн мамилесин билдирүү, көтөрүлгөн теманын маанилүүлүгү, негизги ойдун актуалдуулугу, китепти башка чыгармалар менен салыштыруу (5-бөлүмдөгү «Окулган чыгармага пикир жазуу» стратегиясын (5.2.) караңыз).

Бул жанрлар башталгыч мектепте колдонулат жана алардын өзгөчөлүктөрү көпчүлүгүндө мугалимдерге жана окуучуларга тааныш. Ошол эле учурда, бардык эле мугалимдер жана окуучулар өздөштүрө албаган дил баяндардын түрлөрү жана жанрлары бар.

**Комикс** (англисче comic деген сөздөн – күлкүлүү дегенди билдирет) – тартылган окуя, сүрөттөрдөгү аңгеме. Комикс өзүнө адабият жана сүрөт искусствосу сыяктуу көркөм өнөрдүн түрлөрүнүн мүнөздөрүн айкалыштырат. Комикстин сүрөттөрү - бул, чындыгында, тасманын токтогон кадрлары. Бул чыгарма, анда окуя сүрөттөрдүн жана аларды коштогон тексттердин жардамы менен баяндалат. Өз комикстерин үйрөнүү менен окуучулар ар кандай турмуштук кырдаалдарда «жашашат» жана моделдештирет, бул көйгөйлөрдүн чечимин табууга мүмкүндүк берет. Комикстер менен иштөөнү турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери, мекен таануу, көркөм өнөр жана адеп сабактарында активдүү пайдаланса болот, ал эми тапшырмалар: а) бүтпөгөн комикс, анда сүрөттөр мугалим тарабынан сунуш кылынат, окуучуларга диалогду «көбүкчөлөргө» киргизүү керек, б) комиксти иллюстрациялоо - окуучуларга тема, максаты жана сюжети сунушталынат, алар бир катар ырааттуу

[5]Ожегов С.И. Толковый словарь русского языка. – М.: Оникс,2008.

иллюстрацияларды ойлоп табышы керек, в) окуучулар окуп-үйрөнүлгөн маалыматты же математика маселесин комикске кайрадан «форматташтыруу» сунушталынат.

**Детектив**. Детектив - бул көбүнчө кылмыш болгон табышмактуу учурлар жөнүндө баяндаган курч сюжеттүү жанр. Детектив үчүн сюжеттин курулушу логикалуулугу менен мүнөздөлөт, окурманга тергөөнүн жүрүшүн, милдеттүү ролдордун бардыгын көрсөтүүчү фактылар бар: детектив, жабырлануучу, кылмыш жасаган адамдар, күбөлөр, шектүүлөр. Финалда бардык табышмактар чечилип, бардык суроолорго жооп алынышы керек. Тексттин бул түрүн түзүү турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери боюнча сабактарда сунушталат, мисалы: а) өрттү коопсуз пайдалануу, б) табиятка этият мамиле кылуу; в) көчөлөрдө жана жолдордо коопсуз жүрүм-турум, г) күнүмдүк жашоодо пайда болгон кооптуу жагдайлар ж.б.

**Фантастика**. Фантастикага ойдон чыгарылган дүйнөдө орун алган окуялар, табиятта жок көрүнүштөр камтылат, ала эми каармандар адаттан тышкаркы жөндөмдүүлүктөргө ээ. Бул жанрдагы окуялар окуучулар үчүн фантазиянын жаңы чектерин ачат. Көбүнчө балдар фантастикасынын каармандары роботтор, жомоктогудай жандыктар (ажыдаарлар, адаттан тышкаркы жаныбарлар, сүйлөгөн өсүмдүктөр). Фантастиканын негизги милдети – кереметтерге, жакшылыкка жана адилеттүүлүккө болгон ишенимди колдоо. Көбүнчө, фантастикалык чыгармаларды жаратуу окуучуларга көйгөйлөрдү чечүүгө жана ар кандай предметтердин алкагында окуп-үйрөнгөн темалар боюнча жооп табууга багыттайт.

**Фэнтези** (англисче fantasy сөзүнөн – «фантазия» дегенди билдирет). Бул көркөм чыгармалардын жанры, анын негизинде жомок жана мифологиялык мотивдерди пайдалануу жатат. Илим фантастикасынан айырмаланып, мындай чыгарма дүйнөнү жана каармандардын мүмкүнчүлүктөрүн рационалдуу көз караш менен түшүндүрүүгө умтулбайт. Башкы каармандар жаратылыштан тышкаркы күчкө ээ ойдон чыгарылган жандыктар жана каармандар болуп эсептелет. Көбүнчө аракеттер ойдон чыгарылган дүйнөдө жүрөт, анда кудайлардын, сыйкырдуу мифтик жандыктардын (ажыдаарлар, алптар, феялар ж.б.) бар экендигине жол берилет, ал эми болуп жаткан кереметтер сүрөттөлгөн дүйнөнүн ченеми болуп эсептелет. Фэнтезинин эң белгилүү үлгүсү болуп англиялык жазуучусу Дж.К. Роулинг тарабынан түзүлгөн Гарри Поттер окуясы эсептелет. Фантези жанрында окуяны түзүү окуучуларга окуп-үйрөнүлгөн предметти кароо үчүн кыялдануунун жана фантазиянын күчүн пайдаланууга мүмкүндүк берет. Бул жанрды өздөштүрүү татаал жана окутуунун илгериленген баскычында гана окуучулардын колунан келет.

**Фанфик** (англисче *fun fiction* сөзү «Адабияттын күйөрманы» дегенди билдирет). Бул чыгармачыл иштин жаңы жанры. Бул окуучулар окуган же көргөн китептерге, фильмдерге же телекөрсөтүүлөргө негизделген окуя. Фанфикти түзүүдө бар болгон каармандар жана жаңы окуяларды ойлоп табуу үчүн башка авторлор жараткан аракеттенүү орундары пайдаланылат. Башталгыч класстын окуучулары фанфик стилиндеги ар кандай окуяларды ойлоп таба алышат. Мисалы, а) тарыхый инсандын азыркы учурга саякаты; б) окуучулардын өлкөдөгү атактуу адам менен жолугушуусу; в) белгилүү адабий каармандын окуясынын уландысы; г) популярдуу жомоктун экинчи аягын ойлоп табуу, д) ар кандай жомоктордун каармандарын же сюжеттерин бириктирүү[6]. Мисалы, Кыргызстандын жаратылышын окуп-үйрөнүү үчүн, окуучулардан Актан менен Акылайдын (популярдуу мультфильмдин каармандары) жаныбар менен өсүмдүк дүйнөсүн салыштыруу үчүн Кыргызстандын ар кайсы облустарына болгон саякатын сүрөттөп берүүсүн сунуштаса болот.

---

[6] Родари Дж. Грамматика фантазии. – М.: Самокат, 2011.

**Микропроза**. Микропроза бир нече сүйлөмдөн турган (10дон ашык эмес), кыскача аңгеме-миниатюраны камтыйт, беш же алты сөздөн гана куралышы дагы мүмкүн. Микропроза буга чейин жазылган узун тексттин кыскартылышы же бир гана сюжет окуясынын сүрөттөлүшү же бир каармандын кыска аңгемеси болушу мүмкүн. Микропроза чыгармаларын жаратуу үчүн тапшырма катары окуучулардан алфавитке негизделген окуяны ойлоп табууну суранса болот, анда биринчи сөз А тамгасынан, экинчиси Б тамгасынан, үчүнчүсү В жана башкалардан башталат. Мисалы: «Айбек белекке Венерага гүлдесте даярдады ...». Башталгыч мектептин окуучулары тарабынан микропроза түрүндө текст жаратуунун дагы бир ыкмасы төмөнкү оюн болушу мүмкүн (Ньюбургер, 2016): окуучуларга сөздөрдүн тизмеси берилет: а) каарманды танда: *таксинин айдоочусу, дүкөнчү, суу периси, бак, куштун үй-бүлөсү, желмогуз, эльф ж.б.,* б) алар кандай: *ийгиликтүү, ызы-чуу, бейбаш, коркок, жагымсыз, уялчаак, кызыкдар* ж.б., в) аракеттенүү ордун танда: *мектеп, үңкүр, ай, карнавал, оюн аянтчасы, сарай, жайлоо ж.б.*, г) бул кандай: *муздак, табышмактуу, сыйкырдуу, кооз, коркунучтуу ж.б.*, д) бир нерсени танда: *микрофон, комуз, фотоаппарат, нан ж.б.,* ж) окуя тандаңыз: *каникулдар, достор менен жолугушуу, сейил бактагы бир күн, майрам, Ысык-Көлдө эс алуу*, е) убакытты танда: *кичинекей болгон учурда/бир сааттын ичинде, динозаврлардын күндөрүндө, унаалар пайда болгонго чейин ж.б.,* ж) көйгөй эмнеде: *бир нерсе жоголду, бирөөнү сыйкырлады, кимдир бирөө үйдү сагынды, кимдир бирөө таарынды ж.б.,* з) аны кантип чечсе болот: *жооп түшүндө келди, жардам сурап кайрылуу, сыйкырдын жардамы менен, жаңы каармандын жардамы менен, каармандар бирге аракеттеништи*. Окуучулар сунушталган сөздөр тизмесинен бир сөздү тандашат жана өздөрүнүн аңгеме-миниатюрасын түзүшөт. Мугалим окуп-үйрөнгөн тема боюнча сөздөрдү тандап бериши мүмкүн.

## Кыскача пикир

Чыгармачыл жазуу ойду жазуу түрүндө берүүгө багытталган, кеп ишмердүүлүгүнүн формасы катары окуучуларды жазууга үйрөтүүнүн башталышы менен бир убакта өнүктүрүү жана бардык предметтер боюнча системалуу түрдө улантуу маанилүү. Бул окуучуларды өз алдынча жазууга ийгиликтүү даярдоого жана сабаттуу жазуу кебин өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Бирок окуучулар өзүлөрүнүн жазуу иштерин жаратууга үйрөнүшү үчүн, текст деген эмне экендигин жана кандай тексттер бар экендиги менен таанышышы керек.

Тексттер кептик стилдерине жана түрлөрүнө жараша бөлүнөт, ар кандай жанрда жазылышы мүмкүн. USAID «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында түзүлүп жаткан балдар адабиятынын ар түрдүүлүгү, окуучуларга чыгармачыл жазуу көндүмдөрүн ийгиликтүү калыптандыруу үчүн сапаттуу дидактикалык материалдар менен камсыздоого мүмкүндүк берет.

## 2-БӨЛҮМ. ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУ ПРОЦЕССИ

### Багыттоочу суроолор

- Чыгармачыл жазуу процессинин баскычтары кандай?
- Окуучулардын тексттин үстүнөн иштөөсүн эмнеден баштоо керек?
- Класста чыгармачыл жазуу процессин кантип уюштуруу керек?
- Окуучулар өз жазуу ишин кантип жыйынтыкташат жана тааныштырышат?

> *Биздин тегерегибиздеги дүйнө бири-бири менен байланыштуу укмуштуу деталдарга бай. Өз текстибизде аларга орун табуу менен, биз алардын жаркырашына мүмкүндүк беребиз. Сүйлөмдөр, жөнөкөй саптар, сөздөр – жаңы жашоого жол. Өз саптарыңарды жакшы көргүлө, ошондо жана сиздин жашооңуз жакшы болот.*
>
> *Карен Бенке. Дагы жаз! Башталгыч жазуучу үчүн жетекчилик.*

Чыгармачыл жазуу процесси өзүнө төмөнкүдөй үч баскычты камтыйт: даярдоо, негизги жана жыйынтыктоочу. Ар бир баскычта окуучулар чыгармачыл жазуу ишин жаратуунун ар кандай стратегияларын колдонушат. Стратегияны ийгиликтүү колдонуу үчүн, окуучуларга чыгармачыл жазуу процессине окуучунун же мугалимдин катышуусун же жоопкерчилик даражасын баскычтуу бөлүштүрүүнү камсыздоо маанилүү (4-схеманы караңыз).

Мугалим адегенде окуучуларга текст жана текст менен иштөө стратегиялары жөнүндө негизги маалыматты сунуштайт, андан кийин бул стратегияларды колдонуунун үлгүсүн көрсөтөт. Андан соң окуучулар бул стратегияларды өздөрү колдонушат, бирок муну мугалимдин колдоосу менен аткарышат. Окуучулар практикалап көргөндөн кийин, алар өз алдынча ишке кирише башташат.

**4-схема. Чыгармачыл жазууну өздөштүрүүдө мугалимдердин жана окуучулардын жоопкерчилигинин баскычтык даражасы**

| | |
|---|---|
| | Окуучулардын катышуу даражасы |
| | Мугалимдин катышуу даражасы |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | **Негизги билимди сунуштоо.**<br>Мугалим окуучуларга текст жөнүндө негизги билимди берет («текст, жанр, түр, стиль, тексттин түзүлүшү» жөнүндө түшүнүк), чыгармачыл жазуунун стратегиясын түшүндүрөт. |
| | | | | | | **Стратегияларды түшүндүрөт.**<br>Мугалим чыгармачыл жазуу стратегияларын кантип колдонууну түшүндүрөт жана окуучуларга жаратылган иштердин мисалдары менен тааныштырат. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | **Стратегияларды моделдештирүү.**<br>Мугалим практикада стратегияларды колдонууну, маалыматты графикалык уюштуруучуларга кантип киргизүүнү, план түзүүнү, маалымат издөөнү ж.б. көрсөтөт. |
| | | | | | | **Стратегияларды колдонуунун биргелешкен практикасы.**<br>Окуучулар стратегияларды колдонууну практикалоо үчүн чакан топтордо кызматташышат. Окуучулар стратегияларды колдонуп жаткан учурда, мугалим окуучулар стратегияны туура колдонуп жаткандыгын текшерет, зарыл болгондо жазуу иштерин жазуунун эрте кадамдарына кайрылат. |
| | | | | | | **Стратегиялардын башкарып колдонулушу.**<br>Окуучулар зарылдыгына жараша мугалимдин жардам берүүсү менен стратегияларды колдонушат. Окуучулар иштеп жатышкан учурда, мугалим байкоо жүргүзөт жана эгер керек болсо, аларга жардам берет. |
| | | | | | | **Чыгармачыл жазуу стратегияларын өз алдынча колдонуу.**<br>Окуучулар стратегияны өз алдынча колдонушат. Эгерде мугалим айрым окуучулар кыйынчылыкты башынан өткөрүп жаткандыгын байкаса, анда мугалим аларга биринчи, экинчи же үчүнчү пункттарга кайрылуу менен стратегияны кантип колдонуу керектигин эскертет. |

Ар түрдүү (1-4) класстардын окуучулары алдында чыгармачыл жазууну өнүктүрүүнүн өз милдеттери бар экендигин белгилөө маанилүү. Биринчи класстын башталышында, окуучулар жазуу техникасын өздөштүрүп жаткан учурда, көнүгүүлөрдүн оозеки формалары басымдуулук кылат: аңгемелер, сүрөттөөлөр, маектешүүлөр. Биринчи класстын биринчи жарымынын аягында балдар сөздөрдү жаза башташат, калтырып кеткен тамгаларды коюшат, текстти кошумчалашат. Биринчи класстын экинчи жарымынан тартып окуучулар чакан тексттерди жаза башташат, анын үстүнөн иштөө сабактын бардыгында жүрөт. Кийинки сабакта тексттерди талкуулоо жана редакциялоо жүрөт. Экинчи жана төртүнчү класстарда окуучулар алгач чакан, кыска тексттерди, андан кийин ар түрдүү, көбүрөөк жайылган тексттерди жаратышат жана аларды редакциялоого үйрөнүшөт.

Башталгыч мектептин окуучулары тарабынан чыгармачыл жазуу ишин жаратуунун алгоритми төмөнкүдөй болушу мүмкүн (2-таблицаны караңыз).

**2-таблица. Чыгармачылык жазуу процессинин баскычтары**

| Жазуу процессинин баскычтары | Максаты | Мазмуну |
|---|---|---|
| Даярдык баскычы | Окуучуларды теманы тандоого,<br>тексттин негизги оюн аныктоого,<br>ишти жазуу үчүн керектүү материалдарды чогултууга,<br>план түзүүгө,<br>окуялардын логикалык ырааттуулугун белгилөөгө үйрөтүү. | Жазуу ишинин темасын тандоо;<br>башкы ойду аныктоо;<br>кептин стилин (көркөм, ишкер ж.б.), тексттин түрүн (баяндоо, ой жүгүртүү, сүрөттөө) жана адабий жанрды (аңгеме, жомок, поэма, кичинекей поэтикалык чыгарма ж.б.) аныктоо;<br>тема жана аны ачуу ниетине ылайык материалдарды топтоо жана тандоо;<br>жазуу ишинин планын түзүү. |
| Негизги баскыч | Окуучуларга иштелип чыккан планга ылайык текстте ырааттуу билдирүүлөрдү түзүүгө үйрөтүү.<br>Тексттин түзүлүшү менен иштөө (аталышы, тексттин бөлүктөрү жана алардын ортосундагы байланыштар, кириш сөз жана жыйынтыктоочу сүйлөм, кептин стилине, түрүнө жана жанрына ылайык композициясы).<br>Кеп ишин уюштуруу – сөз байлыгын кеңейтүү жана сүйлөмдөрдү туура куруу. | Иштелип чыккан планга негизделүү менен, иштин чиймелеп жазган вариантын даярдоо, бул жерден жазылган тексттин ылайыктуулугун сактоо:<br>• тандалган темага жана негизги ойго;<br>• ойлорду берүүдө ырааттуулукка жана байланышка;<br>• тексттин түрүнө, кептин стилине, жанрына;<br>• тексттин түзүлүшүнө;<br>• ар кандай конструкцияларды жана лексикалык каражаттарды пайдаланууга. |
| Жыйынтыктоочу баскыч | Окуучуларды өз алдынча текшерүүгө, өз ишин редакциялоого, тексттин байланышын жана толуктугун жакшыртууга, каталар менен кемчиликтерди жоюуга үйрөтүү. | Төмөнкүлөрдү эске алуу менен алгачкы тексттин талдоосун жүргүзүү:<br>• теманы жана негизги ойду ачуу;<br>• баяндоонун логикалдуулугу;<br>• жалпылоонун бар болушу;<br>• автордун ой толгоосунун бар болушу;<br>• тандалган кептик стилге тексттин ылайык келиши. |
| | | Каталарды жоюу |

| Жазуу процессинин баскычтары | Максаты | Мазмуну |
|---|---|---|
| | | • мазмунунда: маанилүү бөлүктөрдү, фактыларды, маалыматтарды калтырып кетүү;<br>• тексттин түзүлүшүндө: кириш сөз, негизги бөлүк, корутунду;<br>• жазуу кебинде: лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, логикалык каталар.<br>Жазуу ишинин чиймелеп жазган вариантын редакциялоо.<br>Жазуу ишинин жыйынтыктоочу вариантын жазуу.<br>Жазуу ишин тааныштыруу.<br>Жазуу ишин баалоо. |

## 2.1. Даярдык баскычы

Окуучулардын чыгармачыл жазуу иштерин жаратуу боюнча даярдык баскычы төмөнкүлөрдү камтыйт: а) окуучулардын бир нерсени айтуу, сүрөттөө, өз оюн далилдөө муктаждыгын чакырган кырдаалды түзүү; б) ишти жаратуу үчүн жеткиликтүү толук кандуу материалдарды топтоо; в) ниетине ылайык тил каражаттарын тандоо.

Даярдык баскычы төмөнкүлөрдү камтыйт: а) теманы жана башкы ойду тандоо; б) стиль боюнча иштөө, адабий жанрды аныктоо; в) керектүү материалдарды топтоо жана тандоо, г) жазуу ишинин планын түзүү[7].

### Теманы жана башкы ойду тандоо

Чыгармачыл жазуу иши окуучулардын алдын-ала тажрыйбасын аныктоо, жаңы теманы өздөштүрүү, алган билимдери үстүндө ой жүгүртүүгө түртүү, окуучулардын кругозорун кеңейтүү үчүн билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү жашоодо кантип колдонсо болорун түшүнүү максатында уюштурулат. Башынан баштап аудиторияны аныктоо маанилүү: бул иш кимге арналат, аны ким окуйт, ал кимге кызыктуу болот жана ал кантип колдонулат. Коюлган окуу милдеттерине ылайык, мугалим даярдык процессинде окуучулар менен бир теманы тандоо жана башкы ойду аныктоо боюнча иш жүргүзөт. Алар сабактын темасы, жаңы окуп-үйрөнгөн түшүнүк менен байланыштуу болушу мүмкүн же окугандарынын же алардын кызыгууларынын негизинде окуучулар өзүлөрү тарабынан тандап алынышы мүмкүн. Мугалим окуучулардан окуп-үйрөнүлгөн сүрөттүн же музыкалык чыгарманын сүрөттөлүшүн, сценарий жаратууну же окуган чыгармага пикир жазуусун сунуш кылышы мүмкүн. Жазуу ишинин темасын жана башкы оюн тандоо үчүн бир нече стратегиялар сунушталат: менталдык карта жаратуу,

[7] Рамзаева Т.Г., Львов М.Р. Методика обучения русскому языку в начальных классах: Учеб. пособие для студентов пед. ин-тов по спец. № 2121 «Педагогика и методика нач. обучения». – М.: Просвещение, 1979. – 431с.

идеялардын генератору, окуя картасы, пландаштыруу картасы жана сюжеттик карточкалар.


**Менталдык карта** (интеллект картасы, эс тутум картасы, ойлордун картасы, акыл картасы)[8] - окуучуга эмне жөнүндө жазууну каалаcard, ушул жерден өз ара байланыштарды жана деталдарды аныктоо менен, анын бүтүн сүрөтүн алууга мүмкүндүк берет. Менталдык картаны түзүүдө идея түшүнүктүү жана так боло баштайт, тексттин келечектеги бөлүктөрүнүн байланышы жакшы ачылат. Менталдык картаны жаратуу үчүн, окуучуларга сүрөт тартууга көбүрөөк орун берүүгө, кагаздын барагын горизонталдуу жайгаштыруу сунушталат. Барактын ортосуна башкы нерсе жазылат жана бөлүп көрсөтүлөт (мисалы, жаңы теманын аталышы). Көп түстүү пастаны пайдалануу менен, окуучулар «башкы идеядан» сызыктарды (бутактарды) тартышат, алардын ар бири негизги теманын каралып жаткан белгилүү бир аспектисинин алдынан бөлүнүп чыгат. Ар бир бутак жазылат. Бутакка ат коюу үчүн, белгилүү түйүндүү сөздү тандоо керек, ал бул бутактын темасына дал келиши керек. Кичинекей бутактар чоң бутактардан бөлүнүп, аталыш үчүн түйүндүү сөздөр тандалып алынат. Теманы ачып берүү үчүн, картаны мүмкүн болушунча деталдаштырса болот. Түйүндүү сөздөр басылган тамгалар менен так жазылат. Менталдык карталар ар кандай сүрөттөр жана символдор менен камсыздалышы мүмкүн. Биринчи класстын окуучулары менталдык карта жаратуу үчүн сүрөттөрдү, экинчи класстын окуучулары сөздөрдү пайдаланса болот, ал эми экинчи жана үчүнчү класстагы окуучулар картага сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү кошо алышат (төмөндөгү мисалдарды караңыз).

**5-схема. Менталдык карта үчүн үлгүнүн мисалы**




8 Толугураак караңыз: Бьюзен Т. и Б. Супермышление. – Минск: ООО «Попурри», 2003. – 304 с.

### 6-схема. Менталдык картанын мисалы




Менталдык картаны түзүүдө, төмөнкү кеңештерди эске алуу керек.


### Тони Бьюзендин карталарды түзүүгө кеңештери[9]

1. Сөздөрдү бутактарга коюу маанилүү. Бутактар «жандуу», ийкемдүү болушу керек.
2. Ар бир сапка бир гана түйүндүү сөз жазыңыз. Ар бир сөздүн миңдеген мүмкүн болгон ассоциациялары бар. Сөздөрдү бөлүп жазуу жаңы идеяларга алып келиши мүмкүн.
3. Сызыктын узундугу сөздүн узундугуна барабар. Бул үнөмдүү жана «таза» дагы.
4. Так жана ачык басма тамгалар менен жазыңыз.
5. Түйүндүү сөздүн маанилүүлүк даражасына жараша тамгалардын көлөмүн жана сызыктардын калыңдыгын өзгөртүп туруңуз.
6. Сүрөттөрдү жана символдорду сөзсүз пайдаланыңыз (борбордук тема үчүн сүрөт милдеттүү). Менталдык карта толугу менен сүрөттөрдөн турушу мүмкүн.
7. Бош орунду калтырбастан жана бутактарды өтө жыш жайгаштырбастан, мейкиндикти уюштурууга аракет кылыңыз.
8. Өсүп кеткен бутактарды жанаша жайгашкан бутактар менен аралашып калбашы үчүн, аларды контурларга салып койсо болот.
9. Баракты жана сөздөрдү горизонталдуу жайгаштырыңыз («альбомдук багыт»). Бул картаны окуу ыңгайлуу.

[9] Бьюзен Т. и Б. Супермышление. – Минск: ООО «Попурри», 2003. – 304 с.

**Идеялардын генератору.** Кээде чыгармачыл жазуунун темасын жана идеясын аныктоо үчүн бир гана сөз же сүрөт талап кылынат. Бул үчүн «идеялар генераторун» - түйүндүү сөздөрдүн тизмесин же бар болгон идеяларды (мисалы, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери, мекен таануу, көркөм өнөр же адеп сабактарында) колдонуу сунушталат, ал төмөнкү конструкцияда жайгаштырылган (7-схеманы караңыз).

**7-схема. «Мекен таануу» предмети боюнча жазуу иштери үчүн идеялардын генератору, 2-класс, «Туулган жердин табияты».**




**Окуянын картасы.** Текстти түзүү үчүн окуя картасын пайдаланса болот, ал өзүнө талаптарды аткаруу керектигин камтыйт: текстте башталышы, окуянын чиелениши, өнүгүүсү, окуянын өнүгүп жеткен чеги (кульминация), окуянын чечилиши жана аягы болушу керек, каймана мааниде бул чокуга чыгуу жана андан түшүү катары элестетсе болот (8-схеманы караңыз).

**8-схема. Окуянын картасы**




Ар кандай ойдон чыгарылган окуя көйгөйдүн айланасында курулат (антпесе, аны карама-каршылык деп айтышат). «Карама-каршылык сюжеттин негизин түзөт. Биз бул сөз менен кандайдыр бир терс нерсени айтканга көнүп калдык, бирок чыгарма өзөктүү элементке муктаж, ал бардык түстөргө ээ болушу мүмкүн» (Готтшал Д. 2020). Ошондуктан, окуучуларга «көйгөй» башкы каарман жолуга турган нерсе экендигин түшүндүрүү маанилүү. Бул кандайдыр бир кыйынчылыктар, кыялдардын орундалышы, окуялар, максатка жетишүү болушу мүмкүн, ал үчүн каарманга кандайдыр бир аракеттерди жумшоого, бир катар тоскоолдуктарды жеңүүгө туура келет.

**Пландаштыруу картасы.** Пландаштыруу картасында окуучуларга иштин максатын, окурмандардын аудиториясын жана картада көрсөтүлгөн суроолорго жоопторду жазуу сунушталат. Жазуу процессинде окуучулар картага кайрылышат жана көздөгөн максаттары менен ишти байкай алышат (9-схеманы караңыз).

**9-схема. Пландаштыруу картасы**

| Пландаштыруу картасы | |
|---|---|
| Аты ________________________________________<br>Мөөнөтү ________________ Класс __________<br>Сабак/Предмет | |
| Менин темам: | |
| Менин максатым: | Мен ким үчүн жазам? Ким менин ишимди окуйт? Ким менин аудиториям болуп эсептелет? |
| Кайсы эң маанилүү маалыматты мен аларга кабарлагым келип жатат? | |
| Менин окурмандарымды кайсы маалымат кызыктырат? | |

### Тексттин түрүн, кептик стилди, адабий жанрды аныктоо

Окуучулар жазуу ишинин темасын жана башкы идеясын аныктагандан кийин, аларга келечектеги тексттин түрүн, стилин жана жанрын тандоо керек («Тексттердин ар түрдүүлүгү» аттуу 1-бөлүмдү караңыз). Чыгармачыл иш бир эле учурда бир нече жанрга таандык болушу мүмкүн. Мисалы, текст илимий фантастика же чакан поэтикалык формадагы жомок болушу мүмкүн. Жанр – бул чек эмес, окуучулардын чыгармачыл ишин жаратуу үчүн баштапкы чекит. Бул жерде ар кандай түрдөгү тексттердин универсалдуу түзүлүшү менен таанышуу (киришүү, негизги идея, корутунду), тил каражаттары (мисалы, кандай сөз түркүмдөрү көбүрөөк колдонулат), сөздүк иштер жүргүзүлөт (түйүндүү сөздөрдү, синонимдерди, антонимдерди, макал-лакаптарды, цитаталарды тандоо).

### Керектүү материалдарды топтоо жана тандоо

Жазуу түрүндөгү ишти жаратуу үчүн керектүү материалдарды топтоо баскычы байкоо жүргүзүү, экскурсия, жөө жүрүш, сейилдөө, сүрөттөрдү, тасмаларды, спектаклдерди көрүү, көркөм адабиятты окууну уюштурууну камтышы мүмкүн. Окуучулар жазуу ишинин темасын ачуу үчүн маалыматтын жетиштүү көлөмү менен таанышышы керек. Мисалы, жапайы жаныбарлар жөнүндө аңгемени жазыш үчүн, анын алдында: а) жапайы жаныбарлар жөнүндө документалдык тасманы көрүү; б) Кыргызстанда жашаган жапайы жаныбарлар жөнүндө эмнени биле тургандыгын ата-энелерден суроо; в) Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын зоологиялык музейине баруу; г) «Кыргызстандын жаныбарлары» энциклопедиясын («Раритет» басмаканасы, 2013-ж.) же «Кыргызстандын жапайы жаратылышы» («Таалим-форум» басма үйү, 2015-ж.) окуу; д) «Кыргызстандын жаратылышы» видеосабагын көрүү. Маалыматты издөө процессинде, иште колдонула турган фактыларды жазып алуу маанилүү.

Искусство жана кол өнөрчүлүк боюнча адис, окутуучу Эмили Ньюбургер «Окуялар топтому. Ойнойбуз, ойлоп табабыз, айтып беребиз» китебинде чыгармачыл ишти жаратуу үчүн шыктандыруу жана топтоочу материалдарды издөө, анын ичинде байкоо жүргүзүү күндөлүгү жана сюжеттик шыбырап айтууларды пайдалануу боюнча сунуштарды берет. Окуучуларды келечекте чыгармачылык үчүн пайдалануу жана эстеп калуу үчүн, бардык эң кызыктуу нерселерди жазуу, курчап турган дүйнөнү таануу үчүн байкоо жүргүзүү күндөлүктөрүн жазуу сунушталат. Күндөлүктөрдө окуучулар экскурсия, сейилдөө учурунда же мектептеги күн ичинде кызыктуу көрүнгөн бир нерселерди жаза алышат. Өзүнө чектөө-көрсөтмөсүн берүү маанилүү, мисалы, кызыгууну туудурган же табышмактуу сезилген беш кандайдыр бир нерсе. Күндөлүктөргө алардын маанисин билгиси келген жаңы сөздөрдү кошсо болот, жаңы тема жөнүндө өз таасирин жазса болот. Кийинчерээк бул жазуулар шыктануунун жакшы булагы катары кызмат кылат. Ойлоп тапкан жана айтып берген бардык окуя кичинекей адамга өзүн түшүнүүгө, айланадагы дүйнөнү түшүнүүгө жана анда жашоону үйрөнүүгө жардам берет. Сюжеттик «шыбырап айтууларды» пайдалануу башкы теманы же идеяны издөөнү жеңилдетет: ой башталгыч чекит издөөдө ордунан жылбай айланып турат, бул учурда сюжеттик идеялар-«шыбырап айтуулар» эмнеден баштоого түрткү берет.

Сюжеттик «шыбырап айтуулар» кол өнөрчүлүктөн жаралат; оюн тапшырмасынан; окуучулар окуп-үйрөнгөн сөздөр менен (мисалы, зат атооч же этиш менен) карточкаларындагы тапшырмадан же сөздүк сөздөрдөн; күлкүлүү каармандарды,

буюмдарды жана аракеттенген ордун сүрөттөө менен сюжеттик дисктер менен көнүгүүлөрдөн; журналдардан кесилген иллюстрациялардан; ар кандай буюмдар же сүрөттөр жайгаштырылган «окуялар баштыгын» пайдалануу менен, окуучулар өз окуясынын сюжетин түзүүнү тандап алышат (Ньюбургер Э., 2016).


Ишти жазууда пайдалана турган сөздөрдү жана сөз айкаштарын тандоо үчүн бир нече көнүгүүлөрдү колдонуу сунушталат (Бенке, 2018):

- түйүндүү сөздөрдүн же терминдердин маанилерин аныктоо;
- сөздөрдү «жуп сөз» принциби боюнча тандоо («зат атооч + сын атооч» же «зат атооч + этиш» тандалат, алар ниет же тема боюнча бири-бирине айкалышат), «дос керек болгон сөздөр» (рифмалашкан же эгер текст юмордук мүнөзгө ээ болсо, «күлкүлүү жупту» түзүшөт);
- салыштырууларды жана метафораларды издөө, аларды колдонуу оозеки жана жазуу кебин кызыктуураак кылат, мисалы: «Бир тууганымдын чачы ал ойгонгон учурда кактустун ийнелери сыяктуу тарбаят», «Менин тиштерим ак дубал сымал, анын артында кызгылт ит отурат», «Менин сиңдимдин көзү - бул чоң көк көл» (Бенке, 2018);
- «беш сезимди: жыт, даам, тийүү, тыбыш, кепти чагылдырган сөздөрдү тандоо. Мисалы: жыт - таттуу, жыпар жыттуу, эски, сасык, ачуу, жыпар жыт; даам - жаңы, ачуу, кычкыл, майлуу, ачуу; тийүү - көңдөй, орой, серпилгич, жабышчаак, мамык, тайгалак; тыбыш - үшкүрүнүү, шыңгыроо, ызы-чуу, күркүрөө, унчукпоо; кеп - күңкүлдөө, кыткылыктоо, кыйкыруу, зирпилдөө, күркүрөө;
- табияттын, жаныбарлардын жана канаттуулардын тыбыштарын тууроо үчүн сүрөттөлгөн кубулуштардын үнүн чагылдырууга жөндөмдүү үн айкалыштарын камтыган сөздөрдү издөө; фразеологизмдерди тандоо, аларды пайдалануу окуучулардын жазуу ишин байытат.

## Жазуу ишинин планын түзүү

Жазуу ишинин планын түзүүдө окуучулар тексттин негизги компоненттери менен таанышышат: тема, негизги идея, бөлүктөргө бөлүнүү, байланыштуулук, композициялык бүтүндүк жана стилистикалык биримдик. Бул маалыматты мугалим тарабынан ыңгайлуураак өздөштүрүү үчүн мисалдар келтирилет же маалымат графикалык түрдө түзүлөт. Моделдештирүү (үлгү көрсөтүү) катары мугалим тарабынан тааныш текстте микротемалар, түйүндүү сөздөр жана сөз айкаштары бөлүп көрсөтүлөт, тексттин жөнөкөй планы түзүлөт. Төмөндө айрым тексттердин планын түзүү үчүн графикалык уюштуруучулардын варианттары келтирилген (10-12-схемаларды караңыз).


**10-схема. Сүрөттөө текстинин планы**




11-схема. Баяндоо текстинин планы

| | |
|---|---|
| Окуучунун (окуучулардын) аты | |
| Аталыш | |
| Чыгарманын башкы каарманы | Аракеттенүү орду жана убактысы |
| КӨЙГӨЙ | |
| БАШТАЛЫШЫ | |
| ОРТОСУ | |
| АЯГЫ | |

**12-схема. Ой жүгүртүү текстинин планы**





## 2.2. Негизги баскыч

Бул баскычта окуучулар көңүлүн өз ойлорун жана маалыматтарын чиймелеп жазууга топтошот. Окуучулар акыркы натыйжаны жаратпай тургандыгын түшүнүшү керек, ошондуктан орфография жана тыныш белгилерин карманууу маанилүү, бирок алар чиймелеп жазууда көңүлдүн борборунда болуп эсептелбейт. Окуучулар өз ойлорун так билдирген сөздөргө жана сүйлөмдөргө көңүлдөрүн топтошу керек. Тексттин түрлөрү ылайыктуу түзүлүшү боюнча курулушу керек. Төмөндө окуучулар колдоно турган түзүлүштөрдүн мисалдары келтирилген (13-14-схемаларды, 3-таблицаны караңыз).

**13-схема. Ой жүгүртүү-тексттинин түзүлүшү**

| | |
|---|---|
| Тексттин аталышы | |
| Киришүү | |
| Тастыктоо | |
| Бул ойду далилдөө (же жокко чыгаруу), башкача айтканда, мисалдар менен коштолгон далилдер | |
| Корутунду жана жыйынтык | |




### 14-схема. Сүрөттөө-тексттинин түзүлүшү

| | |
|---|---|
| Тексттин аталышы. | |
| Сүрөттөө предмети (адам, жаныбар, орун, предмет, чөйрөнүн же адамдын абалы) | |
| Белгилерин, касиеттерин жана сапаттарын санoo |  |
| Сүрөттөлгөн теманын же кырдаалдын автор үчүн мааниси жана ролу (баа берүү) | |

### 3-таблица. Баяндоо-тексттинин түзүлүшү

| | |
|---|---|
| Тексттин аталышы | |
| Киришүү | Айтып бериле турган окуянын орду, убактысы жөнүндө кабарланат каармандар тааныштырылат. |
| Негизги бөлүк | Аракеттин өнүгүүсү: башталышы (окуя башталган учур), аракеттин өнүгүүсү, окуянын жеткен чеги, туу чокусу |

| | |
|---|---|
| | (окуялардын эң жогорку интенсивдүүлүгү), чечилиши (окуялардын өнүгүүсүнүн аягы). |
| Корутунду | Окуянын жыйынтыгы, окуя башкы каарманга кантип таасир этти? |

Чиймелеп жазуунун үстүнөн иштөө аяктагандан кийин, окуучулар өз ишин текшеришет жана аны редакциялашат. Бул үчүн төмөнкү өзүнө өзү баа берүү чен-өлчөмдөрүн пайдаланса болот:

- Теманы ачуу: мазмуну чындыкка ылайык келеби.
- План, композиция, ырааттуулук: план туура түзүлгөнбү, материалды сунуштоо тартиби планга дал келеби, башкы ой так чагылдырылганбы, корутундулар барбы.
- Тексттин түрү, жанр, стиль: тандалган түргө, жанрга жана баяндоо стилине дал келеби.
- Иш көлөмү: сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн саны.
- Лексика: анын туура колдонулушу, анын ар түрдүүлүгү, синонимдердин, антонимдердин, фразеологизмдердин пайдаланышы.
- Синтаксис: сүйлөмдөрдүн көлөмү, синтаксистик түзүлүштөрдүн ар түрдүүлүгү.
- Орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук.

Жазылган иштин чен-өлчөмдөрүнө ылайык келишин аныктоо жана өз ишин жакшыртуу үчүн окуучулар өз чиймелеп жазууларын мугалимдерге же башка окуучуларга көрсөтүшөт, алар чиймелеп жазууларды карап чыгып, авторлорго конкреттүү жана позитивдүү пикирлерин беришет жана иштин жазылган вариантын жакшыртуу жолдорун сунушташат. Мугалимдер окуучуларга тааныштырган чиймелеп жазуусун баалоого жардам бере турган текшерүү суроолорунун катарын сунушташы мүмкүн:

- Бул тексттеги үч жакшы учурду атагыла?
- Текстте маалымат жеткиликтүүбү?
- Текстте ашыкча маалыматтар жокпу?
- Тексттин түзүлүшү жакшы уюштурулганбы?

Иштин чиймелеп жазуу вариантына алдын-ала баа берүү үчүн төмөндө текшерүү суроолордун тизмесинин бир нече варианттары сунушталат. Алар окуучулардын өзүн-өзү баа берүүсү үчүн да жана классташтарынын ишин баа берүү үчүн да пайдаланышы мүмкүн (4-7-таблицаны караңыз).

**4-таблица. Сүрөттөө-тексттине баа берүү үчүн суроолордун текшерүү баракчасы**

Автордун аты:______________________________Мөөнөтү:_________________

Класс________Предмет___

Баа берүүчүнүн аты:__________________________________________________

| Автор… | Жакшы | Жакшыртуу зарыл |
|---|---|---|
| …баяндалган тема жөнүндө канчалык жакшы айтып берген? | | |
| …ал кандай көрүнгөнү жөнүндө канчалык жакшы айтып берген? | | |
| …тыбыштарды канчалык жакшы баяндаган (кыймылдар, үндөр, кубулуштар ж.б.)? | | |
| …өзүнүн сезимдери жөнүндө канчалык жакшы айтып берген? | | |
| …кандай жыттанары жөнүндө канчалык жакшы айтып берген? | | |
| …жазуу ишинин түзүлүшүн канчалык жакшы уюштурган? | | |
| Иште Сизге жаккан бир нерсени атагыла. | | |
| Сизге жаккан үч сүрөттөмө сөздү атагыла. | | |
| Автор өзүнүн жазуу ишин кантип жакшыртарын айтып бергиле. | | |
| Айткылачы, жазылган нерсени түшүнүү жеңилби? | | |
| Сизге түшүнүксүз болгон жерлерге «?» белгисин койгула. | | |
| Автор кошумча маалыматты кошуу керек болгон жерлерге «V» белгисин койгула. | | |
| Сөздүктөгү кайсы үч сөздү автор камтыган? Бул пункту, эгер мугалим сөздүктөгү сөздөрдүн тизмесин берсе, пайдалангыла, аны окуучулар өзүнүн жазуу ишине камтышы керек. | | |

**5-таблица. Баяндоо текстине баа берүү үчүн суроолордун текшерүү баракчасы**

Автордун аты: ______________________________ Мөөнөтү: _______

Класс_____________Предмет________

Баа берүүчүнүн аты: ______________________

| Автор… | Жакшы | Жакшыртуу зарыл |
|---|---|---|
| …башкы каарманды канчалык жакшы баяндаган (башкы каарман кандай экендиги жөнүндө айтып берген)? | | |
| …бул окуя кайсы жерде болуп өткөн жер жөнүндө канчалык жакшы баяндаган? | | |
| … бул окуя качан болуп өткөнүн канчалык жакшы баяндаган? | | |
| …башкы каарман эмнени каалаганын канчалык жакшы айтып берген? | | |
| …башкы каарман муну аткарууга аракет кылган учурда эмне боло турганын канчалык жакшы айтып берген? | | |
| ..бул көйгөй кантип чечилгенин канчалык жакшы айтып берген? | | |
| …бул окуя кандай аяктагындыгы жөнүндө канчалык жакшы айтып берген? | | |
| Иште Сизге жаккан бир нерсени атагыла. | | |

| |
|---|
| Сизге жаккан үч сүрөттөмө сөздү атагыла. |
| Сизге түшүнүксүз болгон жерлерге «?» белгисин койгула. |
| Автор кошумча маалыматты кошуу керек болгон жерлерге «V» белгисин койгула. |
| Автор өзүнүн жазуу ишин кантип жакшыртарын айтып бергиле. |
| Сөздүктөгү кайсы үч сөздү автор камтыган? Бул пункту, эгер мугалим сөздүктөгү сөздөрдүн тизмесин берсе, пайдалангыла, аны окуучулар өзүнүн жазуу ишине камтышы керек. |

### 6-таблица. Ой жүгүртүү текстине баа берүү үчүн суроолордун текшерүү баракчасы

Автордун аты: ______________________________Мөөнөтү: _______
Класс_____________Предмет________
Баа берүүчүнүн аты:_________________________________________

| Автор… | Жакшы | Жакшыртуу зарыл |
|---|---|---|
| …биринчи суроону канчалык жакшы жазган? | | |
| …өзүнүн оюн колдоого жок дегенде үч далилди канчалык жакшы келтирген? | | |
| … канчалык жакшы кошумча далилдерди уюштурган? | | |
| …биринчи суроо менен макул болбош үчүн жок дегенде үч себепти канчалык жакшы атаган? | | |
| …макул эместигине далилдерди канчалык жакшы тапкан? | | |
| …ишти канчалык жакшы орчундуу далил же корутунду менен аяктаган? | | |

| |
|---|
| Иште Сизге жаккан бир нерсени атагыла. |
| Сизге түшүнүксүз болгон жерлерге «?» белгисин койгула. |
| Автор кошумча маалыматты кошуу керек болгон жерлерге «V» белгисин койгула. |
| Автор өзүнүн жазуу ишин кантип жакшыртарын айтып бергиле. |
| Айткылачы, жазылган нерсени түшүнүү жеңилби? |
| *Сөздүктөгү кайсы үч сөздү автор камтыган? Бул пункту, эгер мугалим сөздүктөгү сөздөрдүн тизмесин берсе, пайдалангыла, аны окуучулар өзүнүн жазуу ишине камтышы керек. |

### 7-таблица. Жазуу ишинин бардык түрүнө баа берүү үчүн суроолордун текшерүү баракчасы

Автордун аты: ______________________________Мөөнөтү: __________
Класс_________
Баа берүүчүнүн аты: _______________________________________________

| |
|---|
| Сиздин жазуу ишиңиздин максаты:_______________________________________________<br>Сиз өзүңүздүн максатыңызды тагыраак белгилей аласыз, эгер Сиз…<br>__________________________________________________________________<br>Сиздин жазуу ишиңизде мага бир нерсе жакты:<br>__________________________________________________________________ |

Мага абдан жаккан
сүйлөм:________________________________________________________
Мага бул сүйлөм жагат, анткени…
________________________________________________________
Сиз дил баяныңызды жакшырта ала турган бир ыкма:
________________________________________________________
Сиз дил баяныңызды жакшыраак уюштура ала турган бир ыкма:
________________________________________________________
Мен кандайдыр бир нерселер мага түшүнүксүз болгон жерлерге «?» белгисин койдум.
Сиз кошумча маалыматты кошуу керек болгон жерлерге «V» белгисин койдум.
Сиз өзүңүздүн жазуу ишиңизде пайдаланган жаңы сөздөр:
________________________________________________________

## 2.3. Жыйынтыктоочу баскыч

Жыйынтыктоочу баскычта окуучулар өз иштерин кайрадан карап чыгышат, ошону менен аяктоого жакындашат. Кайтарым байланыштын негизинде чиймелеп жазуу менен таанышкандан кийин жана баа берүүнүн натыйжаларына ылайык, окуучулар өз жазуу ишине өзгөртүүлөрдү киргизишет. Алар максатты же маалыматты такташат, маалыматты кошушат, тексттин түзүлүшүн кайра карап чыгышат, сөздөрдүн тандалышынын жана сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнүн үстүнөн иштешет, зарыл болгондо сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү кошушат, алмаштырышат же алып салышат. Окуучулар жаңы маалыматтарды келтире алышат же барак четтерине өзгөртүүлөрдү киргизип, жазуу түрүндө бул маалыматты каякка киргизүү керектигин көрсөтүү үчүн жебелерди тарта алышат. Окуучулар бүт ишти кайра жазуунун кажети жок экендигин түшүнүшкөн учурда, алар өз жазуу ишине өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн ачыгыраак болушат (Strickland жана авторлоштор, 2002, Б. 190).

Бул баскычта, окуучулар өзүлөрүнүн жазуу жүзүндөгү ишин текшере алышат же бири-биринин жазуу ишин текшерүү үчүн жуп болуп иштей алышат. Азыр окуучулар тексттин орфографиялык, грамматикалык жана тыныш белгилерин текшере турган мезгил келди. Окуучуларга жардам берүү үчүн мугалим редакциялоого текшерүү тизмесин түзө алат (8-таблицаны караңыз).

### 8-таблица. Редакциялоо үчүн текшерүү суроолор баракчасы

| Төмөнкүлөрдү текшерүү: | Мен керектүү ондоолорду киргиздим. |
|---|---|
| Ар бир сүйлөм баш тамга менен башталат. | |
| Энчилүү аттар баш тамга менен башталат. | |
| Ар бир сүйлөмдүн аягында чекит коюлат. | |
| Тизмедеги сөздөрдү бөлүү үчүн үтүр колдонулат. | |
| Ар бир сөз туура жазылган. | |
| **Окуучулар жакынкы убакытта өздөштүргөн сабактарын сүйлөмдүн түзүлүшүндө, грамматикада жана пунктуацияда текшерип турушу үчүн мугалимдер саптарды кошо алышат.* | |

Мугалим окуучулардан грамматика же пунктуация боюнча акыркы сабакта эмне окуп-үйрөнгөндөрүнө ылгап көңүл топтошун суранышы мүмкүн. Орфография, грамматика же пунктуация кыйынчылыкты туудурган окуучулар үчүн мугалимдер үч же төрт гана нерсени камтыган редакциялоо үчүн текшерүү суроолордун тизмесин сунушташы мүмкүн. Булар окуучу өзүнө өзү баа берүү жана текстти жакшыртуу үчүн жеңил колдоно турган жөнөкөйүрөөк элементтер (Strickland жана авторлоштор, 2002, Б. 193).

Жыйынтыгында, окуучулар өз жазуу иштерин мугалимге, класска же кеңири аудиторияга тааныштырышат («жарыялашат»). Ар бир окуучу-автордун жетишкендиктерин белгилөө маанилүү. Мугалимдер окуучулардан өз жазуу иштерин ар кандай жолдор менен сунушташы мүмкүн.

- Окуучулар класска жазгандарын окуй алышат.
- Мугалимдер «күндүн авторун» көрсөтүшү мүмкүн жана бир окуучуну (эркек бала/кыз) жазганын окушу үчүн тандашат.
- Класста «Ардак такта» уюштурулушу мүмкүн, ал жерде окуучулар өзүлөрүнүн ишин толук же андан үзүндүлөрүн жайгаштырышат.
- Мектепте «Авторлордун галереясын» уюштурса болот, ал үчүн окуучулар эмне менен бөлүшкүсү келген нерселерди өзүлөрү тандашат. Өз жазуу ишин көрсөтүүдөн мурун, окуучулар аны кооздоп же иллюстрациялай алышат.
- Окуучулар параллелдүү класстардын же бүтүндөй мектептин окуучулары үчүн биргелешип гезит чыгара алышат. Алар, адегенде гезит макалаларынын ар кандай түрлөрүнүн максаттарын түшүнүшүп жана алар киргизгиси келген макалалардын түрлөрүн пландаштырышы керек. Алар ар бир макала үчүн авторлорду аныкташат.
- Окуучулар класстагы жазма иштеринин жыйнагын жарыялай алышат, ал үчүн жалпы жыйнакка киргизүү үчүн мыкты иштерди тандашат. Китеп мектеп китепканасына белекке берилсе болот же класстын «Окуу бурчун» толтурса болот.

Мугалимдин алдында турган карама-каршылыктардын бири, орфография, грамматика жана пунктуациядан кыйналган окуучулардын иштерин, алардын каталарын жалпы кароого ачыкка чыгарып, уялтпаш үчүн алардын ишин кантип басып чыгаруу керек. Ошол эле учурда, бардык авторлорду белгилөө маанилүү. Бул карама-каршылыкты жоюунун жолу – бул окуучу (эркек бала/кыз) текстти редакциялагандан жана текстти жакшыртууга жардам бергенден кийин, окуучу менен жеке маектешүүнү өткөрүү. Эмне үчүн бул өзгөрүүлөр ишти жарыялоого даярдоо үчүн керек экендигин чыдамдуулук менен түшүндүрүп берип, окуучунун көзүнчө мугалим каталарды оңдойт. Бул учурда мугалим окутуу менен алектенбейт. окуучулар өз иштерин жарыялай алышы үчүн, жазуу ишин тазалоо үчүн гана бул сүйлөшүү (Strickland жана авторлоштор, 2002, Б. 195-196) керек.

Жазуу процесси сызыктуу же кадам боюнча болуп көрүнгөнүнө карабастан, чындыгында андай эмес. Текстти жаратуу – бул бардык кадамдар белгилүү алдын-ала белгиленген тартип боюнча аткарылган учурда, даяр рецепт боюнча жүрбөйт. Жазуу процесси ийкемдүү жана үзгүлтүксүз болуп эсептелет. Окуучулар түрмөктүк түрдө, кээде артка кайрылуу же алдыга чуркоо менен жазуунун бир баскычынан экинчи баскычына өтүшөт. Окуучулар адегенде алар эмне жөнүндө жазууну каалашканын пландаштырышат, өз аудиториясын аныкташат жана өз жазуу ишин кантип уюштурууну ойлонушат, андан соң чиймелеп жазуунун үстүнөн иштешет. Бирок

чиймелеп жазуунун үстүнөн иштеп жаткан учурда, пландаштыруу баскычына кайтып барып, өз ишинде айткысы келген нерселери жөнүндө ой-пикирин өзгөртүшү мүмкүн. Жазуу ишине өзүнө өзү баа берүүнү өткөргөндөн кийин, алар көбүрөөк маалымат кошууну же жазылган текстти кайра түзүүнү жана көбүрөөк маалымат чогултуу үчүн кайрадан пландаштыруу баскычына кайтып келүүнү чечиши мүмкүн. Окуучулар бир нече чиймелеп жазууну даярдашат. Башкача айтканда, текстти жаратуу – бул кадам боюнча ырааттуу процесс экендигине карабастан, окуучулар өз жазуу ишин жакшыртуу үчүн көбүнчө жазуу процессинин ар бир баскычын кайрадан карап чыгышат. Мугалимдер окуучуларга бул процессте ийкемдүү болууга жардам берүүсү маанилүү.

## Кыскача пикир

Чыгармачыл жазуу процесси үч баскычтан турат: даярдоо, негизги жана жыйынтыктоочу. Адегенде, окуучулар теманы жана өз ишинин негизги идеясын тандашат, аны түзө турган түрүн, стилин жана жанрын аныкташат. Теманы ачып берүү үчүн, алар үчүн ылайыктуу материал издеп, сөздүк жана көргөзмө-экспрессивдүү каражаттарды тандап, жазуу ишинин планын түзүшөт. Графикалык уюштуруучулар менен иштөө бул тапшырманы аткарууга жардам берет. Даярдык баскычынан кийин окуучулар иштелип чыккан планга таянуу менен, тексттин чиймелөө жазуусун даярдай башташат. Чиймелеп жазуу мугалимге же классташтарына баа берүү үчүн сунушталат, анын жыйынтыгында окуучулар өз ишин оңдоп, өзгөртүп же толуктап, каталарын оңдой башташат. Окуучулар жазуу ишинин акыркы вариантын классташтарына окуй алышат, окуучулардын иштеринин жалпы жыйнагына киргизе алышат, авторлордун дубалын жаратуу үчүн пайдаланышат ж.б.

Чыгармачыл жазуу ишинин үстүнөн иштөөдө мугалимдердин катышуусунун үлүшү акырындык менен төмөндөшүн жана окуучулардын өз алдынчалуулугунун жогорулашын эске алуу керек: адегенде мугалим базалык билимдерди сунуштайт, чыгармачыл жазуу стратегиялары кантип колдонулгандыгын түшүндүрөт, андан кийин ар кандай тексттер кандайча түзүлгөнүн практикада көрсөтөт. Окуучулар мугалимдер менен биргеликте стратегияларды колдонууну практикалашат жана өзүлөрүн ишенимдүү сезе баштаганда, өз алдынча иштөөгө өтүшөт. Биринчи, экинчи, үчүнчү жана төртүнчү класстардын окуучулары тарабынан жазуу жана окуу көндүмдөрүн өздөштүрүүнүн ар түрдүү деңгээлдери көңүлгө алынышы керек. Стандарттарга жана компетенттүүлүктөрдүн тизмесине ылайык, окуучуларга тапшырмалардын татаалдыгынын белгилүү деңгээли сунушталат.

# 3-БӨЛҮМ. АР ТҮРДҮҮ ПРЕДМЕТТЕРДИ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮДӨ ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУНУ ПАЙДАЛАНУУ

### Багыттоочу суроолор

- Математика сабагында чыгармачыл жазууну кантип колдонсо болот?
- Мекен таануу, адеп жана турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабактарында чыгармачыл жазууну кантип колдонсо болот?
- Көркөм өнөр жана музыка сабактарында чыгармачыл жазууну кантип колдонсо болот?

*Окуучулар окуу материалын жазуу түрүндө түзүшсө, аны эки эсе көп эстеп калышат. Ушул артыкчылыктарды эске алуу менен, мугалимдер окуучулардын жазуу кебин жана сабаттуулукту жакшыртуу үчүн гана эмес, ой жүгүртүүсүнүн сапатын жогорулатуу үчүн дагы бардык жазуу мүмкүнчүлүгүн пайдаланышы керек.*

*Дуг Лемов. Мугалимдин чеберчилиги.*
*Атактуу окутуучулардын текшерилген методикалары.*

Чыгармачыл жазуу «тилдик» предметтер менен гана чектелбестен башталгыч мектепте бардык предметтерди окуп-үйрөнүүнүн ажырагыс бөлүгү болушу керек, анткени ал окуучуларда бийик деңгээлдеги ой жүгүртүүнү өнүктүрөт, анткени жазуу процесси маалымат чогултууну, системалаштырууну жана аны түшүнүүнү, ошондой эле өз пикирин айтууну талап кылат.

Окуучулар сабакта окугандары же билгендери жөнүндө жазган учурда, алар өз түшүнүүсүн орчундуу жакшыртышат (Graham & Hebert, 2010). Shanahan (2016) окуучулардын төрт тобун салыштырган: а) текстти окуган окуучулар, б) текстти окуган, кайра окуган окуучулар, в) текстти окуган жана талкуулаган окуучулар, д) окуган текст жөнүндө жазган окуучулар. Ал «окуган текст жөнүндө жазуу жөн гана текстти окуганга, …текстти окуп жана кайра окуганга, …[же] текстти окуп, талкуулоого караганда жакшыраак экендиги талашсыз» – деген жыйынтыкка келген. Окуучулар окугандары боюнча эскертүүлөрдү жазган учурда, алар мазмун жөнүндө тереңирээк ой жүгүртүшөт. Чыгармачыл жазуу окуучуларда жогорку тартиптеги ой жүгүртүүнү өнүктүрөт, анткени жазуу процесси маалыматты чогултууну, аны системалаштырууну жана андап-түшүнүүнү, ошондой эле өз оюн билдирүү билгичтигин талап кылат.

Бул бөлүмдө башталгыч мектепте математика, мекен таануу, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери, көркөм өнөр жана музыка сабактарына чыгармачыл жазууну киргизүүнүн жолдору сунушталат.

## 3.1. Математика сабагында чыгармачыл жазуу

Чыгармачыл жазууну математика сабагына киргизүү татаал маселе болуп эсептелет, бирок окуучуларга билимдерин системалаштырууга, жазуу аркылуу алар окуп-үйрөнүп жаткан математика жөнүндө өз түшүнүгүн бекемдөөгө, кеңейтүүгө жана изилдөөгө мүмкүндүк берет. Чыгармачыл жазуу окуучуларга математикалык идеяларды берүүгө, чечмелөөгө жана талдоого жардам берет. Математика боюнча чыгармачыл жазуу

иштерин жаратуу окуучуларга математиканы окуп-үйрөнүүгө тартат жана окуучулардын математикага болгон чоң кызыгуусун арттырат (IDRA, 2003). Төмөндө математика сабагында колдоно турган бир катар чыгармачыл жазуу стратегиялары келтирилген.

Окуучулар ар кандай объектилерди (предметтер, предметтер тобун) эсептөөгө үйрөнүшү үчүн жана көрсөтүлгөн эсептөө тартибинде тигил же бул предметтин иреттик номурун аныктоо үчүн окуучуларга төмөнкүлөрдү сунуштаса болот: а) алардын катар номерлерин көрсөтүү менен белгилүү бир сандагы каармандар, окуялар же буюмдар менен жомокту ойлоп табуу; б) ар бир сүйлөмдөгү сөздөрдүн конкреттүү саны менен аңгеме түзүү (мисалы, биринчи сүйлөм бир сөздөн турушу керек, экинчиси - эки, үчүнчүсү – үч сүйлөмдөн жана башка); в) өлчөө бирдиктерин (миллиметр, сантиметр, дециметр, метр) жана алардын катышын көрсөткөн окуяларды ойлоп табуу.

Тексттик маселелер менен иштөөдө окуучуларга маселенин тексттин кыска поэтикалык ыр формасына айлантууну же анын негизинде комикс түзүүнү сунуштаса болот. Мындай иш маселенин шартын турмуштук кырдаалда чагылдырууга мүмкүндүк берет, бул маселенин шарттарын тереңирээк түшүнүүгө жана аны чечүүнүн каражаттары менен методдорун издөөгө өбөлгө түзөт. Геометриялык фигураларды (чекит, сызык, түз, кесилиш, нур, сынган сызык, көп бурчтук, тегерек) таануу билгичтигин өнүктүрүү үчүн, окуучуларга сүрөттөө-тексттин ойлоп табууну сунуштаса болот, анда фигураларга ар түрдүү мүнөздөмөлөр берилет. Сандык катар түшүнүгүн окуп-үйрөнүү үчүн окуучулар окуялар биринин артынан бири ырааттуу жайгашкан аңгеме түзө алышат, ал эми ой жүгүртүү-текстти окуучуларга маселе кантип жана эмне үчүн түшүндүрүлгөнүн жана аны чечүү методу кантип табылганын жазуу түрүндө сунуштоого мүмкүндүк берет.

## 3.2. Мекен таануу, адеп, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабактарында чыгармачыл жазуу

«Мекен таануу», «Адеп», «Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери» ж.б. предметтери боюнча маалыматтардын кенен көлөмүн тереңирээк өздөштүрүү максатында жазуу иштеринин ар түрдүү түрлөрүн пайдалануу сунушталат, алар окуучуларга бар болгон билимдерди жана жаңы маалыматтарды байланыштырууга, аларды түшүнүүгө жана турмуштук кырдаалдын призмасы аркылуу кароого мүмкүндүк берет. Мугалим бул ишмердүүлүктүн формасын калыптандыруучу баалоо максатында пайдалана алат. Бул үчүн бир нече стратегиялар сунушталат.

**Синквейн.** XX кылымдын башында синквейндин формасын америкалык акын Аделаида Крэпси (Adelaide Crapsey, 1878–1914), иштеп чыккан, ал жапондук хайку жана танка миниатюраларына таянган. Синквейндер анын 1914-жылы жана өлгөндөн кийинки бир нече жолу кайрадан басылып чыккан ырлар жыйнагына киргизилген. Аделаида Крэпси беш саптан турган кыска поэтикалык чыгарманын жаңы формасын – синквейнди иштеп чыккан. Андан бери бир топ убакыт өттү жана бүгүн синквейндин көптөгөн түрлөрү пайда болду, алар менен Cinquain.ru. сайтына шилтеме боюнча өтүү менен таанышса болот[10].

Педагогикада синквейн методикалык ыкма катары колдонулат, бул беш саптан турган, окуп-үйрөнгөн окуу материалынын жыйынтыгын чыгарган, кыскача пикир камтылган,

[10] Сайт Bilimbulagy. Мировая литература: Я писатель//URL: https://www.bb.edu.gov.kg/index.php

кыскача поэтикалык чыгарманы жаратуу. Бул ыкма окуп-үйрөнүп жаткан темадан эң орчундуу элементтерин бөлүп көрсөтүүгө, аларды талдоого, тыянак чыгарууга жана кыскача поэтикалык ыр жазуунун форматына негизделип, аларды кыскача формулировкалоого мүмкүндүк берет. Синквейнди жазуу эрежелери:

- **биринчи сап** – бул анын темасы, ал бир сөз менен жана сөзсүз түрдө зат атооч же сөз айкашы менен берилиши керек;
- **экинчи сап** – негизги теманы ачкан, аны сүрөттөгөн эки сөздөн турат, бул сын атооч болушу керек;
- **үчүнчү сап** – темага тиешелүү аракеттерди билдирген үч этиш;
- **төртүнчү сап** – төрт сөздөн турган фраза, анын жардамы менен окуучу темага болгон мамилесин билдирет. Бул учурда, бул окуучу өз алдынча түзгөн сүйлөм дагы, же ачылып жаткан теманын контекстинде сөзсүз түрдө учкул сөздөр, макал-лакап, цитата, афоризм дагы болушу мүмкүн;
- **бешинчи сап** – теманын синоними, кандайдыр бир жыйынтыкты, кыскача пикирди билдирген сөз.

**Пирамида окуясы.** Бул ыкма окуучулар жаңы түшүнүктү же концепцияны окуп-үйрөнгөн учурда жана сабакта иштин жыйынтыгын чыгаруунун, кыскача пикир айтуунун зарылдыгы пайда болгондо колдонулат. Окуучуларга пирамида форматы боюнча текстти ойлоп табуу сунушталынат, анын ар бир тепкичтин номуруна ылайык окуп-үйрөнгөн тема боюнча сөздөрдүн саны берилет, сөздөрдөн сүйлөм түзүлүшү керек (15-схеманы караңыз).

**15-схема. ПИРАМИДА ОКУЯСЫ**



**1. Сиздин окуяңыздын каарманынын аты (каарман адам, жаныбар, жашылча, жансыз буюм болушу мүмкүн).**

**2. Каарманды сүрөттөгөн эки сөз (сырткы келбети, курагы, мүнөзүнүн сапаты, сапаттар).**

**3. Аракеттенген ордун сүрөттөгөн үч сөз (өлкө, жер, коомдук жерлер ж.б.)**

**4. Окуянын көйгөйүн сүрөттөгөн төрт сөз (акча, адашуу, жолугушуу, сүйүү…).**

**5. Биринчи окуяны сүрөттөгөн беш сөз (окуядагы көйгөйдүн себеби болуп эмне болду?).**

**6. Экинчи окуяны сүрөттөгөн алты сөз (сюжеттин жүрүшүндө каарман жана анын айланасындагы адамдар менен кандай окуялар болуп өтөт).**

**7. Үчүнчү окуяны сүрөттөгөн жети сөз (көйгөйдү чечүү үчүн эмне жасалды).**

**8. Көйгөйдүн чечилишин сүрөттөгөн сегиз сөз.**

**Жалпылоо.** Бул окуучунун уккан, көргөн же окуган (бул кино, китеп, пьеса, узун поэтикалык чыгарма ж.б. болушу мүмкүн) нерселеринин кыска, кыскартылган айтып

берүүсү. Анын максаты окуп-үйрөнүп жаткан материалга ылайык деталдарды жана негизги идеяны жеткирүү. Жалпылоону жазуу үчүн төмөнкү «шыбырап айтуу» суроолорун колдонуу сунушталат: «Окуянын каармандары ким?», «Эмне деген окуя болду?», «Окуялар кайсы жерде болду?», «Бул качан болгон?», «Эмне үчүн?» «Эмнеге?». Бул суроолорго жооп берген окуучулар 3-4 деталдарды өз сөздөрү менен көрсөтүшү керек. Жалпылоо-текстинде теманын аталышы, автору (китеп, пьеса, тасма ж.б.) эскертилип жазылышы керек. Текстти башкы идеядан жана максаттан (маалымдоо, далилдөө, көңүл ачтыруу) баштап жазуу керек, текстте негизги жана корутунду бөлүгү болушу керек. Жалпылоо-текстин жаратуу үчүн окуучуларга сөздүн байланыштырган абзацтарын пайдалануу сунушталат: адегенде, биринчиден, экинчиден, кийинки, андан соң, акыры.

**Гезиттерге макалаларды жазуу.** Окуучуларга гезиттик макала жазууну сунуштоо – бул чыгармачыл жазуу жана окутуунун башка предметтерин интеграциялоонун дагы бир жолу. Окуучулар «Мекен таануу», «Адеп», «ТТКН», «Көркөм өнөр» ж.б. сабактар менен байланыштуу темалар боюнча ар кандай макалаларды жаза алышат. Алар бардык окуучулардын ишин чогултуп, гезитке басып чыгара алышат. Окуучулар гезитке макала жаза алышы үчүн мугалим аларды ***публицистикалык*** стиль менен тааныштырышы керек. Бул стилдин мүнөздүү өзгөчөлүгү баяндоонун маалымдуулугунда жана популяризациялоо функциясы менен байланыштуу. Гезиттик макала репортаж, маалыматтык эскертүү, маектешүү, эл алдында чыгып сүйлөгөн доклад түрүндө болушу мүмкүн. Башталгыч класстарда окуучуларды эскертүү жаратууну сунуштаса болот. Эскертүүнү жазуу эрежелери төмөнкүлөрдү камтыйт: а) эмне жөнүндө жазып жатканын билүү; б) бир фактты толук сүрөттөө; в) материалдын ырааттуу берилиши; г) ким жөнүндө айтылып жатса, аларды көрсөтүү; д) болуп жаткан окуяга өз мамилесин көрсөтүү, е) тилдин кооздугу жана ачыктыгы (Полякова Э., 2020).

### 3.3. Көркөм өнөр жана музыка сабактарында чыгармачыл жазуу

Көркөм өнөр жана музыка сабактарында чыгармачыл жазууну искусство чыгармаларын түшүнүү жана аларга карата өз көз карашын билдирүү үчүн колдонсо болот. Көркөм өнөр сабактарында бул иштин максаты – сүрөтчүнүн чыгармачылыгы менен таанышуу, сүрөттү баяндоо билгичтигин өнүктүрүү жана бул үчүн тилдин көркөм-экспрессивдүү каражаттарын пайдалануу, байкоо жүргүзүү билгичтигин жана искусствого болгон кызыгуусун өнүктүрүү.

Сүрөттү баяндоонун болжолдуу планы төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

- Кириш сөз: иштин максаты, сүрөттүн аталышы, сүрөтчүнүн аты.
- Сүрөтчү жөнүндө маалымат (кайсы сүрөт жана ал (эркек/аял) аны качан жазган, ал (эркек/аял) иштеген багыт, анын (эркек/аялдын) чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү).
- Баяндалган сүрөт тууралуу маалымат (качан жазылган, кандай окуялардын таасири астында, сүрөттүн жанры).
- Сүрөттүн баяндалышы: сюжет (бар болсо); алдыңкы жана арткы планда эмне тартылган; сүрөттүн негизги каармандарын жана деталдарын, сүрөттүн негизги түстөрүн (боёкторун) баяндоо (эмне үчүн сүрөтчү (эркек/аял) дал ошолорду тандады).

- Сүрөтчү тарабынан колдонгон экспрессивдүү жана композициялык каражаттар (бул сүрөт кандай маанайды таратат?), алардын автордун көз карашын, сүрөттүн идеясын билдирүүдөгү ролу.
- Сүрөттөн алган жеке таасири (кандай таасир калтырды, эмнеси менен өзгөчө жакты, эмне аягына чейин түшүнбөстөн кала берди?).

Музыка сабактарында чыгармачыл жазууну музыкалык чыгармалар жана аспаптар, белгилүү композиторлор жана аткаруучулар менен таанышуу үчүн пайдаланса болот, анткени музыка сабагында окуучулар уккан музыкалык чыгармаларды сезүү, түшүнүү, талдоо билгичтиктерине үйрөнүшөт.

Музыкалык чыгарма сүрөттөлгөн текстти жазуу үчүн, окуучуларга музыкалык чыгарманы бир нече жолу угуу сунушталат. Сөзсүз чыгарманын жалпы мүнөзүн аныктоо керек. Мугалим бул чыгармага ноталарда көрсөтүлгөн «шыбырап айтууларды» бере алат. Бул чыгармаларды аткаруунун мүнөзүн белгилөө үчүн пайдаланган италия тилинен келген терминдер: *affettuoso* - жүрөгү жылуу, *agitato* - жандуу, *alla marcia* - марш стилинде, *brillante* – жаркыраган, *calando* - басаңдатуу жана жайлатуу, *dolce* - назик, *feroce* - каардуу ж.б. Окуучулар кириш сөз, негизги бөлүм жана корутунду камтыган план түзүшөт. Кириш сөздө композитор жөнүндө кайсы чыгарма угулгандыгы жөнүндө бир нече сөз жазса болот. Музыкалык чыгарма боюнча дил баяндын негизги бөлүгү толугу менен чыгарманын өзүнө негизделет. План түзүүдө өзүңүз үчүн эскертүүлөрдү жазуу өтө маанилүү: музыка кантип башталат, аспаптар кандай угулат, угулушу тынч же бийик, ортосунда эмне угулат, аягы кандай. Акыркы абзацта уккандарга карата сезимдерди билдирүү абдан маанилүү.

### Кыскача пикир

Чыгармачыл жазуу окуучулардын башталгыч мектепте бардык предметтик мазмунду окуп-үйрөнүүнүн ажырагыс бөлүгү болушу керек, анткени бул бийик деңгээлдеги ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн натыйжалуу жолу. Чыгармачыл жазууну математика сабагына киргизүү татаал маселе болуп эсептелет, бирок окуучуларга билимдерин системалаштырууга, жазуу аркылуу алар окуп-үйрөнүп жаткан математика жөнүндө өз түшүнүгүн бекемдөөгө, кеңейтүүгө жана изилдөөгө мүмкүндүк берет. Эгерде сабактагы иштин жүрүшүндө чыгармачыл жазуунун ар кандай түрлөрүн жана формаларын, мисалы, «синквейн», «пирамида окуясы», гезитке макала жазуу, ББкБ графикалык уюштургуч жана жалпылоо-текст жазууну пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү камтылса, мекен таануу, ТТКН, адеп жана башка предметтерди окуп-үйрөнүү окуучулар үчүн кызыктуу боло баштайт.

Көркөм өнөр сабактарында окуучуларга сүрөттөрдү баяндоонун, ал эми музыка сабактарда - музыкалык чыгармалардын үстүнөн иштөө сунушталат. Мына ошентип, предметтер боюнча билимдердин топтому гана кеңейбестен, предметтер аралык байланыштар да калыптанат жана чыгармачыл жазуу көндүмдөрү да өнүгөт.

## 4-БӨЛҮМ. КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШ ЖАНА БААЛОО

### Багыттоочу суроолор

- Окуучулардын чыгармачылык жазуу процессин жана натыйжаларын кантип баалоо керек?

Чыгармачыл жазуу процесси жеткиликтүү татаал жана эмгекти көп талап кылат, ошондуктан теманы тандоодон жана башкы идеяны аныктоодон баштап, жазуу ишинин жыйынтыктоочу редакцияланган версиясын сунуштоого чейин кайтарым байланыш берүү жана жалпы процесстин жүрүшүндө баалоо жүргүзүлөт. Жазууну үйрөтүү процессинде мугалимдер окуучулардын көңүлүн ойлоп табуунун мазмунун туура жазуу билгичтигине бурушу керек, ошондуктан мугалим алдын-ала аңгемелешүү жүргүзөт, анын жүрүшүндө окуучулар менен теманын логикасынын жайылышынын чагылдырган келечектеги тексттин түзүлүшүн талкуулайт. Мугалим окуучуларды жакшы тексттин чен-өлчөмдөрү менен тааныштырат, анын ичинде теманын ачылышы жана негизги ойго багыт алышы; баяндоонун логикалдуулугу; жалпылоонун бар болушу; автордук ой толгоонун бар болушу; тексттин тандалган кеп стилине ылайык келиши, тексттин так түзүлүшүнүн бар болушу - кириш сөз, негизги бөлүк, корутунду; жазуу ишинде каталардын жоктугу жана тексттин жайылышынын логикасы. Ушул чен-өлчөмдөрдүн негизинде окуучулар өзүлөрү өз иштерин баалашат жана каталарын оңдошот (9-таблицаны караңыз), андан соң мугалим чиймелеп жазууларын текшерет. Жазуу процессинин ушул баскычында мугалим окуучуларга кайтарым байланышты сунуштайт. Мугалим окуучулардын ишин баалоого жете элек. Мугалимден же өзүлөрүнүн курдаштарынан кайтарым байланыш алгандан кийин, окуучулар жазуу ишинин акыркы вариантын сунуштоо менен, ишти кайрадан көчүрүп жазышат.

**9-таблица. Өзүнө өзү баа берүүнүн формасы**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Окуучулар ______ Класс __________ | Предмет _______ | | Мөөнөтү __________ |
| Менин комментарийлерим | | | Мугалимдин комментарийлери |
| | Ооба | Жок | |
| **Пландаштыруу** | | | |
| Мен жакшы теманы тандадым. | | | |
| Мен ушул тема боюнча маалымат таптым. | | | |
| Менин окурмандарыма эмне кызыктуу боло тургандыгы жөнүндө мен ойлондум | | | |
| Мен маалыматты систематизациялоо үчүн графикалык уюштургучтарды пайдаландым | | | |
| Тексттин түзүлүшүн уюштуруу | | | |
| Тексттин аталышы бар. | | | |
| Текст азацтардан турат. Ар бир абзац жаңы саптан башталат. | | | |
| Тексттин башталышы бар:киришүү бөлүгү. | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Тексттин негизги бөлүгү бар: негизги, башкы, түйүндүү бөлүк, анда негизги ой ачыкталат. | | | |
| Тексттин аягы бар: корутунду бөлүгү, анда жыйынтыктар камтылган. | | | |
| **Жазуу** | | | |
| Мага жардам керек болгон учурда, мен:<br>керектүү маалыматты (китептен, окуу колдонмосунан жана башка булактардан) издедим _____________<br>мугалимге жардамга кайрылдым<br>______________<br>классташтарга жардамга кайрылдым<br>_______________ | | | |
| **Редакциялоо** | | | |
| Мен иштин чиймелеп жазуу вариантын кунт коюп окугам. | | | |
| Иште мага жаккан жерлерди мен белгиледим. | | | |
| Иште оңдош керек болгон жерлерди мен белгиледим. | | | |
| Мен классташтарыма чиймелеп жазууну көрсөттүм. | | | |
| Мен алардын комментарийлерин жана сунуштарын  кабыл алдым. | | | |
| **Кайра көчүрүп жазуу** | | | |
| Мен тексттин түзүлүшүн жакшырттым | | | |
| Мен тексттин тууралыгын текшердим (грамматикасын, орфографиясын, синтаксисин, пунктуациясын). | | | |

Жазуу жүзүндөгү тексттин – натыйжаларын баалоо максатында тексттин мазмунун эске алган биргелешкен баа берүүнүн жана редакциялоонун дагы бир түрүн колдонуу сунушталат (10-таблицаны караңыз).

**10-таблица. Өз ара баа берүүнүн формасы**

| **Жазуу ишинин мазмунуна баа берүү** | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Мугалимдин комментарийлери |
| Тексттеги биринчи сүйлөм темага киргизилеби? | Ооба | Жок | |
| Бардык сүйлөмдөр темага тиешелүүбү? | | | |
| Бардык сүйлөмдөр пикирди эмес, фактыны келтирген? | | | |
| Фактылар чынбы? | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| • бардык фактылар туура;<br>• айрым фактылардан суроо туулат;<br>• айрым фактылар чындыкка жатпайт. | | | |
| Логикалык ырааттуулук барбы? | | | |
| Тексттеги ырааттуулук туура жана логикалуу. | | | |
| Кичине өзгөрүүлөр керек. | | | |
| Текстте логикалык ырааттуулук жок. | | | |
| Текстте тема жана негизги идея камтылганбы? | | | |
| Жалпы упай | | | |

Тексттин айрым түрлөрүнө баа берүү үчүн төмөнкүлөргө басым жасоо менен иштин сапатына баа берүүнүн чен-өлчөмдөрүн пайдалануу сунушталат: а) татаал синтаксистик бүтүндүн (ТСБ) түзүлүшүн сактоо жана б) анын компоненттеринин тилдик толтурулушу (Фетисова Н., 2020) (11-таблицаны караңыз).

**11-таблица. Тексттин тилдик мазмунунун ТСБ түзүлүшү боюнча анын түрүнө ылайык келиши**

| *ТСБнын компоненттери* | *Кептин түрү* | | |
|---|---|---|---|
| | *Сүрөттөө* | *Ой жүгүртүү* | *Баяндоо* |
| Башталышы | Жөнөкөй сүйлөм, анда сүрөттөө предмети аталат. | Тезис-сүйлөм: тастыктоону талап кылган божомол, ой-суроо. | Окуянын каармандарын, алардын алектенген ишин, окуя башталган убактысын жана ордун (көбүнчө) атаган сүйлөм. |
| Негизги бөлүк | Предметтин касиеттерин, сапаттарын, белгилерин саноо. | Тезистерди далилдөө үчүн аргументтер. | Окуяга алып баруучу каармандардын аракеттерин, алардын тышкы көрүнүшү, өткөн жери, болуп жаткан жөнүндө автордун же каармандардын ой-толгоолору менен тизмектөө Окуянын кыймылдаткычы – дайыма карама-каршылык. |
| Аягы | Сүрөттөлгөн кырдаал же автор үчүн предметтин ролу жана мааниси (мүмкүн баа берүү). | Негизги бөлүктүн далилдеринен жыйынтык: башталышын кеңейтет жана тереңдетет. | Каармандардын аракеттеринин натыйжасы – карама-каршылыктын чечилиши окурманга күчтүү таасир этиши керек. |

Жазуу иштерин баалоого мугалимдерге жардам берген куралдардын бири болуп баалоо рубрикасы эсептелет (12-таблицаны караңыз). Мугалим жазуунун кайсы элементтери баа берүү үчүн маанилүү болуп эсептеле тургандыгын чечет. Андан кийин мугалим ар бир окуучу үчүн баалоо рубрикасын пайдаланат. Рубрика эмнени кайрадан өтүү керектигин түшүнүүсүн жана окуучуларга кайтарым байланыш берүүнү мугалимге жеңилдетет.

### 12-таблица. Баа берүү рубрикасы

Аты ________________________________ Мөөнөтү ______________ Класс ______

Жазуу түрү:

| | *Күтүүлөргө ылайык келет* | *Жакшыртса болот* | *Кошумча окутуу керек* |
|---|---|---|---|
| Ачык максат | | | |
| Уюштуруу (жазуунун максатына ылайык) | | | |
| *Жазуу үчүн максаттардын өзгөчөлүктөрү | | | |
| Жетиштүү маалымат | | | |
| Сүйлөмдөрдүн ар түрдүү түзүлүштөрү | | | |
| Сөздөрдүн ар түрдүү тандалышы | | | |
| Жазылган текстти түшүнүү оңой | | | |
| Класстын деңгээлине ылайык келген туура тыныш белгилери жана баш тамгалар. | | | |
| **Мугалим окуучулардын эң акыркы үйрөнгөн тилдик көндүмүн киргизет. | | | |
| Класстын деңгээлине ылайык келген экиден кем эмес туура эмес жазылган сөздөр. | | | |

**Мисалы, баяндоо өзүнө аңгеменин элементтерин камтыйт; сүрөттөө тиешелүү сезимдерди чагылдырган сөздөрдү камтыйт; маалымдоо негизги идеяны жана жардам берүүчү идеяларды камтыйт; ишеним ой пикирди, ушул ой пикирдин пайдасына келтирилген далилдерди, карама-каршы ой пикирди, карама-каршы ой пикирге каршы далилдерди, корутундуну камтыйт.*

***Мисалы, баш тамгалар, өткөөл сөздөр, кызматчы сөздөр ж.б.*

Мугалим позитивдүү кайтарым байланыш жана колдоочу баа берүү окуучуларды жазуу тапшырмаларынын үстүнөн иштү аткарууну улантууга шыктандырат, ар түрдүү түрлөрдү, стилдерди, жанрларды сынап көрүүгө түрткү берип, өз окуяларын жазуудан коркпоого үндөй тургандыгын ар дайым эсинен чыгарбашы керек. Жазуунун бардык баскычтарында окуучулардын керектөөлөрүнө ылайык конкреттүү көндүмдөрдү жана стратегияларга үйрөтүп, күчтүү жана алсыз жактарына баа берүү максатында иштү жазуунун дыкат мониторингисин өткөрүү маанилүү. Кылдат кайтарым байланышты берүү окуучулардын чыгармачылык жазуу көндүмүн күчөтөт жана кайталануучу

каталарды оңдоого жардам берет. Баалоо – сапаттуу окутуунун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

### Кыскача пикир

Чыгармачыл жазуу процесси жеткиликтүү татаал жана көп убакытты талап кыла турган процесс, ошондуктан кайтарым байланыш берүү жана баалоо бардык процесстин жүрүшүндө ишке ашырылат. Өзүнө өзү баа берүү жана биргелешип сын-пикир айтуу (өз ара баа берүү) окуучуларга ишти редакциялоого жана жазуунун өз алдынчалуулук баскычына ийгиликтүү өтүүнүн натыйжалуу жолу. Позитивдүү кайтарым байланыш окуучуларды чыгармачыл жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү берет, ал эми мугалим процесстин жүрүшүндө жүргүзүп жаткан дыкат мониторингиси, каталарды кетирүүнү алдын алууга кызмат кылат.

## 5-БӨЛҮМ. БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУНУН ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯЛАРЫ

### Багыттоочу суроолор

- Ар кандай сабактарда башталгыч мектептин окуучуларында чыгармачыл жазууну кантип өнүктүрүүгө болот?

Бул бөлүмдө башталгыч мектептин сабактарында чыгармачыл жазуунун бир катар мисалдары келтирилген. Мисалдар стратегия – конкреттүү нускамалар түрүндө берилген, алар предметтер боюнча белгилүү бир темаларды окуп-үйрөнүүдө, китеп же текст менен таанышууда же бүтүндөй сабакты өткөрүүдө колдонулат. Бул стратегиялар башкача айтканда, кайталанган аракеттер, көнүгүүлөр, тапшырмалар, процесс менен «көнүмүш иш» деп аталат, мугалим да, окуучу да ар бири кандай жоопкерчиликти ала тургандыгы жөнүндө маалыматы бар (системалуу колдонуудан улам билишет). Бул окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, алардын дараметин ачууга мүмкүндүк берет.

Ар бир стратегиянын башында окутуу процессинде диффенциациялоо үчүн эмне маанилүү экендиги көрсөтүлөт: мазмуну (программаны), окутуу процесси (методдор, көнүгүүлөр, тапшырмалар), окуучулардын мотивациясын жогорулатууга өбөлгө түзгөн чөйрө же баалоо форматы. Ошондой эле универсалдуу долбоорлоо принциби сунушталат, ага сунушталган стратегияны колдонууда көңүл буруу маанилүү.

Ар бир стратегияда окутуунун максаты, кайсы класс үчүн сунушталганы көрсөтүлөт, күтүлүүчү окутуу натыйжалары аныкталат, стратегияны пайдалануу үчүн зарыл болгон материалдардын тизмеси жана класста ишти уюштуруунун формасы сунушталат. Төмөндө стратегиянын кадам боюнча жол-жобосу баяндалган. Баяндоо дифференциацияланган баалоонун сунуштары менен аяктайт.

Сунушталган стратегиялар Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билим берүүсүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан.

**«RACE» стратегиясы** окулган үзүндүнүн же берилген алгоритм боюнча бүтүндөй китептин негизинде чакан аңгеме жазууга багытталган: суроону тастыктоого өзгөртүү, суроого жооп берүү, аны түшүндүрүү жана өз пикирин айтуу. Бул стратегияны биринчи класста колдонууга ыңгайлуу, окуучулар 3-5 сүйлөмдөн турган тексттерди түзө алышат.

**«Окулган чыгармага жазуу пикири» стратегиясы** окуучулардын китеп, анын каармандары, окуялары ж.б. жөнүндө оюн билүүгө багытталган. Бул стратегия сабакта гана эмес, класстан тышкары иштерде да колдонулат. Бул стратегиянын жардамы менен окуучулар жазуу жүзүндө тасма, спектакль, экскурсия ж.б. жөнүндө өз көз караштарын жана мамилесин билдире алышат. Окуучулар окуялардын кайра кайталап айтып бербешине, болуп жаткан же окуган жөнүндө жеке ойлорунун чагылуусунун орун алышына көңүл бурушу маанилүү.

**«Макта, сура, оңдо» стратегиясы** классташынын (эркек бала/кыз) ишине жазуу пикирин камтыйт. Окуучу классташынын (эркек бала/кыз) жазуу иши менен таанышат,

аны менен экөө иштешет жана иш жөнүндө өз пикирин түзөт. Окуучулар жазуу түрүндө кайтарым байланышты туура берүүгө үйрөнүшөт.

**«РАФТ» стратегиясы** окуп-үйрөнүп жаткан теманы же окулган китепти ар тараптан кароого мүмкүндүк берет. Бул стратегияны өз адабий чыгарманы жаратуу үчүн колдонсо болот.

## 5.1. «RACE» стратегиясы

**RACE** – бул окуучулардын чакан тексттин үстүндө иштөө стратегиясы, ал окуучулардын окуганын түшүнүүсүн жана алардын ой жүгүртүүсүн, конструктивдүү жообун көрсөтөт. Жооп тексттин белгилүү бир бөлүгүндө же тексттин бардыгында табылган маалыматты пайдалануу менен берилиши керек. Бул стратегия окуучуларды маалыматты алууга жана аны толук жоопту калыптандыруу үчүн негиз катары пайдаланууга үйрөтөт.

| | |
|---|---|
| **Окутуу максаттары** | Окуучулардын окуганын түшүнүү көндүмүн өнүктүрүү.<br>Окуучуларга коюлган суроого конструктивдүү жооп түзүүгө, сүйлөм түзүүгө, байланыштуу текстти жаратууга, окуп чыккан китепти кайра аңдап-түшүнүүгө үйрөтүү. |
| **Дифференциация** | Окутуу процесси, окутуунун натыйжаларын сунуштоо. |
| **Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо** | Мазмуну, процесси, окуу чөйрөсү. |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>окуганын түшүнүүсүн жана ой жүгүртүү билгичтигин көрсөтүшөт;<br>тексттен анын маанисин түшүнүү үчүн керектүү маалыматтарды чыгара алышат;<br>окугандары боюнча маалыматтарды колдонуу менен, жазуу жүзүндө текст жарата алышат. |
| **Окутуу класстар** | 1-класс, экинчи жарым жылдык. |
| **Керектүү материалдар** | Китеп же окуу тексти, дептер, калем сап. |
| **Класста ишти уюштуруунун формасы** | Өз алдынча, кичи топтордо иштөө. |
| **Стратегияны колдонуу жол-жобосунун баяндалышы** | RACE – бул кыскартылган сөз:<br>R – суроону кайталаңыз: суроону кайра түзүү;<br>A – жооп: суроого жооп берүү;<br>C – далилдерди берүү: далилдерди келтирүү (тексттен маалымат); |

E – жоопту түшүндүрүп берүү: жоопту түшүндүрүү.

**Суроону кайра түзүү.** Бул окуучулар сөз айкашын суроолуу сүйлөмдөн тастыктоого которушу керек жана бул сүйлөм окуучулардын жазуу ишинин башталышы болот. Мисалы, мугалим окуучулардан окулган чыгарма боюнча суроо берет: «Чыгарманын каарманы башкача аракеттене алабы?», ал эми окуучулар суроону төмөнкүдөй кайра түзүшөт: «Чыгарманын каарманы башкача аракеттене алмак эмес».

**Суроого жооп берүү.** Бул сүйлөмдө окуучулар биринчи тапшырмада коюлган суроого жооп бериши керек. Мисалы: «Себеби ал дарыяга чөгүп бараткан итти сактап калыш керек болчу».

**Далилдерди келтирүү.** Мурунку сүйлөмдөгү жооп окуучулар текстти канчалык деңгээлде түшүнүп, корутунду чыгара алгандыгын анда, ушул сүйлөмдө алар ушул тыянактар эмнеге негизделгенин көрсөтүшү керек. Окуучулар өз пикирлерин колдоо үчүн бул жерде цитаталар жазуу менен, окуучулар жасаган корутундунун тууралыгын чагылдырган конкреттүү деталдарды баяндашы керек. Мисалы: *«Ал жаныбарларды аябай жакшы көрчү жана ар дайым аларга жардам берүүгө аракет кылган».*

**Өз жообун түшүндүрүү.** Бул сүйлөмдө окуучулар ушул тема боюнча өз ой-пикирлерин билдиришет. Эми окуучулардын бул жөнүндө кандай ойдо экендигин көрсөтүү маанилүү.

**Стратегияны колдонгонго чейин**

Окуучуларга иштей турган китепти же текстти даярдоо керек. Бул окуп-үйрөнүп жаткан предмет боюнча окуу китебиндеги текст же окуу үчүн кошумча материалдар болушу мүмкүн. Текст ар бир окуучуга жеткиликтүү болушун камсыздоо керек. Эгерде окуучулар өздөрү окуганга кыйналып жатышса, анда мугалим үн чыгарып окуу техникасын пайдаланат.

Тапшырманы түшүнүүдө окуучулар кыйынчылыкты башынан өткөрбөшү үчүн, RACE кыскартылган сөзүн тактага, флипчартка же кагазга жазып койсо болот. Окуучулар кайсы сүйлөмдү курушу, алардын ырааттуулугу жөнүндө так түшүнүшү керек.

**Стратегияны колдонуу учурунда**

**1-кадам**. Мугалим окуучулардын окуп-үйрөнгөн тема боюнча бар болгон билимдерин аныктайт. Окуучуларга ачык суроолорду берсе болот же алардан окуп-үйрөнгөн тема боюнча өз тажрыйбасы жөнүндө айтып берүүнү суранса болот. Эгерде мугалим китеп окуп жатса, анда окуучулардан китеп эмне жөнүндө болоорун, алар авторду жана анын башка чыгармаларын биле тургандыгын, китептин мукабасы эмне жөнүндө айтып жатканын ж.б. божомолдоп көрүүсүн суранса болот.

**2-кадам.** Мугалим окуучуларга китепти үн чыгарып окуйт же китеп менен өз алдынча таанышууну суранат. Ошол эле

учурда, мугалим окуу техникасын жаңы гана өздөштүрүп жаткан окуучуларга колдоо көрсөтөт.

**3-кадам.** Мугалим китептин бир бөлүгүнүн негизинде текст жазуунун үлгүсү үчүн RACE стратегиясын колдонууну окуучуларга көрсөтөт.

- Мугалим окуучулардан бул үзүндү эмне жөнүндө экендигин сурайт.
- Андан кийин окуучулардын жоопторунан суроо түзөт.
- Андан кийин мугалим суроону тастыктоого айландырып, аны тактага жазып коет.
- Бул ой толгоону түшүндүрүп, аны экинчи сүйлөм кылып жазат.
- Андан соң мугалим бул ой толгоого тексттен бекемдөө табат: цитата же сүрөттөөнүн деталы – жана үчүнчү сүйлөмдү тактага жазат.
- Акырында, мугалим тема боюнча өз пикирин формулировкалап, жыйынтыктоочу сүйлөмдү жазат.

**4-кадам.** Мугалим окуучулардан бул чыгармадан башка үзүндү тандап алууну суранат же дагы бир китепти сунуштайт, эми окуучулар ушундай текстти өздөрү түзүүгө аракет кылышы керек.

**5-кадам.** RACE стратегиясы боюнча тексти жаратуунун үстүнөн өз алдынча иш окуучулар жекече же кичи топтордо түзө алышат. Зарыл болсо, баштапкы суроону мугалим өзү берет.

**Стратегияны колдонгондон кийин**

Мугалим сүйлөмдөр стратегиянын форматы боюнча түзүлгөнбү, аларды жакшыраак жана тагыраак жазууга мүмкүнбү, окулган тексттен алынган маалымат туура колдонулганына ой жүгүртүү менен окуучуларга өз иштерин окуп чыгууну сунуштайт.

Жумуштун аягында мугалим окуучулар менен биргеликте ушул стратегия боюнча иштин жыйынтыгын чыгарып, окуучуларга төмөнкү суроолорду берсе болот:

Китептин башкы идеясы эмнеде? Ал окуучуларга жактыбы?

RACE стратегиясы боюнча өз тексттерди жаратуу канчалык пайдалуу жана кызыктуу болду?

Бул стратегияны пайдаланууда кандай көндүмдөрдү өнүктүрүү жөнүндө окуучулар эмне деп ойлошот?

**Үй тапшырмасы**

Мугалим окуучулардан класстагы дубалга жайгаштыруу үчүн өз тексттерин редакциялашын, баракчаларга жазышын суранат, бул дубалды «Жазуучунун бурчу» деп атаса болот. Каалоосу менен, окуучулар өз ишин сүрөттөп бере алышат.

| | |
|---|---|
| **Баалоо** | Мугалим окуучулар менен бирге окуучулардын ишин төмөнкү чен-өлчөмдөрдүн негизинде баалайт: тексттин RACE стратегиясына ылайык келиши (суроону которуу, жооп, түшүндүрүү жана өз ой жүгүртүүсү), окуучуларга каталарды табууга (бар болсо) жана аларды оңдоого жардам берет. |
| **Баалоонун варианттары** | Айрым окуучулар үчүн жазуу иши татаал болушу мүмкүн, бул учурда аларды оозеки иштөөнү сунуштаса болот. |

## 5.2. «Окуган чыгармага пикир жазуу» стратегиясы

**Окуган чыгармага пикир жазуу** – бул окуган жөнүндө окуучунун жеке пикири, китептин негизделген баа берүүсү, окуган китеп чакырган сезимдеринин сүрөттөлүшү, окуучулардын өзгөчө көңүлүн алган учурларды белгилөө: ал каарман же анын аракеттери болушу мүмкүн, автор айтып жаткан кырдаал жана окуган окуяда эң баалуу болуп эмне болгондугун көрсөтүү.

| | |
|---|---|
| **Окутуу максаттары** | Окуучулардын окууга болгон сүйүүсүн ойготуу.<br>Окуганын түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү.<br>Чыгармачыл жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.<br>Окуганы жөнүндө өз пикирин формулировкалоо билгичтигин өнүктүрүү. |
| **Дифференциация** | Процесс, натыйжаларды сунуштоо, ар кандай окуу материалдарын пайдалануу |
| **Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо:** | Окуу чөйрөсү, окуучулардын окуу процессине тартылуусу, мазмуну. |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>ой жүгүртүшөт жана ой жүгүртүү-тексттин куруу көндүмдөрүн көрсөтүшөт;<br>көркөмдүүлүк каражаттарын колдонушат;<br>тезис, салыштырмалуу бурулуштар, төл сөз ж.б. текстен алынган маалымат менен иштөө билгичтигин өнүктүрүшөт. |
| **Окутуу класс(тар)** | 2-4 класстар |
| **Керектүү материалдар:** | Китеп, окуу тексттери, кошумча окуу материалдары. |
| **Класстагы ишти уюштуруунун формасы** | Жекече, топтук, коллективдүү иш |

**Стратегияны колдонуу жол-жобосунун баяндалышы**

**Стратегияны колдонгонго чейин**

Окуучулар чыгарманы окушат а) мектеп программасынын планы боюнча, б) класстан тышкаркы окуу боюнча, в) өздөрүнүн тандоосу боюнча.

**Стратегияны колдонуу учурунда**

**1-кадам.** Мугалим окулган чыгармага карата жазуу жүзүндөгү пикир кантип түзүлө тургандыгын, ага эмнелер кириши керектигин жана сүйлөм түзүү үчүн кандай сөздөрдү пайдалануу сунуштала тургандыгын түшүндүрөт.

Окулган чыгармага жазуу жүзүндөгү пикирдин болжолдуу планы жана ар бир бөлүккө таянуучу сөздөр төмөнкүчө болушу мүмкүн: китеп (чыгарма, повесть, аңгеме, роман, жомок, окуя);

- бул китеп жакты (эсимде калды, көңүлүмдү бурду, таасир калтырды, терең козгоду, көңүлүмдү өзүнө бурду, аябай таасирлентти, жан дүйнөмдү ойготту ...);
- кызыктуу китеп (кызыктуу, өзүнө тартат, көңүлдүү, таасирдүү, кызыктырат, эсте сакталат, сыйкырдуу ж.б.);
- автор айтып берет (көрсөтөт, сүрөттөйт, сүйлөйт, жашоону сүрөттөйт, иллюстрациялайт, тааныштырат ..., ... сыяктуу бир катар маселелерди көтөрөт);
- мага өзгөчө окуянын башкы каарманы жагат (кымбаттуу, кызыктуу, сүйкүмдүү, өзүнө тартат, жылдыздуу, мени таасирлентти ...);
- бул окуя (китеп) жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет ...;
- бул китепти окуу оңой, анда кызыктуу (кооз) иллюстрациялар бар; автор жөнөкөй тилде жазат.

**2-кадам.** Мугалим окуучулардын көңүлүн китептин авторуна жана аталышына бурат. Автор окуучуларга таанышпы? Алар ал (эркек/аял) жөнүндө эмнени билишет? Китептин аталышы эмне жөнүндө кабарлайт? Бул кызыктуубу? Балким, ал маанайды жаратабы же китепте окурмандар күтүп турган нерсени айтып жатабы?

Мугалим окуучулардан жоопторун жазууну өтүнөт.

**3-кадам**. Мугалим пикирдин негизги бөлүгүн талкуулоого өтүп, окуучулардан суроолорго жооп берүүнү өтүнөт: Бул китеп эмне жөнүндө? Окуянын башкы идеясы эмнеде? Ал эмнеге үйрөтөт? Бул жерде китепти кененирээк айтып берүүнүн кажети жок, бирок чыгарма кандай сезимдерди жана ойлорду чакырганын формулировкалоо керек, кыска, бирок маанилүү нерсени калтырбай жазуу керектигине окуучулардын көңүлүн буруу керек. Эки-үч сүйлөм жетиштүү болот.

**4-кадам.** Мугалим окуучулар менен төмөнкү суроолорду талкуулайт: Китеп жактыбы же жаккан жокпу? Эмне үчүн экендигин ачуу маанилүү? Окуя эмнеси менен кубандырды? Эмнеге үйрөттү? Эң кызыгы эмне болду? Окуучулар каармандардын аракеттерине кошулабы, же алар башкача

аракеттенишеби? Балким, аларда китептеги каармандардын кимдир бирөөсүнө ылайыктуу кеңештер бар болсо керек.

Мугалим окуучулардан жоопторун жазууну өтүнөт.

**5-кадам.** Китептеги каармандарды өзүнчө талкуулоо маанилүү. Окуучулар кимди башкы каарман, кимди экинчи даражадагы каармандар, жардамчылар, жаман кишилер деп эсептешет? Мугалим окуучулардан каармандарга болгон өз мамилесин бөлүшүүнү сурайт: каармандар аларга жактыбы, балким, кимдир бирөө менен достошууну каалашат?

**6-кадам.** Мугалим корутундуну талкуулоого өтөт жана окуучулардан тыянак чыгарууну өтүнөт:

Чыгармада эң баалуу эмне болду? Окуучулар эмнени түшүнүштү?

Окуучулар өз жоопторун жазышат.

**Стратегияны колдонгондон кийин**

**Үй тапшырмасы**

Мугалим жазылган эскертүүлөрдүн негизинде, ишти жазуу баскычтарын кармануу менен, окулган китеп жөнүндө ой жүгүртүү-тексттин жазууну сунуштайт («Чыгармачылык жазуу процесси» бөлүмүн караңыз).

**Баалоо**

Баа берүү үчүн текшерүү тизмеси колдонулат («Баалоо» бөлүмүн караңыз).

**Баалоонун варианттары**

Окуучулар окуган китеп жөнүндө план түзүп, оозеки пикирлерин айта алышат же окуган китепке иллюстрацияларды бере алышат.

## 5.3. «Макта, сура, оңдо» стратегиясы

Бул кайтарым байланыштын ыкмаларына үйрөтүү үчүн жуп менен иштөө стратегиясы. Балдар күчтүү жактарын жана оңдоп-түзөөгө боло турган нерселерди көрсөтүү менен, классташтарынын ишин баалоону үйрөнүшөт.

**Окутуу максаты**

Окуучулардын текстти редакциялоо, кайтарым байланыш берүү, каталар менен иштөө билгичтигин өнүктүрүү.

**Дифференциация**

Окутуу процесси, окутуунун натыйжаларын көрсөтүү.

**Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо**

Мазмуну, процесси, окутуу чөйрөсү.

**Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары**

Окуучулар:

- кайтарым байланышка ылайык текстти редакциялашат;
- оң кайтарым байланыш беришет;
- чиймелеп жазуу вариантын түзөтүшөт.

| | |
|---|---|
| **Максаттуу класс** | 3-4-класстар |
| **Керектүү материалдар** | Окуучулардын жазуу иштери (мурунку сабакта же үйдө жасалган) |
| **Класста иштөө формасы** | Жуп менен иштөө. |
| **Стратегияны колдонуунун жол-жобосун баяндоо** | Окуучулар жуп менен иштешип, бири-биринин жазуу иштерин баалашат, кайтарым байланыш беришет, андан кийин мазмунду жакшыртуунун жана каталарды оңдоонун үстүнөн иштешет. |
| **Колдонууга чейин** | Окуучулар окуу программасына ылайык жазуу иштерин жазышат. |
| **Колдонуу учурунда** | **1-кадам.** Окуучулар класссташынын чыгармасын кунт коюп окушат, төмөнкү суроолорго жазуу түрүндө жооп беришет:<br>Автор ____________________<br>Редактор ____________________<br>Иштин аталышы ____________________<br><br>1. МАКТА<br><br>Мага …бөлүк жакты, анда ..........................................................<br>Мен …………………………жөнүндө көбүрөөк билгим келет.<br>Текстте бир нече так сөздөр пайдаланган, мисалы………………………………………………………………<br>Автор кантип …………………………түшүндүргөнү мага жакты.<br>Бул текст мени …………………………сезүүгө түрткү кылды.<br><br>2. СУРА<br><br>Сен автордон эмне жөнүндө сурагың келип жатат?<br>1………………………………………………………………<br>2………………………………………………………………<br>3………………………………………………………………<br><br>3. ОҢДО<br><br>Сенин оюң боюнча, текстте эмнени оңдоо керек?<br>1………………………………………………………………<br>2………………………………………………………………<br>3………………………………………………………………<br><br>**2-кадам**. Окуучулар жазуу иштеринин авторлору менен өз жазуулары – кайтарым байланышы менен, керектүү учурда өз оюн түшүндүрүү менен ой бөлүшөт. |
| **Колдонгондон кийин** | Окуучу-авторлор эскертүүлөрдү кабыл алышат жана иштерди жакшыртууга жана каталарды оңдоого киришишет. |

**Үй тапшырмасы** Каталардын үстүнөн иштөө, тексттин акыркы версиясын жазуу.

**Баалоо** Окуучулар төмөнкү суроолорго жооп берүү менен, кичи топтордогу ишти баалай алышат:

| | Ооба | Жок | Жооп бергенден кыйналып жатам |
|---|---|---|---|
| Топтогу иш жакшы болду. | | | |
| Мен пайдалуу пикир алдым. | | | |
| Биз бири-бирибизди кунт коюп уктук. | | | |
| Мен пайдалуу пикир бердим. | | | |
| Мага иштин ушундай формасы жагат. | | | |

‘

**Балоонун варианттуулугу**

- **Жазуудан кыйналган окуучу:** жазуудан кыйналган окуучуну жакшы жазган окуучу менен бирге экиден болуп иштөөнү уюштуруу. Бул жазуудан кыйналган окуучуга теңтушунун жакшы жазуу ишин окуганга мүмкүнчүлүк берет.
- Класстын деңгээлине ылайык келген окуучулар: Эч кандай вариация жок.
- Илгерилеген окуучулар: Эч кандай вариация жок.

## 5.4. «РАФТ» стратегиясы

**РАФТ** – бул белгилүү бир темада жазуу тексттерин жаратууга багытталган педагогикалык ыкма. Иштер жанры жана шөкөттөлүшү боюнча айырмаланышы мүмкүн. Ушул технология боюнча текстти жаратуунун принциптеринин жардамы менен, окуучулар окуп-үйрөнүп жаткан теманы ар түрдүү тараптан жана көз караштан карашат.

**Окутуу максаты** окуучуларда сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү;

берилген түзүлүш боюнча чыгармачыл жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Дифференциация** процесс, натыйжалар, катышуу.

**Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо** окуу чөйрөсү, мазмуну, окучуулардын окуу процессине тартылуу.

**Күтүлүүчү натыйжалар** Окуучулар:

- окуп-үйрөнүп жаткан жана окуганын түшүнүшөт;

- анын мазмунун талдашат;
- өзүнүн баа берүүсүн бере алышат.

| | |
|---|---|
| **Окутуу класс(тар)** | 3-4 класстар. |
| **Керектүү материалдар** | РАФТ таблицасы, окуу тексти же окуу боюнча кошумча материалдар. |
| **Класстагы ишти уюштуруунун формасы** | Жекече иш, кичи топтордо иштөө, класста коллективдүү иштөө |
| **Стратегияны колдонуу жол-жобосунун баяндалышы** | Педагогикалык ыкманын маңызы тандалган каармандын атынан сүрөттөө, баяндоо же ой жүгүртүүдөн турат. Андан тышкары, ролдун «аткаруучусу» анын каарманы кездешкен бардык жагдайларды эске алышы керек[11]. |

| **Роль** | **Аудитория** | **Форма** | **Тема** |
|---|---|---|---|
| Ролду аныктоо үчүн, берилген теманы ким ачып бере тургандыгын табуу керек. | Бул текст кимге арналгандыгын тактоо. | Жанрды, баяндоонун формасын тандоо. | Теманы тандоо, текст эмне жөнүндө болот, анда кайсы негизги идеялар ачылат. |

| | |
|---|---|
| **Стратегияны колдонгонго чейин** | Сабактын алдында РАФТ таблицасын даярдоо керек, аны жөн гана тактага тартса болот. Бардык тилкелерди талкуулоодо алар окуучуларга сабактын жүрүшүндө көрүнүп турушу үчүн, мугалим бардык ой-пикирлерди жазып турат, анткени аларга дайыма кайрылып, талкуулап, талдап жана мүмкүн, толуктап турат. Маселенин маңызын жакшыраак түшүнүүгө, каармандын айлана-чөйрөсүн сезүүгө жана анын образына кирүүгө өбөлгө түзүүчү көрсөтмөлүү материал бар болсо, жакшы болот. |
| **Стратегияны колдонуу учурунда** | **1-кадам:** Чакыруу баскычы. Окуучуларды активдештирүү, аларды процесске активдүү катышууга шыктандыруу, ассоциация же акыл чабуул методун колдонсо болот. Балдар мүмкүн болгон ылайыктуу бардык ролдорду сунушташат. Мугалим сунушталган варианттарды таблицага киргизет. Экинчи тилкеге текстти окуу кызыктуу болгон адамдар жазылат, бул тандоолор да таблицага киргизилет. |

[11] Низовская И.А. Новое в обучении сочинению // Русский язык и литература в школах Кыргызстана. – 2002. -№3. – С. 70-71.

Андан кийин ролдор жана болжолдуу окурмандар менен байланышкан мүмкүн болгон жанрлар аныкталат. Ал кийинки тилкеге жазылат. Акыркы тилкеге тексттин негизги ойлору жана идеялары жазылат.

**2-кадам.** Түшүнүү баскычы. Мугалим таблицада көрсөтүлгөн бардык маалыматтарды окуп чыгат. Окуучулар ортосунда ролдор бөлүштүрүлөт жана алар тексттерди жазууга киришет. Ошол эле учурда, аларга сүрөттөө объектисин түшүнүүгө, сезүүгө, анын ролуна кирүүгө аракет кылуу канчалык маанилүү экендигин, каарман кездешкен шарттарды эске алууну унутпоо менен түшүндүрүп берүү керек. Иш жекече же топтук болушу мүмкүн.

**3-кадам.** Ойлонуу баскычы. Тапшырма аткарылган учурда, бир нече текст окулат. Тандоо каалоосу боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн. Эгерде аткаруучулардын саны көп эмес болсо жана убакыт мүмкүндүк берсе, бардык окуучуларга чыгып сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берсе болот.

**Стратегияны колдонгондон кийин**

Стратегияны колдонгондон кийин, мугалим окуучулардан бул стратегия жазуу көндүмүн өнүктүрүүгө, окуганын түшүнүүгө же окуп-үйрөнүп жаткан теманы өздөштүрүүгө кантип жардам бере тургандыгы жөнүндө ойлорун сурайт. Окуучулар бул стратегияны качан жана кайда колдонсо болоорунун варианттарын сунушташат.

**Үй тапшырмас**

Окуучулар өзүлөрүнүн иштерин редакциялашып, кайра жазып чыгышат жана «Жазуучунун бурчуна» жайгаштыруу үчүн класска алып келишет. Зарыл болсо, мугалим каталарын оңдоодо жардам берет.

**Баалоо**

Текшерүү суроолорунун тизмесин пайдалануу менен, биргелешип пикир жазуу («Кайтарым байланыш жана баалоо» 4-бөлүмүн караңыз).

**Баалоонун варианттары**

Жупта баа берүүнү пайдаланса болот, анда эки окуучу иштери менен алмашышып, текшерүү баракчаларынын тизмесин пайдалануу менен баалашат («Кайтарым байланыш жана баалоо» 4-бөлүмүн караңыз).

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. IDRA March Newsletter, Intercultural Development Research Association, 2003. www.idra.org, дата обращения к источнику 06.07.2020.
2. Scott Barry Kaufman. The Psychology of Creative Writing. — Cambridge University Press, 2009.
3. Бейти К. Литературный марафон: как написать книгу за 30 дней. Перевод с англ. Александра Коробейникова. – 4 изд. – М.: Манн, Иванов, Фербер, 2019. – 208 с.
4. Бенке К. Пиши ещё! Руководство для начинающего писателя. М.: Альпина Аблишер», 2018. – 256 с.
5. Бьюзен Т. и Б. Супермышление. – Минск: ООО «Попурри», 2003. – 304 с.
6. Визнер К. Живой текст: как создавать глубокую и правдоподобную прозу. Перевод с англ. Марии Сухотиной. – 2 изд. – М.: «Манн, Иванов, Фербер», 2019. – 304 с.
7. Готтштал Дж. Как сторителлинг сделал нас людьми. – М.: Колибри, 2020. – 272 с.
8. Зинсер У. Как писать хорошо. Классическое руководство по созданию нехудожественных текстов. – М: Альпина Паблишер, 2017. – 292 с.
9. Как писать крутые тексты. – М.: Манн, Иванов, Фербер, 2018. – 96 с.
10. Квитадамо, И. Д., и Курц, М. Д. (2007). Учиться совершенствоваться: Использование письма для развития эффективности критического мышления в биологии общего образования. CBE Life Sciences Education, 6(2), 140–154.
11. Книга моих историй. – М.: Манн, Иванов, Фербер, 2014. – 96 с.
12. Лангер, Дж. А., и Эпплби, А. Н. (1987). Как письмо формирует мышление. National Council of Teachers of English.
13. Лемов Д. Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: Манн, Иванов, Фербер, 2014. – 416 с.
14. Литературный энциклопедический словарь/Под общ. Ред. В.М. Кожевникова и П.А. Николаева. – М.: Советская энциклопедия, 1987. – С.516.
15. Львов М.Р., Рамзаева Т.Г., Светловская Н.Н. Методика обучения русскому языку в начальных классах...– М: Дрофа, 2020. - 160 с.
16. Низовская И.А. Книги пишем сами. Методическое пособие для педагогического сопровождения учителей начальных классов. – Б.: ОсОО «Папирус Принт», 2017.– 4 с.
17. Низовская И.А. Новое в обучении сочинению // Русский язык и литература в школах Кыргызстана. – 2002. -№3. – С. 70-71.
18. Ньюбургер Э. Банка с историями: Играем, придумываем, рассказываем. – М: Манн, Иванов и Фербер, 2016. – 136 с.
19. Ожегов С.И. Толковый словарь русского языка. – М.:Оникс, 2008.
20. Попова В.Г. Учим младших школьников писать сочинение. – М.: Учитель, 2020. – 48 с.
21. Родари Дж. Грамматика фантазии. – М.: Самокат, 2011.
22. Русский язык. 1- 4 классы: речевые уроки/ Э.И.Полякова. – Волгоград: Учитель, 2015.– 299 с.
23. Русский язык. 1- 4 классы: сочинения и изложения/ авт.-сост. Н.Н. Бобкова и др. – Изд.3-е испр. – Волгоград: Учитель, 2020.– 316 с.
24. Русский язык. 5 кл.: Метод. пособие для учителей школ с рус. яз. обучения /В. Н. Качигулова, Л. М. Бреусенко, Т. А. Матохина – Б.: Аркус, 2018. – 144 с.
25. Русский язык. 6 кл. Метод. пособие для учителей шк. с рус. яз. обучения / Л. М. Бреусенко, Т. А. Матохина, В. Н. Качигулова – Б.: Аркус, 2018. – 104 с.

26. Сайт Bilimbulagy. Мировая литература: Я писатель//URL: https://www.bb.edu.gov.kg/index.php
27. Стрикленд. (2002). Поддержка учащимся, сталкивающихся с трудностями в чтении и письме: Стратегии для обучения на уроке 3–6. Stenhouse Publishers.
28. Фетисова Т.Н., Учим младших школьников писать сочинение ФГОС, издательство «Учитель», М., 2020.
29. Чамберс Э. Расскажи. Читаем, думаем, рассуждаем. – М.:Самокат, 2016. – 320 с.
30. Шанахан, Т. (2016). Взаимосвязь между чтением и развитием письма. In C. A. MacArthur, S. Graham, & J. Fitzgerald (Eds.), Handbook of writing research (2nd ed., pp. 194–207). Guilford Press.

## МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Амонашвили Ш.А. Основы формирования письма и развития письменной речи в начальных классах: Автореф. дис. д-ра психол. наук. – М., 1972. - 45 с.
2. Васильев Ю.А., Низовская И.А. Педагогическая мастерская как форма профессионального развития учителей: Практическое руководство по организации и проведению педагогических мастерских на основе профессиональных потребностей. / Под общ. ред. Т. А. Матохиной. – Б.: 2012. – 158 с.
3. Выготский Л.С. Мышление и речь. // Избранные психологические исследования. – М.: Изд-во АПН РСФСР, 1956. - 519 с.
4. Низовская И.А., Задорожная Н.П., Матохина Т. А. Учимся мыслить критически. – Бишкек: Макспринт, 2011. - С. 130.
5. Стил Д, Мередис К, Темпл Ч. Сынчыл ойломдун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн методдор. – Бишкек, Сорос – Кыргызстан, 1997.
6. Халперн Д. Психология критического мышления. – СПб.: Питер, 2000. – 512 с.
7. Эсенгулова М., Асекова Ж. «Сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү үчүн окуу жана жазуу» программасынын хрестоматиясы. – Бишкек, 2004.
8. Эсенгулова М., Асекова Ж. Мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү («Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү» усулунун теориясы жана практикалык тажрыйбасы). – Бишкек, 2008.

## СӨЗДҮК

**Адабий жанр** – тигил же бул сюжеттик жана стилистикалык касиеттери менен мүнөздөлгөн көркөм чыгармалардын түрү.

**Акыл чабуулу** – чыгармачылык активдүүлүктү жана өндүрүмдүүлүктү демилгелеген метод. Акыл чабуулунун максаты - мүмкүн болушунча көп идеяларды генерациялоо жана ар кандай жолдор менен мыкты чечимди аныктоо.

**Аудитория** – ушул жерде: автор арнаган адамдар, коллективдик көздөгөн жер.

**Баалоо** - бул күтүлүүчү натыйжа канчалык даражада жетишилгенин көрүү үчүн окуучунун жетишкендиктери жөнүндө ой-пикирди айтуу процесси.

**Баалоонун чен-өлчөмдөрү** – белгилер, алардын негизинде бир нерсенин баа берүүсү, аныктоосу же классификациясы. Баа берүүнүн чени. Мугалимдер тигил же бул ишке баа берүүнүн чен-өлчөмдөрүн тизмектеген атайын формаларды түзүшөт.

**Баяндоо** - бул тексттин түрү, анын жардамы менен кандайдыр бир окуялар жөнүндө алардын убакыттык ырааттуулугунда айтып берилет; ырааттуу биринен бири алмашышкан аракеттер же окуялар жөнүндө кабарланат.

**Графикалык уюштуруучу** - бул түшүнүктөрдүн, кубулуштардын, объектилердин айкалышын көрсөтүүчү каражаттар: схемалар, графиктер, тегеректер, таблицалар. Маалымат чогултуу, узак мөөнөттүү эс тутумда сактоо жана көрсөтмөлүү сунуштоо куралдары. Жазуу иши үчүн негизди түзгөн жазууну жүргүзүү процесси.

**Дифференциацияланган окутуу же дифференциация** - бул мугалимдер күндөлүк практикасында окутуунун күчтүү жактарын жана ар бир окуучунун муктаждыктарын эске алган окутуудагы мамиле. Дифференциациянын максаты - ар бир окуучунун (эркек бала/кыз) анын жөндөмдүүлүгү, мүмкүнчүлүгү же өзгөчөлүгү деңгээлинде окутуу. Дифференциацияланган окутуунун контекстинде окуучулардын даярдык даражасына жана кызыкчылыктарына жараша өзгөртсө боло турган төрт элемент жатат: мазмуну, процесси, натыйжасы жана окуу чөйрөсү.

**Кайтарым байланыш** – окуучунун учурдагы жетишкендиктери менен каалаган максаттык деңгээли ортосундагы ажырымды кыскартуу үчүн окуучуларга сунушталган маалымат.

**Кептик стилдер** – бул коомдук турмуштун тигил же бул тармагында: көркөм адабиятта, күнүмдүк баарлашууда, расмий-ишкер мамилелерде, массалык маалымат каражаттарында жана илим тармагында пайдаланган сүйлөмдүн түрлөрү.

**Кептик түрлөр** - бул текстте биз эмнени айтууну каалаганыбызга жараша пайдаланган кептик түрлөр: бир нерсени баяндоо, сүрөттөө же ой жүгүртүү.

**Кептин үлгүлүү фразалары (клише)** – белгилүү кеп тармагынын коммуникативдик талаптарына ылайык колдонулган, кепте дайыма кайталанган даяр кептик формулалар.

**Моделдештирүү** - окутуу стратегиясы, анда мугалим жаңы түшүнүктү же окутууга мамилени көрсөтөт, ал эми окуучулар ага байкоо жүргүзүү менен, окуп-үйрөнүшөт.

**Ой жүгүртүү** - бул тексттин түрү, анын жардамы менен кандайдыр бир жобо, ой далилденет же түшүндүрүлөт; окуялардын жана кубулуштардын себептери жана кесепеттери, баа берүүлөрү жана сезимдери жөнүндө айтылат.

**Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо (ОУД)** – бардык окуучулардын керектөөлөрүн активдүү канааттандыруу үчүн окуу тажрыйбасынын долбоорун багытталган түзүлүш. Бул түзүлүш өзүнө окуучуларды окуу процессине тартуунун, көрсөтүүнүн, аракетин, көрсөтүү ыкмаларын жана бир нече каражаттарын тааныштырат.

**Окуучунун окутуудагы күтүлүүчү натыйжа** – Мамлекеттик стандарттын негизинде окуучулар өздөштүрүшү керек болгон күтүлгөн нерсе.

**Окуянын картасы** – аңгеменин негизги бөлүктөрүн жана аларды толтура турган жерин (башкы каармандар, аракеттенүү орду, көйгөй, чечим, корутунду) камтыган графикалык уюштуруучу.

**Пландаштыруу картасы** – жазуу ишинин планынын пункттарын белгилөөгө мүмкүндүк берген графикалык уюштуруучулар.

**Стратегия** - бул белгилүү бир максатка жетишүү үчүн, белгилүү план боюнча, белгилүү ыраттуулукта мугалим жана окуучулар тарабынан пайдаланган окуу материалдары менен иштөө ыкмаларынын системасы.

**Сүрөттөө** - бул тексттин түрү, анын жардамы менен кандайдыр бир реалдуу кубулуш анын туруктуу же бир эле учурда катышкан белгилерин же аракеттерин саноо жолу чагылдырылат.

**Текст** – бул сүйлөө ишмердүүлүгүнүн акыркы өнүмү. Текст сүйлөмдөрдөн турат, сүйлөмдөргө бөлүнөт (мүчөлөнөт). Тексттеги бардык сүйлөмдөр бири-бирине байланыштуу, жалпы тема жана негизги идея менен биригишкен. Текстте бардык сүйлөмдөр белгилүү тартипте жайгаштырылат. Текст салыштырмалуу бүткөн болуп саналат, анын башталышы жана аягы бар.

**Тексттин түзүлүшү** - бул анын ички түзүлүшү, анын бөлүктөрүнүн биригүүсү. Ал тандалган стили жана жанры менен аныкталат. Үч бөлүктүү түзүлүш текст үч бөлүктөн турарын билдирет, атап айтканда: кириш сөз, негизги бөлүк жана корутунду. Ар бир бөлүк өзүнчө маанилүү жана алардын ичинен бирөөсүнүн гана жоктугу текстти толук кандуу кылбайт.

**Текшерүү тизмеси** - конкреттүү көндүмдөрүнүн же жүрүм-турум моделдеринин тизмеси, алар аткарылып жаткан сайын адам же байкоочу тарабынан белгилениши керек. Жазуу ишине баа берүү үчүн пайдаланылат.

**Чыгармачылык жазуу** - бул жеке, чыгармачыл, оригиналдуу жаратуу ыкмасына басым жасоо менен жазуу иши.

## ТИРКЕМЕ

### Аракеттер планы

Тренингдин аягында ар бир катышуучу тренинг учурунда алган билимдерин жана калыптанган компетенттүүлүктөрүн өз педагогикалык практикасына киргизүү боюнча келечектеги аракеттердин Планын түзүшү өтө маанилүү. Бул план эки нускада түзүлөт. Бир нускасы катышуучунун өзүндө калат, экинчисин ал окутуу тренерине өткөрүп берет. Бул План катышуучу үчүн да, тренер үчүн да маанилүү, анткени тренер катышуучу тренинг учурунда чындыгында эмнени үйрөнгөнү жөнүндө кайтарым байланыш ала алат, ал эми катышуучу ага берилген тренинг жөнүндө ой жүгүртөт, топтолгон тажрыйбаны колдонуу, өркүндөтүү жана бекемдөө боюнча иш-аракеттерди пландаштырууга мүмкүнчүлүк алат. Андан тышкары, бул План тренердин мектепке барган учурунда катышуучуга насаатчылык жардамын камсыз кылат.

**1-кадам:** Азыр дароо эмне кылуу керек экендигин чечиңиз.

| |
|---|
| Жаңы үйрөнгөн нерсеңиздин атын атаңыз, эми аны оңой эле жасай аласыз \ колдоно аласыз \ айтып бераласыз \ түшүндүрүп бере аласыз: |
| Өзүңүздүн окутуу практикаңызга муну качан киргизе аласыз? |
| Бул идеяны киргизген учурда, Сиз эмнени окутасыз? |
| Сиздин оюңуз боюнча, бул сиздин окуучуларыңызга кантип жардам берет? |

**2-кадам:** Кийинки эки айда жаңы стратегияны («орнотулган тартип») киргизүү боюнча план түзүңүз.

| |
|---|
| Жакынкы эки айда окутуу практикаңызда колдонула турган бир стратегияны («орнотулган тартип») айтыңыз: |
| Сиз окута турган нерсени, предмет/мазмундук тармакты атаңыз: |
| Сиз баштай турган күн: |
| Бул Стратегия сиздин окуучуларга кантип жардам берерин аныктаңыз: |

| |
|---|
| Сизге керек боло турган ресурстар жана материалдар: |
| Сизге керек болгон колдоо (эгер бар болсо): |

**3-кадам:** Жаңы стратегияны колдонуунун баалоосун өткөрүү.

| |
|---|
| Бул стратегия сиздин окуучуларыңызга кантип жардам берди? |
| Эмнени жакшы аткардыңыз? |
| Кандай кыйынчылыктарга туш болдуңуз? |
| Кийинки жолу сиз эмнени башкача кылмак элеңиз? |

**4-кадам:** Мындан ары эмне кыла турганыңызды чечип алыңыз.

| |
|---|
| Кийинки жолу кайсы стратегияны колдонгуңуз келет? |

5-МОДУЛЬ

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕГИ КҮН САЙЫН ЖАЗУУ

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ........ 3

**1-БӨЛҮМ. КҮН САЙЫН ЖАЗУУНУН МААНИЛҮҮЛҮГҮ** ........ 6

**2-БӨЛҮМ. КҮН САЙЫН ЖАЗУУНУН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ** ........ 9

**3-БӨЛҮМ. КҮН САЙЫН ЖАЗУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН ЖАГЫМДУУ ЧӨЙРӨНҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ** ........ 25

**4-БӨЛҮМ. АТА-ЭНЕЛЕР БАЛДАРЫНЫН ЖАЗУУ КӨНДҮМДӨРҮН ЖАКШЫРТУУГА КАНТИП ЖАРДАМ БЕРЕ АЛЫШАТ?** ........ 28

**5-БӨЛҮМ. КҮН САЙЫН ЖАЗУУ СТРАТЕГИЯЛАРЫ** ........ 30

5.1. «Сүйлөм: түзүү, жайылтуу, бириктирүү» стратегиясы ........ 31

5.2. «Илимий таанып-билүүчүлүк текстти конспектилөө» стратегиясы ........ 33

5.3. «Менин күнүм» ой жүгүртүү (рефлексия) стратегиясы ........ 37

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР** ........ 39

**МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ** ........ 41

**СӨЗДҮК** ........ 42

**ТИРКЕМЕ** ........ 44

## КИРИШҮҮ

Адамзат тарыхында прогресс жана агартуучулук жазуудан улам келип чыккан. Адам жазууну үйрөндү жана бул анын баарлашуусунун ажырагыс ыкмасы болуп калды. Өткөн кылымда эле медицина илимдеринин доктору, педагогика илимдеринин доктору, дүйнөгө белгилүү психолог А.Р. Лурия жазуу процессинин өзгөчө татаалдыгы жана маанилүүлүгү жөнүндө айткан, анткени жазуу процессинде уникалдуу нерв байланыштары активдешет. Окумуштуулар бул байланыштар окутуу процессине активдүү таасир этет деп эсептешет. Жаңы маалыматты жазуунун жардамы менен айтып берген балдарда мээнин жогорулатылган активдүүлүгү байкалганын изилдөөлөр көрсөтөткөн. Бул жазуу – ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн активдешүүсүнө өбөлгө түзө тургандыгын билдирет. Жазасың, демек ойлоносуң.

Жазуу мээни машыктырат, ошондуктан балдарга башынан эле жазууга үйрөткөн сабактарда гана эмес, мектеп программасынын бардык сабактарын өздөштүрүү процессинде ага көңүл буруу керек. Жазуу күн сайын жана ар түрдүү болушу зарыл. Окуучулар ар кандай жазуу иштерин окуу күнүнүн жүрүшүндө үзгүлтүксүз негизде аткарып туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Бул тапшырмалар билимдерин калыптандырууга багытталып, ар кандай максаттарды жана аудиторияны чагылдырышы керек.

4-модулда мыкты жазуучу болуунун эң натыйжалуу жолу катары окуучуларды чыгармачыл жазуу процессине үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бурулган (Грэм жана башкалар, 2012). 5-модулда адатта кыска убакыттын ичинде аткарылган жана кайра иштеп чыгууну же редакциялоону талап кылбаган жазуу иштерин жаратуу көндүмдөрүн окуучуларда калыптандырууга өзгөчө көңүл бурулат. Биз муну күн сайын жазуу деп атайбыз.

Окуу максатында күн сайын жазуу деп, биз окуучулардын сабактын темасы боюнча конспект жазуу, чиймелеп жазуу, эскертүүлөрдү жазуу, окуп-үйрөнүп жаткан материалга реакциясы же визуалдык сүрөттөрдү тартуу боюнча жасаган иштерин түшүнөбүз. Бул окуу маалыматтарын жакшы эстеп калуу жана өздөштүрүү үчүн маанилүү. Окуучулардын мындай ишинин натыйжалуулугу бир учурда эс тутумдун ар кандай түрлөрүн колдонуусунан турат: угуу (эмне айткандарын угат), кыймылдаткыч (жазат), көрүү (жазылгандарды көрөт), мазмундук (уккан, сүйлөгөн сөздөрдү кайра айтып берет). Эгерде жазуулар мугалим тарабынан эмес окуучулар тарабынан өз алдынча аткарылса, анда бул чыгармачыл процесс, анткени алар маалыматты иштетүүнүн ар кандай техникаларын билдирет: окуган, уккан, көргөн. Эскертүүлөр, схемалар, сүрөттөр, таблицалар, кыскача корутундулар окуучуга сабакта окуп-үйрөнгөндөрүн калыбына келтирүүгө, кабыл алынган маалыматты толуктоого, системалаштырууга, кабыл алган маалыматты ылайыкташтырууга жардам берет.

Башталгыч мектепте мектеп окуучуларын мындай жазууларды жүргүзүүгө эрте үйрөтүү өзгөчө мааниге ээ, анткени бул орто жана жогорку класстарда рефераттарды, билдирүүлөрдү, презентацияларды жаратууга жасалган өзгөчөлөнгөн кадам.


Күн сайын жазуу мугалим тарабынан бааланбайт. Мугалим 4-модулда айтылгандай окуучунун жазуу ишинин акыркы продуктусун – жазуу процессин толугу менен колдонуунун натыйжасын баалайт.

5-модуль окуучулардын бар болгон билимдерин жана тажрыйбаларын актуалдаштыруу, сөз байлыгын байытуу, окуганын терең түшүнүү, окуп-үйрөнгөнүн жана калыптанган көндүмдөрүн бекемдөө, окуучулардын жетишкендиктерин көрсөтүү сыяктуу ар түрдүү максаттарды жана милдеттерди эске алуу менен башталгыч мектепте сабактарда күн сайын жазууну колдонуунун маселелерин кароону сунуштайт. Анда күн сайын жазууну адабий окуу сабактарына, Мекен таануу, математика, турмуш тиричилик коопсуздугунун негиздери жана башка предметтерге интеграциялоо ыкмалары жөнүндө сунуштар камтылган.

Модулдун акыркы бөлүмүндө башталгыч мектепте ар түрдүү сабактарда пайдаланса боло турган күн сайын жазуу стратегиялары сунушталган.

Модуль төмөнкүдөй түзүлүшкө ылайык иштелип чыккан (1-таблицаны караңыз).

**1-таблица. Модулдун түзүлүшү**

| | |
|---|---|
|  | Ар бир бөлүк окурмандын көңүлүн өтө маанилүү маалыматка топтоо үчүн багытталган суроолор менен башталат. Бул суроолор тиешелүү бөлүктүн бардык мазмунун камтыйт. |
|  | Модулда берилген темалардын кыскача сереби темалардын мааниси, негизги принциптер жана аларды класста колдонуу жөнүндө маалыматты камтыйт. |
|  | Ар бир бөлүмдүн аягында кыскача пикир келтирилген, башкача айтканда баптын негизги жоболорунун жана принциптеринин жалпыланышы берилет. |
|  | Стратегиялар мугалимдердин ар түрдүү предметтер боюнча сабактарында бул мамилелерди кантип ишке ашыруу жөнүндө конкреттүү көрсөтмөлөрдү камтыйт. Ар бир стратегия өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: 1) мугалимдердин сабакка чейин, сабак учурунда, сабактан кийинки ишмердүүлүгүнүн баяндалышы; 2) окутуу жана баалоо процессинде дифференциациялоо боюнча сунуштар. |
|  | Текстте бөлүмдөгү негизги ойлорду ырастаган маанилүү изилдөөлөр жөнүндө кошумча маалыматтар келтирилген. |
|  | Пайдаланылган адабияттар |
|  | Мугалимдер үчүн сунушталган адабияттардын тизмеси |

| | |
|---|---|
|  | Сөздүк |
|  | Тиркеме |

## 1-БӨЛҮМ. КҮН САЙЫН ЖАЗУУНУН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

### Багыттоочу суроолор

- Күн сайын жазуу менен мээнин иштешинин ортосунда кандай өз ара байланыш бар?
- Башталгыч мектептин окуучуларында күн сайын жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү эмне үчүн маанилүү?

*Кол жазат, бирок, чындыгында, биздин мээбиз жазат: ал кандай буйрук жиберсе, ошол аткарылат жана бул мааниде кол мээнин уландысы болуп эсептелет. Ал тургай, «акылдуу кол», же «ой жүгүртүүчү кол» деген түшүнүктөр дагы бар.*

*Татьяна Черниговская,*

*биология илимдеринин доктору, психолингвист*

Жазуу иши продукт катары – бул биз эмне жөнүндө ойлонгонубузду жана эмнени сезип жатканыбызды жазуу түрүндө чагылдырат. Жазуу ишин жаратуу – татаал процесс, анткени бир нече ой жүгүртүү функцияларынын интеграциясын талап кылат: кол менен көздүн координациясын, тил, эс тутумду, чыгармачыл жөндөмдү, кыраакылыкты, логиканы, мейкиндиктик интеллектти жана абстракттуу ой жүгүртүүнү, ошондуктан жазуу мээни өнүктүрүү үчүн натыйжалуу көнүгүү, машыгуунун бир түрү, күн сайын алектенген ишмердүүлүк.

Жакында жүргүзүлгөн эксперименттик изилдөөдө илимпоздор жазуу процессинде адамдын мээсин сканерлөө менен, мээнин өнүгүүсү жана жазуунун ортосундагы өз ара байланышын кароого аракет кылышкан. Натыйжада, жазуу процессинде мээнин көптөгөн тармактары бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, башка көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн күчтүү нейрон байланыштарын түзүүгө өбөлгө болгону аныкталды (Деан, 2019). Окутуу психология тармагындагы изилдөөлөр күн сайын, системалуу жазуу жаңы маалыматтарды эстеп калуу жана өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүн орчундуу күчөтө тургандыгын көрсөтөт (Бергингер, 2016).

Окумуштуулар тарабынан дагы бир эксперимент өткөрүлгөн, анда окуучулардын эки тобу жаңы маалыматтарды угушкан. Окуучулар лекцияны жазып алып, негизги маалыматтарды кол менен жазып алышкан топ, алынган маалыматты жакшыраак калыбына келтирип, андан жыйынтык чыгара алышкан. Жазуу үчүн эң маанилүү нерселерди бөлүп көрсөтүү менен, алар уккан нерселерин аңдап-түшүнүп, аны кабыл алуу процессинде маалыматты талдоого туура келген (Мюллер жана башкалар, 2014). Мындан тышкары, башталгыч класстын окуучулары менен жүргүзүлгөн эксперименттер, окуучулардын өз колу менен жазган иштери компьютерди пайдалануу менен салыштырганда бай фантазия жана сөз байлыгынын ар түрдүүлүгү менен айырмаланганын көрсөтүшөт. Бул мээ жазуу процессинде активдүү иштегени менен түшүндүрүлөт.

Башка изилдөөчүлөр (ЛогнкэмпМ, 2006) окууну үйрөнүп жаткандар, эгер графемаларды (биздин учурда тамгаларды) жазуу түрүндө кайрадан көрсөтүп

беришсе, аларды тезирээк эстеп калышканын аныкташкан. Жазуудагы системалык көнүгүүлөр кабыл алуу, эс тутум, түшүнүктөрдү калыптандыруу, маселелерди чыгаруу, элестетүү жана логика сыяктуу таанып-билүү процесстерин активдештирет (Ричардс жана башкалар, 2015).

Нейропсихолог Кристиан Марквардт бала күн сайын жазуу билдирүүлөрүн жүргүзгөн учурда, анын мээси жазылган нерсени эстөө жөндөмдүүлүгү гана эмес, эмне жөнүндө жазып жаткан нерсени элестетүү жана түшүнүү деңгээли да жогорулайт деп белгилейт (Марквард, 2015). Кандайдыр бир темага текст жазуу аны оозеки талкуулоого караганда так түшүнүүнү талап кылат. Бир нерсени жазганга чейин, окуучулар ой жүгүртүп, өз ойлорун иретке келтирип, андан соң кылдаттык менен иштелип чыккан маалыматты текстке айландырышат. Ошондой эле окумуштуулар күн сайын жазууда окуучулардын чыгармачыл жөндөмдүүлүгү өнүгөт деп белгилешет. Күн сайын жазуу окуучунун сөз байлыгын кеңейтүүгө өбөлгө түзөт. Жазуу процессинде ал тексттерде көп колдонулган сөздөрдү жана сөз айкаштарын байкап, аларды өз ишине өткөрөт. Өз жазуу иштерин өркүндөтүү үчүн окуучуларга жаңы сөздөрдү жана сөз айкаштарын издөөгө туура келет, алардын сөз байлыгы ар тараптуу боло баштайт.

**1-схема. Күн сайын жазуунун көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири**




Башталгыч мектепте күн сайын жазууну колдонуу бардык предметтерди окуп-үйрөнүүдө маанилүү, анткени жазуу практикасы маалыматты мээ тарабынан кабыл алууну, иштетүүнү, сактоону жана чыгарууну жакшыртат, бул бардык таанып-билүү тармагынын мазмунун өздөштүрүү үчүн маанилүү (Деан, 2019).

Жазуудан улам окуучулар татаал материалдарды, тааныш эмес концепцияларды жана предметтин (математика, Мекен таануу, музыка ж.б.) сөздүгүн жакшы түшүнө алышат жана сабаттуулук деңгээлин жогорулатышат. Күн сайын жазуу өзүн өзү таанып-билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт, анткени процесстин өзү калыптанган ишенимдерди изилдөөгө, адамдын дүйнөгө кандай мамиле кылганын түшүнүүгө жана анын эмоцияларын иштетүүгө жардам берет.

Акыркы он жылдыктарда окумуштуулар жазуу, окуу жана түшүнүүнү жакшыртуунун жакшы жолу болуп эсептелгенин көрсөтүшөт. Окулган чыгарма боюнча иш жазуу текстти көп жолу кайталап окуганга, кайра айтып бергенге, текст боюнча берилген суроолорго жооп бергенге, жалпылоого караганда, текстти түшүнүүнүн натыйжалуу жолу болуп чыкты. Бул өзгөчө жетишкендиктери жогору болбогон окуучулар үчүн орчундуу болуп эсептелет, анткени окшош тапшырмалар алардын текстти кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн чектеген (Грэм жана башкалар, 2010).

Башталгыч мектепте окутуу процессинде күн сайын жазуу ой-пикирлерди уюштурууга, идеяларды өнүктүрүүгө, сынчыл ой жүгүртүүгө, сөз байлыгын кеңейтүүгө, ар түрдүү кептик стилдерин пайдаланууга, орфографиянын, грамматиканын жана синтаксистин эрежелерин бекемдөөгө өбөлгө түзөт. Эгерде мугалимдер сабакка жазууга жана окууга убакыт бөлүшсө, окуучулар бул көндүмдөрдүн ийгиликтүү өнүгүүсүн көрсөтө алышат.

Күн сайын жазуу окуучулардын баарлашуусу үчүн негиз болуп саналат, байланыш көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Бирок ушул жерден белгилей кетүүчү нерсе, эгерде окуучулар кандай жазганы менен эмес, жөн гана жазганы үчүн бааланса, окуучулар алардан өз пикирин билдирүү үчүн баалуу каражатты табышат. Жазуу көбүнчө окуучуларды мектептеги сабактар боюнча өз билимдерин жана түшүнүктөрүн көрсөтүү үчүн колдонулат, бирок жазуу көндүмдөрүнө жеткиликсиз ээ болуусу сөзсүз эле билимдин жетишсиздигин чагылдырбайт. Мугалимдер үчүн альтернативдүү жазуу тапшырмаларын аткаруу аркылуу предметти өз түшүнүүсүн билдирүү мүмкүнчүлүгүн окуучуларга берүү жана мектептеги кыйынчылыктарды кантип жоё алышын билүү өзгөчө маанилүү. Эгер окуучулар күнүмдүк жазуу тапшырмаларынын үстүнөн иштөөнү жакшы көрүп калышса, анда бул аларга кийинки жашоосунда пайда алып келиши мүмкүн, анткени бийик технологиялар жана санариптештирүү доорунда (Интернетти, социалдык тармактарды ж.б. колдонуу) жакшы жаза алуу барган сайын талап кылынган көндүм боло баштайт.

### Кыскача пикир

Жазуу процессине бардык ой жүгүртүү функциялары катышат, ошондуктан жазуу мээ үчүн машыгуу болуп эсептелет. Башталгыч мектептин сабактарын жазуу тапшырмаларын күн сайын, системалуу киргизүү окуучуларга жаңы маалыматтарды жакшы өздөштүрүүгө, түшүнүүгө жана талдоого, эс тутумду, кабыл алууну жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, түшүнүктөрдү калыптандырууга жана маселелерди чечүүнү билүүгө, элестетүүнү, фантазияны, чыгармачылыкты колдонууга, сөз байлыгын кеңейтүүгө, укканды же окуганды түшүнүүсүн жакшыртууга мүмкүндүк берет. Күн сайын жазуу практикасы ой-пикирлерди уюштурууга, идеяларды өнүктүрүүгө, сынчыл ой жүгүртүүгө, сөз байлыгын кеңейтүүгө, ар түрдүү кептик стилдерин пайдаланууга, орфографиянын, грамматиканын жана синтаксистин эрежелерин бекемдөөгө, ошондой эле коммуникативдик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Күн сайын жазуу көндүмдөрүнө ээ болуу, келечекте өз ойлорун жазуу жүзүндө так жана ачык чагылдыра билүүнү талап кылган санариптештирүү доорунда аларды ийгиликтүү колдонууга мүмкүндүк берет.

## 2-БӨЛҮМ. КҮН САЙЫН ЖАЗУУНУН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ТҮРЛӨРҮ

### Багыттоочу суроолор

- Күн сайын жазуу кантип жана эмне үчүн пайдаланылат?
- Күн сайын жазууну сабакка кантип киргизсе болот?

*Жазуунун жардамы менен сиз каалаган нерсеге жетише аласыз.*

*Льюис Кэрролл, англиялык жазуучу*

Башталгыч мектепте күн сайын жазууну ар кандай окуу максаттарына жана милдеттерине жетишүү үчүн пайдаланса болот.

**Окуучулардын бар болгон билимдерин жана жеке тажрыйбасын актуалдаштыруу.** Окуучуларды натыйжалуу окутуу, алардын мурунку билгендери менен эмне алар үчүн жаңы болуп эсептелгени ортосунда байланыш түзүлсө, мүмкүн болот. Жазуу ишинде окуучулар жаңы теманы окуп-үйрөнүү муктаждыгын аныктай алышат, бул ар бир окуучуну сабакта жигердүү иштөөгө багыттоого жана шыктандырууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле, окуучулар өздөрүнүн турмуштук тажрыйбаларын жана болгон көндүмдөрүн жаңы маалыматтар жана ээ болгон көндүмдөр менен байланыштыра алышат.

**Ой жүгүртүү процесстерин түзүмдөштүрүү (структуралаштыруу).** Жазуу ишинде окуучулар окуп-үйрөнгөндөрүн маалыматтын графикалык уюштуруучусу, схемалар, менталдык карта түрүндө көрсөтмөлүү сунуштай алышат. Бул билимди түзүмдөштүрүүгө, ойду түшүндүрүүгө жана уюштурууга, аларды талдоого, башкы нерсени бөлүп көрсөтүүгө жана аныктоочу планды белгилөөгө, идеяларды классификациялоого мүмкүндүк берет, бул акырында, маалыматты тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

**Окуучулар тарабынан окуп-үйрөнүлгөн предметтерди түшүнүүсүн тереңдетүү.** Жазуу окутуу куралы катары колдонулат. Бул учурда, бул формалдуу эмес иш (чектөөлөр жок), анын максаты окуучуларды ой жүгүртүүгө, колдонууга, билимдерди калыптандырууга жана көндүмдөрдү өнүктүрүүгө тартуу болуп эсептелет. Мындай иш окуучуларга дараметин ачууга, окууга болгон кызыгуусун жана мотивациясын жогорулатууга жардам берет. Бул иштин жүрүшүндө **мугалим үчүн маанилүү:**

- окуучулардын көңүлүн окуп-үйрөнүү үчүн маанилүү нерсеге топтоо;
- мындай иштерди үзгүлтүксүз жүргүзүп туруу, бирок жазуу тапшырмасынын көлөмү чакан болушуна аракет кылуу (сабактын үч мүнөтүнөн он мүнөтүнө чейин);
- теманы түшүнүүгө жардам берүүгө окуучуларды жазгандары менен бөлүшүүгө жана аны талкуулоого түртү берүү;
- маалыматты берүүнүн ар кандай формаларын (мисалы, диаграммаларда, схемаларда, тизмелерде) пайдаланууну демилгелөө.

**Ээ болгон билимдеринин жана калыптанган көндүмдөрүнүн көрсөтүлүшү:** Күн сайын жазуунун бул түрүн мугалим окуучулардын окуп-үйрөнгөн материалды жана предметтин мазмунун түшүнгөндүгүнө ишенүү үчүн үзгүлтүксүз пайдалануу керек.

Ошондой эле мугалим окуучулардан өткөн материалды бекемдөө максатында текст жазууну өтүнсө болот. Жазуу иштери окуучулар тарабынан мазмундун өздөштүрүлүшүн көрсөтүүгө гана эмес, Б. Блумдун таксономиясын[1] (билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо, топтоштуруу, баалоо) окуу максаттарынын деңгээлдерине ылайык ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн тереңдигин ачууга дагы багыттаса болот. Окуучунун жазуу иши эркин сүйлөө, мазмунду өздөштүрүү, синтаксис, орфография, грамматика, сөз байлыгына ээ болуу деңгээлин көрсөтө алат. Ошондой эле, окуучулардын жазуу иштери аркылуу алардын ар түрдүү түзүлүштөрдөгү жана ар кандай жанрдагы тексттерди түзө алуу билгичтигин бааласа болот. Бул эмгектер окуучулардын окуу жетишкендиктериндеги күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого, окутууну пландаштырууга, колдонулган окутуу методдоруна баа берүүгө, окуучуларга кайтарым байланыш берүүгө, окуучулардын жетишкендиктерине байкоо жүргүзүүгө жана өсүүсү жөнүндө отчет берүүгө жардам берет.

Күн сайын жазууну төмөнкү тапшырмалардын түрлөрүн пайдалануу менен, сабакка киргизсе болот (2-схеманы караңыз): жазуу муз жаргычы, жазуу пикири, жазууларды жүргүзүү жана башка кошумча жазуу тапшырмалары.

### 2-схема. Күн сайын жазуунун түрлөрү




### Жазуу муз жаргычы

Ар бир күндү жазуу муз жаргычы менен баштаса болот, бул өзгөчө эртең мененки салт, ал окуучуларга ой-пикирлерин топтоого, көңүлүн сабак учурунда окуп-үйрөнүлө турган темага бурууга, бардыгы «өз ойлорун уга алышы» үчүн класста тынчтыкты орнотууга мүмкүнчүлүк түзөт. Балдар өзүнүн класстык жашоосунда көнүп калган күнүмдүк орнотулган тартип окутууну жана окуп-үйрөнүүнү жеңилдетет. Тапшырмалар жана жол-жоболор окуучуларга жакшы белгилүү болгон учурда, мугалим тарабынан моделдештирилет, андан соң колдонулат, алардан эмне күтүлөт жана белгилүү

[1] **Б.Блумдун таксономиясы** – таанып-билүү тармагындагы максаттардын классификация жана системасы. 1956-жылы «Таксономия» деген иш жарык көргөн, анда таанып-билүү (когнитивдүү) тармагындагы максаттардын баяндалышы берилген.

нерселерди өз алдынча кантип жасоону билишет. Сабактын башында ушул алдын ала божомолдонгон жол-жоболордун болушу мугалимдерге окуу процессин натыйжалуу башкарууга жана мазмундуу окутууга көбүрөөк убакыт бөлүүгө мүмкүндүк берет. Жазуу муз жаргычы үчүн сунуш кылынган тапшырмалар скаффолдинг принцибине («Башталгыч мектепте дифференциацияланган окутууну колдонуу» модулун караңыз), чыгармачыл жазуу ишин жаратуу процессине («Башталгыч мектепте чыгармачыл жазуу» модулун караңыз), башталгыч мектептер үчүн билим берүү стандарттарына жана окуу максаттарына жана сабактын милдеттерине шайкеш келиши керек.

Төмөндө 1-4-класстар үчүн жазуу муз жаргычтарынын мисалдары келтирилген.

### Жазуу муз жаргычынын мисалы (1-класс, экинчи жарым жылдык).

Мугалим сабакта талкуулана турган кубулуштар, китеп иллюстрациясын же бир нерсенин сүрөтүн сунуштайт. Мугалим окуучулардан сүрөттү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жардамы менен баяндап берүүсүн өтүнөт.

**СҮРӨТТҮ БАЯНДА**



________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

### Жазуу машыгуусунун мисалы (2-класс)

Мугалим окуучуларды сабакта карала турган суроого жазуу түрүндө жооп берүүнү суранат. Окуучулар мугалимдин суроосуна кыскача жооп беришет.

| СУРОО-ЖООП |
| --- |
| **СУРОО:** *Кандайдыр бир предметти кантип ченөө керек?* |
| **ЖООП:** *Чакан нерсени сызгыч менен өлчөөгө болот, эгер чоң нерсени өлчөө керек болсо, анда курулуш лентасын пайдаланат.* |

### Жазуу муз жаргычынын мисалы (3-класс)

Мугалим окуучуларга чакан текст камтылган карточканы таратат. Окуучулар текстти кунт коюп окуп, тексттин аягындагы суроолорго жооп бериши керек.



**АЙГҮЛ ГҮЛҮ**

Баткен облусунун Кара-Булак айылында уникалдуу Айгүл гүлү өсөт. Айгүл гүлү эндемик болуп эсептелет, бул, Айгүл гүлү бир эле жерде, биздин Кыргызстанда гана өсөт жана башка эч жерде жок дегенди билдирет.

*Бул гүл тууралуу эмне ойлосоңор, ошону жазгыла. Эмне үчүн аны коргоо керек?*

___________________________

___________________________

___________________________

___________________________

### Жазуу муз жаргычынын мисалы (4-класс).

Мугалим окуучулардан бүгүн кайсы күн экендигин эстөөсүн өтүнөт. Бул күн эмнеси менен маанилүү. Андан соң мугалим окуучуларга (шарттуу түрдө) бүгүн кыргыз кичинекей балдарынын жашоосун өзгөрткөн адамдын туулган күнү экендигин билдирет. Мугалим ал жөнүндө, карточкага жайгаштырылган маалыматтар менен таанышууну жана тексттен кийин берилген суроолорго жооп берүүнү өтүнөт.

**ЭШЕНААЛЫ АРАБАЕВ**



Эшенаалы Арабаев 1882-жылы 17-февралда Борбордук Тянь-Шандагы Кочкор болуштугунун, Күн-Батыш кыштагында туулган. Кичинекей кезинен эле зээндүү, тың, чыйрак бала болгон. Медреседен окуган, мугалим болууну кыялданган. Араб тилиндеги китептерди окуп, билими жетишсиз экендигин сезип, балдар үчүн кыргыз тилинде алиппе китебин жазганды эңсеп, 1911-жылы биринчи кыргыз тилинде «Алиппе» китебин жазган.




Балдар, чыйрак деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

## Жазуу түрүндө жооп берүү

Жазуу түрүндө жооп берүү – бул жаңы маалыматка кайтарым байланыш. Окуучулар окуп-үйрөнгөндөрүнө карата ар кандай мамилелерди көрсөтө алышат, аларга ачык айтуу маанилүү. Ал эми мугалим үчүн бул маалыматты «угушу» маанилүү. Күн сайын жазуудагы кайтарым байланыш формалдуу эмес мүнөзгө ээ. Берилген тапшырмалар ачык суроодон жана жооптон баштап, окуучулардын күнүмдүк жашоосу менен жаңы маалыматтын кандай байланышы бар экендиги тууралуу ой жүгүртүүгө чейин болушу мүмкүн.

**Окурмандык күндөлүк.** Окуучулар текст менен таанышып, аны талкуулагандан кийин, окулган текстке болгон мамилесин билдирүү максатында «Окурмандык күндөлүк» формасын толтурушат.

| ОКУРМАНДЫК КҮНДӨЛҮК | |
|---|---|
| Автор | Жанр |
| Китепти үч сөз менен сүрөттөйм:<br>____________________<br>____________________<br>____________________ | |
| Китептен цитата | |
| Китеп жөнүндө эскертүүлөр (ойлор, эмоциялар)<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________ | |

Окуган чыгармасына жооп кайтаруунун дагы бир формасы болуп текстте айтылган нерселер жөнүндө окуучу эмне деп ойлогону менен салыштыруу болушу мүмкүн («Текст-Мен» формасы).

| «ТЕКСТ-МЕН» | |
|---|---|
| **ТЕКСТТЕ ЖАЗЫЛГАН** | **МЕНИН ОЮМЧА** |
| *Балдар Айка менен ойногулары келген жок, анткени ал майып коляскасында болчу. Бирок ачууланган ит аларга кол салган учурда, Айка балдарды сактап калды.* | *Мен ушул кыздын жанына барып, биз менен ойногусу келип жатабы деп сурайт элем. Бардык балдар ойногонду жакшы көрүшөт. Эч ким сени менен ойнобой калса, бул жаман. Ошондо ыйлагың келет. Бирок мен өзүмдү жаман сезсем дагы, көз жашымды көрсөтпөөгө* |

| | |
|---|---|
| | аракет кылам. Дайыма бардыгы бирге ойногону жакшы. |

**Ой жүгүртүү баракчасы.** Жаңы теманы окуп-үйрөнгөндөн кийин, мугалим окуучуларды тема боюнча үч суроонун үстүнөн ой жүгүртүүнү жана өз жоопторун жазууну сунуштайт. Эгерде окуучуларда кандайдыр бир суроолор пайда болсо, аларды «Ой жүгүртүү баракчасына» дагы жаза алашат.

| **ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ БАРАКЧАСЫ**<br><br>**Тапшырма:** Сабактын темасы менен таанышкандан кийин, биринчи тилкеге суроолорго жоопторду жазгыла, ал эми экинчи тилкеге ушул тема жөнүндө эмне ойлогонуңарды же суроолоруңарды жазгыла.<br><br>Тема ________________ | |
|---|---|
| **МУГАЛИМДИН СУРООЛОРУ** | **МЕНИН ОЙЛОРУМ ЖАНА СУРООЛОРУМ** |
| 1) Кыргызстандын кайсы мамлекеттик символдорун билесиңер?<br><br>Желек, герб, гимн. | Мен өлкөнүн башкы желегин Бишкектин борборунан көрдүм. Аны эки аскер кайтарып турат. Алар бардык аба ырайында ошол жерде турушат. Мен имараттардын чатырларында дагы желектерди көрдүм. Желектер кайда жасалат болду экен? Желекке сүрөттү кантип тартат? |
| 2) Кыргызстандын желеги эмнени билдирет?<br><br>Кызыл тик бурчтуу кездеме, борборунда түндүк формасында 40 алтын нуру бар күн тартылган. | |
| 3) Кыргызстандын гербинде эмне чагылдырылган? | |

| | |
|---|---|
| Көк теңирек, ак шумкар, көл, тоолор, күн, дан машагы | |

**1-форма. Мен бул сабактан билдим.** Окуучуларга (эркек бала/кыз) окуп-үйрөнгөн материалды жалпылоого (1-форма) же аны окуучулардын бар болгон билими жана турмуштук тажрыйбасы менен салыштырууга (2-форма) мүмкүндүк берет.

### 1-форма. Мен бул сабактан билдим

| МЕН (ЭРКЕК БАЛА/КЫЗ) БУЛ САБАКТАН БИЛДИМ: |
|---|
| 1. Мен ½ пицца ¼ караганда ашык экендигин билдим.<br>2. Эки жарым - бир бүтүн нерсе.<br>3. Сиз бир нерсени 4 бөлүккө бөлүп, анын көлөмүн 4 ар башка адамдарга бирдей өлчөмдө берген учурда, ар бири ¼ бөлүкчөсүн ала турганын билдим. |
| **МЕНИН СУРООЛОРУМ:**<br>1. 2 эмне үчүн 4төн азыраак, ал эми ½ ¼ караганда көбүрөөк?<br>2. Пиццаны канча бөлүккө бөлсө болот?<br>3. Эгерде менде 11 момпосуй болсо, ал эми биз 4 классташ болсок, ар бирибиз канча момпосуй алабыз? |

### 2-форма. Мен бул сабактан билдим

| ЖАҢЫ ЭМНЕ БИЛДИМ? ЭМНЕ КӨБҮРӨӨК ЖАКТЫ? |
|---|
| Бүгүн биз жаратылыштагы азыктануу чынжырларын окуп-үйрөндүк. Көрсө, токой чымчыктар, жаныбарлар жана курт-кумурскалар жок жашай албайт экен. Мага азыктануу чынжырларын түзгөн жакты. |
| **МЕН БУГА ЧЕЙИН ЭМНЕНИ БИЛЧҮ ЭЛЕМ?**<br>Токой адамга абдан керектигин. Ал ансыз жашай албасын. Ал адамга кычкылтек, кагаз, тамак бере турганын. |
| **ЖАҢЫ МААЛЫМАТ МЕНИН ЖАШООМДО КАНТИП ЖАРДАМ БЕРЕТ?**<br>Мен кагазды азыраак коротконго аракет кылам, анткени Жердин ар бир жашоочусу жылына 3 дарактан алынгандай кагаз коротот. Биздин үй-бүлөдө 7 адам бар, демек, жылына биздин айыбыздан 21 бак жок болуп жатыптыр. Бул дээрлик токойдун бардыгы. |

### Жазууларды жүргүзүү

Окуучулардын сабактын жүрүшүндө же сабактын аягында конспект жазышы – бул окуу куралы, ал алган билимдерин жазуу, жаңы көндүмдөрдү практика жүзүндө көрсөтүү жана окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо үчүн пайдаланат. Бул жумушчу дептерлер, окуу журналдары, окуу күндөлүктөрү ж.б. болушу мүмкүн. Аларга окуучулар өз ойлорун жазышат, идеяларды жалпылашат, ошондой эле чиймелерин, эскиздерин, графикалык уюштуруучуларын өз журналдарына жайгаштыра алышат. Төмөндө жазууларды жүргүзүүнүн бир катар мисалдары келтирилген.

«Сабактын конспектиси» формасында окуучулар сабактын башкы суроолорун жазышат жана берилген суроолорго толук жооп беришет (3-форманы караңыз).

**3-форма. «Сабактын конспектиси»**

| САБАКТЫН КОНСПЕКТИСИ_________________ | |
|---|---|
| **ТЕМА** | **КОНСПЕКТ** |
| *Эмне үчүн гигиена эрежелерин сактоо керек?* | *Сулуу, ден-соолугу чың, тыкан болуш үчүн сактоо керек.* |
| *Эмне кылуу керек?* | *Тишти күнүнө 2 жолу тазалоо.*<br>*Тамак ичердин алдында колду жууш керек.*<br>*Күнүмдүк режимди сактоо.*<br>*Спорт менен машыгуу.*<br>*Ден-соолукту бекемдөө.*<br>*Буюмдарды таза кармоо.*<br>*Жүрүм-турум маданиятынын эрежелерин сактоо.* |

«Сабактын конспектиси» формасы окуучулар түйүндүү сөздөр[2] түрүндө башкы идеяларды бөлүп көрсөтүү үчүн сунушталат. Мындай сөздөр бир нече болушу мүмкүн. Сабактын аягында окуучулар алынган маалыматтарды жалпылашат: сабактагы иштин корутундусун жазат (4-форманы караңыз).

---

[2] **Эскертүү.** Түйүндүү сөздөр - тексттин негизги мазмунун чагылдырган сөздөр. Алар же алардын ордуна колдонгон сөздөр текстте көп кездешет; зат атоочтор же этиштер менен туюнтулган; бири-бири менен байланыштуу, бул тексттин маанилик түзүлүшүн калыбына келтирүүгө жардам берет.

## САБАКТЫН КОНСПЕКТИСИ

**Мекен таануу, 3-класс, Тема:«Майрамдар»**

### НЕГИЗГИ ИДЕЯЛАР

Жаңы жыл    Рождество ..............Ата мекенди коргоочулардын күнү

Аялдардын Эл аралык күнү    Нооруз    Эмгек майрамы

Конституция күнү    Жеңиш күнү    .........Эгемендүүлүк күнү

Улуу Октябрь социалисттик революциянын күнү

Курман Айт    Орозо Айт

**ЖАЛПЫЛОО**


Эгемендүү Кыргызстандын мамлекеттик майрам күндөрү бар.

Аларды биздин өлкөдө жашаган бардык элдер белгилешет.

*Бул күндөр майрам болуп саналат, календарда алар кызыл түс менен белгиленген.* ___


**«Сөздүн картасы» формасы** окуучуларга окуп-үйрөнүп жаткан теманын түйүндүү сөзү менен иштөөгө жана бул тармакта өз билимдерин түзүмдөштүрүүгө жардам берет. Графикалык уюштуруучунун борборунда сөз жайгаштырылат, анын мааниси, колдонуу тармагы берилет, сөздүн маанисин терең түшүнүү үчүн синонимдер тандалып, түйүндүү сөз аркылуу окуп-үйрөнүп жаткан предметти мүнөздөгөн мисалдар келтирилет.

**«Сөздүн картасы» формасы (мисалы, мекен таануу, 3-класс, «Горизонт» темасы).**




**«Ырааттуулук» формасы** окуучуларга окуп-үйрөнүлүп жаткан темага кирген сабактын мазмунунун аспектилери, негизги темалардын ырааттуулугун аныктоо сунушталат. Бул окуучуларга ой жүгүртүүсүн түзүмдөштүрүүгө, окуп-үйрөнүп жаткан материалды жалпылоого, маалыматты эсинде сактоого мүмкүнчүлүк берет жана талдоо үчүн шыбырап айтуу боло алат.

### 6-форма. Ырааттуулук





### Кошумча жазуу тапшырмалары

Кошумча жазуу ишин сабакта тапшырманы башка классташтарына караганда ылдамыраак аткарган окуучуларга берүү сунушталат. Негизги тапшырманы аткарууга класстагы окуучулардын көпчүлүгүнө убакыт керек болгон учурда, айрымдарына мугалимдин колдоосу жана көңүл буруусу талап кылынат, негизги тапшырманы аткарып бүткөн окуучуларга кошумча көнүгүүнү сунуштоо аларды кызыктуу жана пайдалуу ишке тартууга мүмкүнчүлүк берет. Биринчиден, мындай тапшырманы аткаруу менен, алар бүт класстын көңүлүн алагды кылышпайт. Экинчиден, алар убакытын текке кетиришпейт, жазуу көндүмүн өркүндөтүшөт. Үчүнчүдөн, эгерде тапшырмалар чыгармачыл болсо, бул окуп-үйрөнүү процессинен ырахат алууга мүмкүнчүлүк берет.

Тапшырмалардын бири сүрөттөр боюнча аңгеме түзүү болушу мүмкүн. Мугалим окуучуга бир эле окуяны сүрөттөгөн бир нече карточкаларды сунуштайт. Окуучу карточкаларды керектүү ырааттуулукта жайгаштырат жана ар бир карточканын астына сүйлөм жазат, анда ал карточкада чагылдырылган аракетти сүрөттөйт. Төмөндө сүрөттөр боюнча аңгеме түзүүнүн мисалы келтирилген[3].

3 Бул жерде Sundem G., Improving Student Writing Skills, Shell Education, USA, 2007, p. 51. колдонмосунан сүрөттөр пайдаланылган.

| МЕНИН АҢГЕМЕМ | | | |
|---|---|---|---|
|  |  |  |  |
| Апам жана атам эртең менен эрте турушат. | Иттин уйкусу кангандай, токтоо көрүнөт. | Алар жумушка кетишет. | Ит бардыгы үйдөн кеткенге чейин уктайт. |
|  |  |  |  |
| Ал жалгыз калган учурда, тегерегин карайт жана күлөт. | Ит үйдө болгон бардык бут кийимдер менен ойной баштайт. | Апам жана атам жумуштан кийин үйгө кайтып келишет. | Ит, эч нерсе болбогонсуп, катуу уктап калат. |

**Чакан аңгеме.** Иштин башка формасы окуучу өзү тандаган карточкадагы чакан аңгеме жазуу болушу мүмкүн. Төмөндө карточканын мисалы келтирилген.

**МЕНИН АҢГЕМЕМ**

Алма, поезд, пил, кагаз, гитара деген беш сөздү колдонуп, аңгемени ойлоп чыгарып жана жазгыла.

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

Төмөндө аңгемени түзүүнүн үстүнөн иштөө үчүн пайдалана турган бир катар идеялар келтирилген.

| | |
|---|---|
| 1. | Шаарда жергиликтүү зоопарк жабылган. Жаныбарларды шаар тургундарына бөлүштүрүп беришти. Сага кичинекей крокодил алууну сураныщты. Крокодилди үй жаныбары катары жазсаң. |
| 2. | Оюңардан чыгарып, аңгеме жазгыла: алма, поезд, пил, кагаз, гитара. |
| 3. | Чоңойгондо эмне болууну каалайсыңар жана эмне үчүн? Жазгыла. |
| 4. | Эгерде сага укмуштуудай жөндөмдүүлүктөр берилген болсо, анда сен эмнени каалайт элең? |
| 5. | Планетанын кайсы үч жерине баргың келет? Алардын ортосунда кандай окшоштуктар бар? |
| 6. | Сен аябай бактылуу болгон учурду сүрөттөп берсең? Буга эмне себеп болду? |
| 7. | Кайсы жаныбар сага абдан жагат? Эмне үчүн? |
| 8. | Өзүңдү жаңы мөмө өстүргөн илимпоз деп элестетип көрсөң. Бул жемиш эмне деп аталмак? Мөмө кандай болмок? Ал кандай даамга ээ болмок? Анан, эң башкысы, аны жесе болобу? |

| | |
|---|---|
| 9. | Өзүңдүн сүйүктүү спорттун түрү жөнүндө айтып берсең? Сага ал эмне үчүн жагат? |
| 10. | Жай мезгилинде эмне менен алектенгенди жакшы көрөсүң? Эмне үчүн? |
| 11. | Сенин эң сүйүктүү майрамың кайсы? Эмне үчүн? |
| 12. | Чындыгында кайсы адабий каарман менен таанышкың келет? Эмне үчүн? |
| 13. | Сага башка өлкөдөн досуң же сүйлөшкөн кызың келет. Ага өзүңдүн өлкөңдө кайсы жакка барууну сунуш кыла турган нерселериңди айтып берчи. |
| 14. | Дүйнөдө электр энергиясы жок болуп кетти деп элестетип көрсөң. Электр энергиясы жок жашоо кандай болмок? |
| 15. | Сүйүктүү тасмаңа сын-пикир жазсаң. Эмне үчүн ал сага жагат? Эмне үчүн сен аны көрүүнү сунуштайсың? |
| 16. | Эгерде сенден мектеп формасын ойлоп табууну суранса. Ал кандай болмок? |
| 17. | Сен кимге конокко баргың келет? Эмне үчүн? |
| 18. | Дарактагы үй жөнүндө кыскача поэтикалык чыгарма ойлоп чыгар. |
| 19. | Эгер сен жаныбарга айлана алсаң, анда сен кандай жаныбар болууну каалайсың? |
| 20. | Сенде үй жаныбары барбы? Ал жөнүндө айтып берчи. Сен аны кандай карайсың? |
| 21. | Сенин сүйүктүү ырың барбы? Ал жөнүндө айтып берчи? |
| 22. | Элестетип көрсөң, бир күнү эртең менен ата-энең ойгонуп, күн ичинде каалаган нерсеңди жасай аласың деп айтышты. Сага мектепке барууну деле кажети жок. Сен өз иштериң менен алектенсең болот. Сен эмне менен алектенет элең, айтып берчи? |
| 23. | Шаардагы же айылдагы өзүңдүн эң сүйүктүү жериңди сүрөттөп берчи? |
| 24. | Маршруттук таксинин айдоочусу, комуз, каттама деген үч сөздү пайдалануу менен аңгеме жаз. |
| 25. | Сен качандыр бир убакта көлгө бардың беле? Сапарыңды сүрөттөп берчи. |
| 26. | Сен эмнени эң мыкты жасай аласың? Өзүңдүн билгичтигиңди сүрөттөп берчи. |
| 27. | Кайсы тарыхый мезгилде болгуң келет? Сен эмне менен алектенет элең? Сен кандай жашайт элең? |
| 28. | Сен кандай деп ойлосуң, жамгырда сейилдесе болобу? Эмне үчүн ушундай деп ойлойсуң? Өз жообуңду түшүндүрсөң. |

| | |
|---|---|
| 29. | Кийинки жылы сен эмне менен алектенгиң келет? Спорттун кайсы бир түрү мененби же хобби мененби? |
| 30. | Эгерде сен сыйкырчыга жолуксаң, кандай каалоону аткарууну сурануунү каалайт элең? |
| 31. | Кимден интервью алууну каалайсың? Эмне үчүн, түшүндүрчү. |
| 32. | Сага жылдын кайсы мезгили көбүрөөк жагат? Эмне үчүн? |
| 33. | Жакында жигитиңдин же сүйлөшкөн кызыңдын туулган күнү болот деп элестетип көрчү. Сен жагымдуу сюрприз кылгың келди. Бул эмне болушу мүмкүн? |
| 34. | Кайсы бир тасманын аягы сага таптакыр жакпай калган учур болду беле? Эмне үчүн? Сага жаккан аяктоону сунуштасаң. |
| 35. | Өзүңө кат жазсаң, сен аны 20 жылдан кийин алам деп элестетип көрчү. |
| 36. | Сага кайсы жер-жемиш көбүрөөк жагат: алмабы же апельсинби? Эмне үчүн? Алар бири-биринен эмнеси менен айырмаланат? |
| 37. | Сенин сүйүктүү тамагыңдын рецебин жазсаң. |
| 38. | Сенин буюмуңду бирөө сурабай эле алып алган учурда, сен өзүңдү кандай сезесиң? Бул көйгөйдү кантип жакшыраак чечүү керек? |
| 39. | Эгер сен кандайдыр бир белгилүү инсан менен жолугушууга мүмкүнчүлүк алсаң, ал ким болмок? Өз тандооңду түшүндүрсөң. |
| 40. | Элестетсең, сенин кичинекей карындашың кечинде сабиз жеп, эртең менен анын кулагы коёндукундай болуп өстү. Эмне кылуу керек? |

### Кыскача пикир

Күнүмдүк практика окуучуларга жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө гана мүмкүндүк бербестен, окуучулардын бар болгон билимдерин жана жеке тажрыйбасын актуалдаштырууда, маалыматты түзүмдөштүрүүдө, окуучулар тарабынан окуп-үйрөнүлгөн предметтерди түшүнүүсүн тереңдетүүдө, алган билимдерин жана ээ болгон көндүмдөрүн көрсөтүүдө колдонулат. Жазуу муз жаргычы, жазуу жүзүндө кайтарым байланыш, жазууларды жүргүзүү, «жазуучунун бурчу» жана кошумча жазуу тапшырмалары сыяктуу тапшырманын ар түрдүү түрлөрүн пайдалануу менен, күн сайын жазууну сабакка киргизсе болот.

Жазуу тапшырмалары скаффолдинг принцибине («Башталгыч мектепте дифференциацияланган окутууну колдонуу» модулун караңыз), чыгармачыл жазуу ишин жаратуу процессине («Башталгыч мектептеги чыгармачыл жазуу» модулун караңыз), башталгыч мектептин билим берүү стандарттарына жана сабактын максат жана милдеттерине ылайык келиши маанилүү.

## 3-БӨЛҮМ. КҮН САЙЫН ЖАЗУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН ЖАГЫМДУУ ЧӨЙРӨНҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ

### ? Багыттоочу суроолор

- Окуучуларга күн сайын жазууда ийгиликке жетиши үчүн эмнелер керек?

*Ойлонуу жана жазуу, сөз жана маани менен ойноо билгичтиги элестетүүнү өнүктүрүүгө жардам берет, адаттан тышкары ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берет, боштондук берип, эркин сездирет.*

*Марта Кетро, жазуучу*

Жазуу көндүмүн өнүктүрүү үчүн жазуучунун шартына окшош шарттарды түзүү керек. Буга күн сайын жазуу үчүн убактысын бөлүү, жазууга өбөлгө түзгөн ыңгайлуу чөйрө түзүү жана идеяларды жараткан жана ийгиликтерди белгилеген колдоочу коомчулукту түзүү кирет.

**Эрежелерди жана жол-жоболорду белгилөө.** Окуучулар сабактын белгилүү бир мезгилинде (башталышында, ортосунда же аягында) жазуу иши үчүн 5-10 мүнөт бөлүнөрүн билиши керек. Бул жөнүндө окуучуларга маалымат берилиши керек («Башталгыч мектептеги чыгармачыл жазуу» модулун караңыз). Тапшырманы аткаруу процессинде тынч, жумушчу абалды түзүп, окуучуларды ар кандай форматта (жекече, жуп менен, чакан же жалпы топто) иштөөгө, жазуу үчүн керектүү материалдарды алууга, оң кайтарым байланыш берүүгө (башка окуучулардын ишин сынга албоого) бири-бири менен жазуу тажрыйбасы бөлүшүүгө үйрөтүү маанилүү.

**Жазуучулук маданиятты өнүктүрүү.** Жакшы чыгарма жазуу үчүн, жазуучулар көз карандысыз, тобокелге даяр жана чын дилинен кубанып жазышы керек (Бенке, 2018). Балдарга бул сапаттар сыйкырдуу түрдө пайда болбойт, аларды тажрыйба аркылуу алуу керектигин түшүндүрүү маанилүү. Окуучуларга күн сайын жазууга гана убакыт бөлбөстөн, жакшы жазуу ишин жаратууга кандай ресурстар жардам бере тургандыгын (мисалы, китептер, тасмалар, сөздүктөр, китепканага, музейге, театрга баруу жөнүндө маалымат, баарлашуу ж.б.), алардын ой жүгүртүүсүн байытуу; башка предметтерден алган билимдерин колдоно аларын билиши керек. Окуучуларды ар кандай жанрларда жазууга, ар кандай жазуу стратегияларын колдонууга, классташтар менен өнөктөштүктө иштөөгө, өз жазгандары менен бөлүшүүгө даяр болууга жана классташтарынын пикирлери үстүнөн ой жүгүртүүгө демилгелөө керек.

**Жазуу үчүн ыңгайлуу чөйрө.** Ар түрдүү басма чөйрөсү окуучуларга жакшы жазуу ишин жаратууга жардам берет. Мындай чөйрө көркөм же илимий-таанып-билүүчүлүк тексттин схемасы, тексттердин түзүлүштөрүнүн мисалдары (баяндоо, ой жүгүртүү, сүрөттөө), казык диаграммалары (визуалдык шыбырап айтуулар - таянычтар), «сөздөр дубалы», «сөздөр кутучасы» сыяктуу визуалдык шыбырап айтуулардын бар болушун камтыйт («Башталгыч мектептеги чыгармачыл жазуу» модулун жана башка пайдалуу ресурстарды караңыз). Окуучулар жакшы балдар адабиятына жеткиликтүүлүккө ээ болушу керек. Күн сайын жазуу тапшырмаларын пайдаланууда

мугалим окуучулардын бар болгон билимдерин жана жеке тажрыйбаларын эске алышы керек, аларды өз жашоосу жөнүндө ой жүгүртүүгө түрткү бериши керек, жаңы билимдерин көрсөтүүгө шыктандырышы керек, көйгөйлөрдү чечүүгө демилгелеши керек, окуу, оозеки талкуулоо жана жазууну интеграциялашы керек.

Карен Бенке жаш жазуучу үчүн «Дагы жаз!» китебинде төмөнкү сунуштар менен бөлүшөт: «Мыкты жазуучулук чеберчиликтин ачкычы – бул окуу. Сен канчалык көп окусаң, ошончолук жакшы жаза аласың. Курчап турган дүйнөнү уккула жана көз чаптыргыла. Окуялар эмне үчүн болуп жаткандыгын түшүнүүгө аракет кылгыла. Эл силерге берген жоопторго токтолбогула. Эгер бир нерсеге ишенүү, анда бул жакшы же жаман деп ойлобогула. Эмгектенгиле, өзүңөрдүн жоопторуңарды издегиле. Эмне үчүн тигил же бул көз-караштЫ карманганыңарды түшүнүүгө аракет кылгыла. Эң акырында, силер чындыгында эмнени сезсеңер, ошону жазгыла, андан кийин дайыма көп боло турган сын-пикирлерди кабыл алуу менен окуп-үйрөнгүлө» (Бенке, 2018).

**Ырастоочу кайтарым байланыш.** Күн сайын жазуу – бул күн сайын машыгуу, бул жерде «туура» же «туура эмес» баа берүү жок. Окуучулардан элестетүү, фантазия, билим, тажрыйбаны пайдаланууну; сезимдерди жана мамилелерди билдирүүнү; окуганга жооп кайтарууну; байкоо жүргүзүүнү суранууу керек. Бул жерде туура жазуу жакшы текст жазууда чоң мааниге ээ эмес жана бааланбайт. Бирок окуучуларга мазмундуу кайтарым байланыш берүү алардын окуусун жана жетишкендиктерин бир кыйла жакшыртат. Окуучулар бири-биринин ийгиликтүү учурларын белгилешет, ага кубанышат, каталарды жана сыноолорду бирге окуп-үйрөнүшөт.

**Үлгүлүү тексттер.** Жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн пайдалуу ресурстарынын бири болуп үлгүлүү тексттер эсептелет. Бул адабий чыгармалардан үзүндүлөр, аларга мугалим жазуу стратегиялары, тексттин түрлөрү, адабий жанрлар, балдар китебинин форматтары, кептик стилдер, кооз, көркөмдүү тил менен тааныштыруу максатында окуучулардын көңүлүн бурат. Чындыгында, окуучуларга жакшы тексттердин мисалдары менен таанышуу пайдалуу болуп эсептелет. Алар ушул мисалдар менен таанышып, өз иштерин жаратууга умтулушат. Үлгүлүү тексттер менен иштөө ийгиликтүү жана натыйжалуу болушу үчүн төмөнкү алгоритмди аткаруу сунушталат:

- **Сөздүк менен иштөө.** Үлгүлүү текстти окугандын алдында, окуучулар менен алар үчүн тааныш эмес, жаңы болгон сөздөрдүн үстүнөн иштөө. Бир нече стратегияны колдонсо болот: мугалимдин түздөн-түз түшүндүрмөсү, жардамчы ресурстарга (сөздүк, энциклопедия, көрсөтмөлүүлүк) кайрылуу, сөз жасоо, контексттик божомолдоо боюнча маанини аныктоо ж.б. Башталгыч мектептин мугалими сабактардагы сөздөрдүн маанисин (семантизация) аныктоо ыкмалары менен тааныш.
- **Үн чыгарып окуу.** Окуучуларга чыгарманы (же үзүндүнү) көркөм окуп берип, андан соң алардан аны өз алдынча дагы бир жолу окуп беришин сунуштоо.
- **Окуганын түшүнүү.** Мазмунга байланыштуу суроолорду берүүдөн баштоо. Окуучулар текст кантип жазылганынын үстүнөн иштегенге чейин, алар текст эмне жөнүндө экендигин түшүнүшү керек. Окуганын түшүнүүгө суроолорду берүү.
- **Текстти талдоо.** Автор тарабынан колдонгон жазуу стратегияларын окуп-үйрөнүү үчүн силер текстке кайрылып келген учурда, сүйлөмдөрдү же сөздөрдү атоо менен, мүмкүн болушунча, тагыраак болушуңар зарыл. Окуучулар көңүл бурушу керек болгон сүйлөмдөрдү көрсөткүлө, ал үчүн мүмкүн болушунча, саптарды же абзацтарды номурлагыла.

- **Башка мисалдар.** Эгерде силер белгилүү бир жазуу стратегиясынын үстүнөн иштеп жатсаңар (мисалы, ой жүгүртүү-текстин жазууга үйрөтүү), анда окуучуларга бир нече жакшы мисалдарды сунуштагыла. Окуучулар алардын алдына коюлган тапшырманы жакшыраак түшүнө алышат.
- **Моделдештирүү.** Окуучулар сиз жазуу стратегияларын кантип колдонуп жатканыңызды көрө алышы үчүн, өз чыгармаңызды жарата баштаңыз. Сиздин үлгүңүз боюнча, алар муну кантип аткарууну жакшыраак түшүнүшөт. Сиз окуучуларыңыз менен биргелешип текст жаратсаңыз болот, окуучулар тарабынан тапшырманы өз алдынча аткарууга шаштырбоо маанилүү.
- **Жазуу.** Эми окуучуларга үлгүлүү тексте колдонулган жазуу стратегияларын пайдалануу менен, өзүлөрүн текстти жаратууга аракет кылуу сунуш кылынат.

## Кыскача пикир

Окуучулар жазуу көндүмүн ийгиликтүү өнүктүрүүсү үчүн, аларга чыныгы жазуучулар сыяктуу шарт түзүп бериш керек. Бул шарттар иштөө тартибин, тексттин үстүнөн иштөө жол-жобосун, тышкы чөйрөнү жана демилгелөөчү факторлорун (шыбырап айтуулар, визуалдаштыруу, кабарлашып окутуу ж.б.) эске алууну божомолдойт. Окуучулар тобокел кылуудан (өз ойлорун билдирип, бул үчүн терс баа алуу) коркпошу керек. Аларга дайыма жазууга түрткү берүү үчүн, оң кайтарым байланыш берилиши керек. Адабияттын үлгүлөрү окуучуларга окуу программасы боюнча өздөштүрүшү керек болгон стратегияларды колдонгон жакшы текстти жаратууга жардам берет.

## 4-БӨЛҮМ. АТА-ЭНЕЛЕР БАЛДАРЫНЫН ЖАЗУУ КӨНДҮМДӨРҮН ЖАКШЫРТУУГА КАНТИП ЖАРДАМ БЕРЕ АЛЫШАТ?

### ? Багыттоочу суроолор

- Ата-энелер балдарынын жазуу көндүмдөрүн жакшыртууга жардам берүү үчүн, окуп берүү менен кошо дагы эмне кыла алышат?
- Ата-энелер балдарынын жазуу иштерине кандай мамиле кылышы керек?

Мугалимдер окуучуларга бардык предметтер боюнча күн сайын жазуу иштерин аткарууга убакыт берүү менен бирге, ата-энелерге дагы окуучулардын жазуу көндүмүн жакшыртууга жардам бериши үчүн сунуштама бере алышат. Окуучулар күн сайын жазуусу үчүн мугалимдерге ата-энелердин катышуусун демилгелөө сунушталат. Ата-энелердин жардамы окуучулар тарабынан жазуу иштерин аткаруусу үчүн сабактагы убакытты алмаштыра албайт. Бул колдоо окуучулардын күн сайын жазуу тапшырмаларын аткарууга сарптаган убактысына кошумча ишке ашырылат. Балдарга кандайдыр бир чыгарманы окуп берүү менен, ата-энелер автордун жазуусундагы айрым жагдайларга балдардын көңүлүн бурушу керек. Алар суроолорду бере алышат:

- Автор кандай кызыктуу сөздөрдү пайдаланган?
- Автор кантип аны реалдуу болгондой көрсөтө алган?
- Автор өз чыгармасын кандайча курган?

Ата-энелер балдарынын жазуусу үчүн, жеке үлгүсү менен өбөлгө түзө алышат. Ата-энелердин кат жазуусун, тексттик-кабарлоо, сатып ала турган буюмдардын тизмесин түзүүсүн жана башка көптөгөн нерселерди балдар көрүп турушсун. Ата-энелер балдарга мейкиндик жана жазуу үчүн керектүү материалдарды: кагаз, карандаш, бор жана маркерлерди берүү менен алардын жазышы үчүн көмөктөшө алышат. Үйдө жазууга, өчүрүүгө жана кайра жазууга оңой болгон чакан бор тактасын же маркердик тактаны пайдаланса болот. Ата-энелер балдарга күнүмдүк жашоого тексттерди түзүү үчүн ар кандай тапшырмаларды беришсе болот: куттуктоо баракчаларын жазуу, кимдир бирөөгө ыраазычылык кат, үйдө күндөлүк же журнал жазып туруу, ини-карындаштар үчүн аңгеме жазуу. Эгерде балдар эмне жөнүндө жазууну билишпесе, ата-энелер адегенде, жазуу ишине эмнени камтыса боло тургандыгы жөнүндө ойлорду талкуулай алышат.

Ата-энелердин колдоосунун маанилүүсү – ата-энелер балдарын кысымга албай, позитивдүү бойдон калуусу. Ата-энелер жазуу ишин эмне үчүн мактай тургандыгын аныктоосу керек: так сөздү тандоо, кол жазманын кооздугу, белгиленген түзүлүштү сактоо. Эгерде ата-энелер жазуу ишин оңдоо керек деп эсептешсе, анда алар оңдоо үчүн экиден ашык эмес катаны белгилеши керек. Көбүрөөк сандагы каталарды көрсөтүү балдарды басып салышы мүмкүн. Эң башкысы, ата-энелер жазылган иштер аларга эмес, балдарына таандык экендигин унутпашы керек. Балдар тарабынан жазылган иштер алардын ойлорун жана чыгармачылыгын чагылдырат (Fisher & Frey, н.д.).

## Кыскача пикир

Мугалимдер ата-энелерге жазуу көндүмдөрүн өркүндөтүүдө балдарга колдоо көрсөтүүнүн ар кандай жолдорун айтып бериши мүмкүн. Ата-энелер балдарына китеп окуган учурда, автор текстти кантип кызыктуу кылганына балдардын көңүлүн бура алышат. Ата-энелер балдарына өз үлгүсүнүн мисалында алар өзүлөрү кантип жаза тургандыгын көрсөтө алышат. Ата-энелер жазуу үчүн орунду, керектүү материалдарды жана мүмкүнчүлүктөрдү сунуштай алышат. Акырында, ата-энелер балдарынын жазуу иштерин мактай турган эки учурду таба алышат. Ата-энелер жазуу ишинде экиден ашык катаны оңдобошу керек.

## 5-БӨЛҮМ. КҮН САЙЫН ЖАЗУУ СТРАТЕГИЯЛАРЫ

Бул бөлүмдө башталгыч мектепте сабактарда күн сайын жазууну пайдалануунун бир катар мисалдары келтирилген. Мисалдар стратегия түрүндө берилген - конкреттүү нускамалар, алар предмет боюнча белгилүү темаларды окуп-үйрөнүүдө, китеп же текст менен таанышууда же бүтүндөй сабакты өткөрүүдө колдонулушу мүмкүн. Бул стратегиялар башкача «көнүмүш иш» деп аталат – кайталанган аракеттер, көнүгүүлөр, тапшырмалар, процесс менен окутуучу да, окуучулар да ар бири окуп-үйрөнүү процесси үчүн кандай жоопкерчиликти ала тургандыгы жөнүндө маалыматы (системалуу колдонгондон улам билишет) бар. Бул окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, алардын дараметин ачууга мүмкүндүк берет.

Ар бир стратегиянын башталышында окутуу процессинде конкреттүү эмнени дифференциациялоо маанилүү экендигин көрсөтөт: мазмунун (программасын), окутуу процессин (методдор, көнүгүүлөр, тапшырмалар), окуучулардын мотивациясын жогорулатууга өбөлгө түзгөн чөйрөнү же баалоо форматын. Ошондой эле окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо принцибин ишке ашыруу сунушталынат, ага көрсөтүлгөн стратегияны колдонууда көңүл буруу маанилүү.

Ар бир стратегияда окутуунун максаты көрсөтүлөт, аны кайсы класста колдонууга сунуш берилет, окутуунун күтүлүүчү натыйжалары аныкталат, стратегияны колдонуу үчүн керектүү материалдардын тизмеси жана класста ишти уюштуруу формасы сунушталат. Төмөндө стратегиянын кадам боюнча жол-жобосу сүрөттөлөт. Сүрөттөө дифференциалдуу баалоонун сунуштары менен аяктайт.

Сунуш кылынган стратегиялар Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептик Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан.

**«Сүйлөм: түзүү, жайылтуу, бириктирүү»** стратегиясы. Бул стратегия сүйлөмдү түзүү жана жайылтуунун үстүнөн иштөөнү камтыйт. Аны синтаксисти окуп-үйрөнүү үчүн гана эмес, алынган предметтик билимдерди көзөмөлдөө үчүн, эгер конкреттүү тема же окуп-үйрөнгөн предмет боюнча түйүндүү сөздөрдү негиз катары алса, колдонсо болот. Бул стратегияны жазуу муз жаргычы же кошумча жазуу тапшырмасы катары колдонсо болот.

**«Илимий таанып-билүүчүлүк текстти конспектилөө»** стратегиясы графикалык уюштуруучунун жардамы менен тексттен алынган маалыматты түшүнүүгө, аны түзүмдөштүрүүгө жана талдоого мүмкүнчүлүк берет. Окуучуларга тексттен маанилүү маалыматтарды киргизген бир нече графикалык уюштуруучуларды тандоо сунушталат.

**«Менин күнүм»** ой жүгүртүү (рефлексия) стратегиясы окуп-үйрөнүү күнү бүткөндөн кийин, күндү жалпылоо үчүн колдонулат. Окуучулар топтолгон тажрыйбаны жалпылаштырышат, окуу күнү башынан өткөргөн сезимдери, ойлору менен бөлүшүшөт, өз ойлорун жазуу жүзүндө айтууга үйрөнүшөт.

## 5.1. «Сүйлөм: түзүү, жайылтуу, бириктирүү» стратегиясы

Сүйлөмдү иштеп чыгуу үч баскычты камтыйт: түзүү, жайылтуу жана бириктирүү. Бул билгичтик окуучуларга өз алдынча сүйлөмдөрдү түзүп, аларды текстке байланыштырууга мүмкүндүк берет.

| | |
|---|---|
| **Окутуу максаттары** | Окуучулардын берилген үлгү (түзүлүшкө) боюнча сүйлөмдөрдү түзүү, жөнөкөй сүйлөмдү жайылтуу жана жөнөкөй сүйлөмдөн татаал сүйлөм түзүү, сүйлөмдөрдү байланыштуу текстке бириктирүү билгичтиктерин өнүктүрүү. |
| **Дифференциация.** | Окуу процесси, окутуунун натыйжаларын көрсөтүү. |
| **Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо** | Мазмуну, процесси, окутуу чөйрөсү. |
| **Окутуунун күтүлгүчү натыйжалары** | Окуучулар сүйлөмдөрдү курушат, жайылтышат жана бир нече кыска сүйлөмдөрдөн чакан текст түзүшөт. |
| **Максаттуу класс** | 2-4-класстар |
| **Керектүү материалдар** | Сүйлөмдөр менен карточкалар (мисалдар жол-жобонун баяндоосунда келтирилген). |
| **Класстагы иштөө формасы** | Жекече, кичи топтордо, жалпы топто. |
| **Стратегияны колдонуунун жол-жобосун баяндоо** | Бул стратегия үч баскычта ишке ашырылат.<br>Биринчи баскыч: берилген түзүлүш боюнча сүйлөм түзүү.<br>Экинчи баскыч: айкындооч мүчөлөрдү кошуу менен жөнөкөй сүйлөмдү жайылтуу.<br>Үчүнчү баскыч: жөнөкөй сүйлөмдөрдү текстке бириктирүү. |
| **Колдонууга чейин** | Карточкаларды даярдоо: а) сүйлөмдүн түзүлүшү, б) жайылтууну талап кылган жөнөкөй сүйлөм, в) бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр.<br>Окуучуларда карточкалардын ар кандай варианттары болушу керек. |
| **Колдонуу учурунда** | *Биринчи баскыч – «Түзүү».*<br>1-кадам. Окуучулар өз сөздөрү менен карточкадагы сүйлөмдөгү бош орундарды толтуруп, аларды бүтүрүп, түзүү үчүн, мугалим окуучуларга бүтпөй калган сүйлөмдөрдүн мисалдарын сунуштайт.<br>Сүйлөмдөрдү түзүү.<br>Мага жагат ……………………………………………………………<br>Мага жагат………………жана……………………………………….. |

Мен жасай алам ………………………………………………..

Мен жасай албайм…………………, анткени ……..……..…

Ал .............барган жок…………….., анткени………………

**2-кадам.** Мугалим тапшырманы аткаруунун үлгүсүн көрсөтөт.

**3-кадам.** Окуучулар жекече өзүлөрүнүн сунуштарын оозеки айтышат.

**4-кадам.** Окуучулар эки-экиден сүйлөмдөрдүн варианттары менен бөлүшүшөт жана аларды талкуулашат.

**5-кадам.** Мугалим окуучулардан сүйлөмдөрүн карточкага жазууну өтүнөт.

*Экинчи баскыч «Сүйлөмдөрдү жайылтуу».*

**1-кадам**. Мугалим окуучуларга айкындооч мүчөлөрдүн жардамы менен жайылтуу керек болгон жөнөкөй сүйлөмдү сунуш кылат.

**2-кадам.** Мугалим тапшырманы аткаруунун үлгүсүн көрсөтөт жана сүйлөм кандай сөздөр менен толукталып, жайылтылганын түшүндүрөт. Ар кандай сөздөрдү (Кандай?), (Кайда? Качан? Кайдан?), (Эмне? Эмнеге?), ж.б. киргизүү үчүн суроолор түрүндө шыбырап айтууну сунуштаса болот.

Сүйлөмдөрдү жайылтуу

Китеп тандадым.

Кызыктуу китеп тандадым.

Китепканадан кызыктуу китеп тандадым.

Мен мектептик китепканадан кызыктуу китеп тандадым.

Мен мектептик китепканадан кызыктуу китепти тандадым жана аны окуй баштадым.

Мен мектептик китепканадан кызыктуу китепти тандадым жана окуганды уланттым.

**3-кадам.** Окуучуларга бул көнүгүүнү өз алдынча же жупта оозеки аткаруу сунушталат.

**4-кадам.** Кайтарым байланыш алуу менен, окуучулар өз карточкаларын толтурушат.

*Үчүнчү баскыч «Бириктирүү».*

**1-кадам.** Мугалим окуучуларга бир нече сүйлөм берет, алардан байланыштуу текст түзүү керек.

**2-кадам.** Мугалим бул көнүгүүнү кантип аткаруу керектигин бир мисалда көрсөтөт.

Кыска сүйлөмдөрдү текстке бириктирүү.

> Канат мектептен келди. Чүкөлөрү ордунда турган.
>
> Эртең менен чогултулуп турган.
>
> Канат мектептен келди. Ал чүкөлөрдүн чачылып, ар тарапта жатканын көрдү. Ал эми эртең менен үй таза, иреттүү болчу.

**3-кадам.** Окуучуларга бул көнүгүүнү өз алдынча же жуп менен оозеки аткаруу сунушталат.

**4-кадам.** Окуучулар кайтарым байланыш алгандан кийин, алар өз тексттерин жазышат.

**Колдонгондон кийин**

Окуучулар өз жоопторунун варианттарын үн чыгарып айтышат (каалоо боюнча).

**Үй тапшырмасы**

**Окуучуларга:**

а) кийинки сабакта иштөө үчүн А5 карточкасында бүтпөгөн сүйлөмдүн түзүлүшүн жаратуу сунушталат;

б) сүйлөмдөрдү жайылтуу тапшырмасы менен карточканы түзүү сунушталат;

в) кийинки сабакта аларды текстке бириктирүү үчүн кыска сүйлөмдөр менен карточка жасоо сунушталат. Карточкага иллюстрацияны кошсо болот.

**Баалоо**

Окуучуларга смайликтерди пайдалануу менен, өзүнө өзү баа берүүнү өткөрүү сунушталат:

| | | |
|---|---|---|
|  |  |  |
| Мен тапшырманы эң жакшы аткардым | Мен тапшырманы аткарып жатам | Мага жардам керек |

## 5.2. «Илимий таанып-билүүчүлүк текстти конспектилөө» стратегиясы

Илимий таанып-билүүчүлүк текстти конспектилөө үчүн маалыматтын графикалык уюштуруучусун колдонсо болот. Окуучуларга тексттен маалыматтарды жазуу үчүн ылайыктуураак болгон графикалык уюштуруучулардын бирөөсүн тандоо

сунушталат. Иштин мындай түрү окуучуларга окуганын түшүнүүгө, аны түзүмдөштүрүүгө жана талдоого мүмкүндүк берет.

**Окутуу максаты** Окуган илимий таанып-билүүчүлүк тексттен негизги идеяны жана аны колдогон фактыларды бөлүп алуу билгичтигин калыптандыруу, алынган маалыматты түзүмдөштүрүү жана талдоо.

**Дифференциация** Окутуу процесси, окутуунун натыйжаларын көрсөтүү.

**Окутуу үчүн универсалдуу долбоорлоо** Мазмуну, процесс, окутуу чөйрөсү.

**Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары** Окуучулар:

- илимий таанып-билүүчүлүк тексттен алынган негизги маалыматты түзүмдөштүрүү үчүн графикалык уюштуруучуларды колдонушат;
- алынган маалыматты түшүнүү үчүн жазууларды жүргүзүшөт;

**Максаттуу класс** 3-4-класстар.

**Керектүү материалдар** Илимий таанып-билүүчүлүк тексттер, графикалык уюштуруучулардын үлгүлөрү.

**Класста иштөө формасы** Жекече.

**Стратегияны колдонуунун жол-жобосун баяндоо**

Бул стратегия окуучулар текстти окуп бүткөн учурда, алардын алдында башкы жана аныктоочу маалыматты тактоо, аны түзүмдөштүрүү турат. Ал үчүн маалыматтын графикалык уюштуруучуларынын бир вариантын тандоо сунушталат.


**Колдонууга чейин** Мугалим окуучуларга илимий таанып-билүүчүлүк тексттерди сунуштайт. Окуучулар аларды кунт коюп окушат.

**Колдонуу учурунда** **1-кадам.** Мугалим төмөнкү суроолорду берет:


- Жазууларды эмне үчүн жүргүзүү керек экендигин билесиңерби – окуп-үйрөнүү материалдарын конспектилөө үчүнбү?
- Бул кантип аткарыла турганы менен силер таанышсыңарбы?
- Илимий таанып-билүүчүлүк тексттердин түзүлүшү кандай? Алар көркөм тексттерден эмнеси менен айырмаланат?

**2-кадам.** Алынган жооптордун негизинде конспектилөөнүн маанилүүлүгү жана илимий таанып-билүүчүлүк тексттердин түзүлүшү жөнүндө окуучуларга бир графикалык уюштуруучуну тандоо сунушталат, анын жардамы менен маалыматты жакшыраак конспектилөөгө болот.


**«Себеп-натыйжа байланышы» графикалык уюштуруучусу**




**«Салыштыруу» графикалык уюштуруучусу**



**«Кластер» графикалык уюштуруучусу**



**«Көйгөйлөрдү чечүү» графикалык уюштуруучусу**



**3-кадам.** Окуучулар илимий таанып-билүүчүлүк тексттен тандалган маалыматтын графикалык уюштуруучусун толтурушат.

| | |
|---|---|
| **Колдонгондон кийин** | Окуучулар окуп-үйрөнүлгөн теманы өздөштүрүү боюнча графикалык уюштуруучунун жардамы менен суроолорго жооп берет. |
| **Үй тапшырмасы** | Графикалык уюштуруучулардын үстүнөн ишти жыйынтыктоо. |
| **Баалоо** | Окуучулар өз ишин тааныштырышат, графикалык уюштуруучуларды пайдалануу менен илимий таанып-билүүчүлүк текстти окуу боюнча оозеки презентацияны жасашат. |

| | |
|---|---|
| **Баалоонун варианттуулугу** | Окуучулар башкалар ишин баалашы үчүн, өз иштерин дубалга жайгаштыра алышат. |

## 5.3. «Менин күнүм» ой жүгүртүү (рефлексия) стратегиясы

«Рефлексия» сөзү «reflexio» деген латын сөзүнөн келген, «артка кайрылуу» дегенди түшүндүрөт. С.И.Ожеговдун сөздүгүндө рефлексия өзүнүн ички абалы жөнүндө ой жүгүртүү катары, өзүн өзү талдоо катары аныкталат. Күндүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн окуучуларга сабактын аягында «Менин күнүм» көнүгүүсүн сунуштаса болот.

| | |
|---|---|
| **Окутуу максаты** | Окуучулардын алган тажрыйбасын жалпылоо, окуп-үйрөнүү процессинде башынан өткөргөн сезимдери менен бөлүшүү, жазуу формасында оюн туюнтуу билгичтиктерин өнүктүрүү. |
| **Дифференциация** | Окутуу процесси, окутуу натыйжаларын көрсөтүү. |
| **Окутуу үчүн универсалдуу долборлоо** | Мазмуну, процесс, окутуу чөйрөсү. |
| **Окутуудагы күтүүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• тажрыйба жана сезимдерин талдашат;<br>• окуу күндүн жыйынтыгын чыгарышат;<br>• өз талаптарын аныкташат (кийинки окуу күнүн). |
| **Максаттуу класс** | 2-4-класстар |
| **Керектүү материалдар** | «Менин күнүм» формасы |
| **Класстагы иштөө формасы** | Жекече |
| | **Стратегияны колдонуунун жол-жобосун баяндоо**<br>Бул стратегия күндүн аягында колдонулат. |
| **Колдонууга чейин:** | Мугалим окуучуларга «Менин күнүм» формасын сунуштайт. |
| **Колдонуу учурунда:** | **1-кадам.** Мугалим окуучуларга суроо берет:<br>• Бүгүн кандай жаңы нерселерди билдиңер?<br>• Бул пайдалуу болдубу?<br>• Окуу күндөн кийин кандай сезимдерди башынан өткөрдүңөр?<br>• Силерге эмне өзгөчө жакты?<br>• Эмне түшүнүксүз же татаал болду?<br>• Эртең эмнени билүүнү каалап жатасыңар?<br>**2-кадам.** Мугалим өткөн окуу күн жөнүндө окуучуларга жекече ой жүгүртүүнү жана «Менин күнүм» формасын толтурууну сунуштайт. |

**МЕНИН КҮНҮМ**

Аты ______________________________ Мөөнөтү ________________

Дүйшөмбү Шейшемби Шаршемби Бейшемби Жума Ишемби

Бүгүн аба-ырайы мындай болду ____________________________

Бүгүн менин маанайым мындай болду _____________________

Бүгүн мен __________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

Мага өзгөчө жакты __________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

Эртең мен каалайт элем____________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

**Колдонгондон кийин** Окуучулар жалпы топто өз жооптору менен ой бөлүшөт.

**Үй тапшырмасы** Жок

**Баалоо** Бул иш бааланбайт.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Daily Writing Warms-Up, Trisha Callella, 2006 Creative Teaching Press Inc, Huntington Beach, CA 92649,
2. Dean, A Look at the Write Brain, 2019. https://brainworldmagazine.com/look-write-brain/
3. Graham, S., Hebert, M. A. *Writing to read: Evidence for how writing can improve reading. A Carnegie Corporation Time to Act Report.* Washington, DC: Alliance for Excellent Education, 2010. https://literacyworldwide.org/blog/literacy-now/2013/10/21/writing-to-read-evidence-for-how-writing-can-improve-reading
4. https://learn.cli.org/best-practices/writing-workshop/overview/classroom-culture-and-environment#:~:text=This%20includes%3A%20a%20predictable%20time,%2C%20joyful%2C%20and%20motivated%20writers.
5. https://www.schreibmotorik-institut.com/index.php/en/news/reports/465-training-handwriting-skills-instead-of-copying-a-recommendation-from-dr-christian-marquardt-in-an-interview-with-austria-presse-agentur
6. Longcamp M, Boucard C, Gilhodes JC, Velay JL. Remembering the orientation of newly learned characters depends on the associated writing knowledge: A comparison between handwriting and typing. Human Movement Science. 2006;25(4–5):646–656
7. Neuroanatomy of Handwriting and Related Reading and Writing Skills in Adults and Children with and without Learning Disabilities: French-American Connections, Pratiques. 2016 Dec; 171-172: 3175.
8. Pam A. Mueller and Daniel M. Oppenheimer. The Pen Is Mightier Than the Keyboard: Advantages of Longhand Over Laptop Note Taking, Psychological Science Online First, published on May 22, 2014
9. Richards TL, Grabowski TJ, Boord P, Yagle K, Askren M, Mestre Z, Robinson P, Welker O, Gulliford D, Nagy W, Berninger. NeuroimageClin. Contrasting brain patterns of writing-related DTI parameters, fMRI connectivity, and DTI-fMRI connectivity correlations in children with and without dysgraphia or dyslexia.2015; 8():408-21.
10. Sundem G., Improving Student Writing Skills, Shell Education, USA, 2007, p. 51.
11. Trisha Brummer, M.S.Ed., and Sarah Kartchner Clark, Writing Strategies for Mathematics, Shell Education, 2008
12. Writing in the Classroom to Learn, to Demonstrate Learning and for Publication https://education.ky.gov/curriculum/conpro/writing/Documents/Writing%20in%20the%20Classroom.pdf
13. Бейти К. Литературный марафон: как написать книгу за 30 дней. – 4 изд. – М.: Манн, Иванов, Фербер, 2019. – 208 с.
14. Бенке К. Пиши ещё! Руководство для начинающего писателя. –М.: Альпина Аблишер», 2018. – 256 с.
15. Визнер К. Живой текст: как создавать глубокую и правдоподобную прозу. Перевод с англ. Марии Сухотиной. – 2 изд. – М.: «Манн, Иванов, Фербер», 2019. – 304 с.
16. Готтштал Дж. Как сторителлинг сделал нас людьми. –М.: Колибри, 2020. – 272 с.
17. Зинсер У. Как писать хорошо. Классическое руководство по созданию нехудожественных текстов. –М: Альпина Паблишер, 2017. – 292 с.
18. Как писать крутые тексты. – М.: Манн, Иванов, Фербер, 2018. – 96 с.
19. Книга моих историй. – М.: Манн, Иванов, Фербер, 2014. – 96 с.
20. Лемов Д. Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей.– М.: Манн, Иванов, Фербер, 2014. – 416 с.
21. Львов М.Р., Рамзаева Т.Г., Светловская Н.Н.Методика обучения русскому языку в начальных классах. – М: Дрофа, 2020.– 160 с.

22. Низовская И.А. Книги пишем сами. Методическое пособие для педагогического сопровождения учителей начальных классов. – Б.: ОсОО «Папирус Принт», 2017. – 54 с.
23. НьюбургерЭ.Банка с историями: Играем, придумываем, рассказываем. – М: Манн, Иванов и Фербер, 2016. – 136 с.
24. Чамберс Э. Расскажи. Читаем, думаем, рассуждаем. –М.:Самокат, 2016. – 320 с.

# МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. Амонашвили Ш.А. Основы формирования письма и развития письменной речи в начальных классах: Автореф. дис. д-ра психол. наук. – М., 1972. – 45 с.
2. Выготский Л.С. Мышление и речь. //Избранные психологические исследования. – М.: Изд-во АПН РСФСР, 1956. – 519 с.
3. Низовская И.А. Словарь программы «Развитие критического мышления через чтение и письмо». — Б.: 2012. – 158 с.
4. Низовская И.А., Задорожная Н.П., Матохина Т. А. Учимся мыслить критически. – Бишкек: Макспринт, 2011. – С. 130
5. Стил Д.Мередис К., Темпл Ч. Сынчыл ойломдун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн методдор. – Бишкек, Сорос – Кыргызстан, 1997.
6. Халперн Д. Психология критического мышления. – СПб.: Питер, 2000.– 512 с.
7. Эсенгулова М., Асекова Ж. «Сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү үчүн окуу жана жазуу» программасынын хрестоматиясы. – Бишкек, 2004.
8. Эсенгулова М., Асекова Ж. Мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү («Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү» усулунун теориясы жана практикалык тажрыйбасы). – Бишкек, 2008.

## СӨЗДҮК

**Бар болгон билимдерди актуалдаштыруу –** бир нерсени үйрөнгөнгө чейин окуучунун бар болгон тажрыйбасынын негизинде билимдерди аныктоо. Алгачкы билим, башкача айтканда «баштапкы» орчундуу мааниге ээ, анткени алардын негизинде окуучулар жаңы билимдерди жана тажрыйбаларды түшүнүп колдонууга даярданышат. Мисалы, мектепке чейинки билим берүү уюмуна барган окуучулардын тамга жана тыбыштар менен иштөө тажрыйбасы мектепке чейинки билим берүү уюмуна барбаган окуучуларга караганда көбүрөөк болушу мүмкүн, ал эми айыл жеринде жашаган окуучулар шаардагы жашоо жөнүндө китепте бардыгын түшүнө бербейт.

**Графема –** (байыркы грекче γράφω, «мен жазам» + -«ema» суффикси) - минималдуу жазуу бирдиги: алфавиттик жазуу системасында – кат.

**Графикалык уюштуруучулар –** түшүнүктөрдүн, кубулуштардын, предметтердин айкалашын көрсөтүүчү каражаттар: схемалар, графиктер, тегеректер, таблицалар. Маалыматты чогултуу, узак мөөнөттүү эс тутумда сактоо жана көрсөтмөлүү сунуштоо каражаттары. Жазуу иши үчүн негиз түзгөн жазууларды жүргүзүү процесси.

**Конспектилөө – (**лат.тилинен cons-pectus – сереп, очерк**)** китептин, лекциянын мазмунун кыскача жазуу жүзүндө баяндоо, өзүнө негизги жоболорду жана аларды фактылар, мисалдар менен негиздөөнү камтыйт.

**Моделдештирүү –** бул окуу стратегиясы, ал процессте мугалим жаңы концепцияны же окутуунун мамилесин көрсөтөт, ал эми окуучулар байкоо жүргүзүү менен окуп-үйрөнүшөт.


**Окурмандык күндөлүк –** окулган нерсени түшүнүү максатында окурмандык тажрыйба жөнүндө жазуу формасы. Окурмандык күндөлүктө зор мүмкүнчүлүктөрү бар, алар менен башталгыч мектептин окуучулары менен иштөө үчүн колдоно алган сунуш кылынат.

**Оң пикир –** учурдагы жетишкендик деңгээли жана максаттуу деңгээлинин ортосундагы ажырымды жоюуга жардам берүү үчүн окуучуларга берилген маалымат.

**Скаффолдинг** – бул баланын жакын өнүгүү зонасына жылуу үчүн чоң адамдар уюштурган педагогикалык колдоонун технологиясы, өзгөчөлөнгөн түрү. «Ска́ффолдинг» технологиясы заманбап авторлор тарабынан окутуу процессинин өзгөчө түрү катары каралат, ал педагогдун (же дагы башка билимдүү булактын) жана окуучунун окуу маселелерин чечүү боюнча өз ара аракеттенүү кырдаалдарында орун алат. «Ска́ффолдинг» (scaffolding) технологиясынын негизги мүнөздөмөсү – окуучунун өз алдынча ишинин жүрүшүндө мугалим тарабынан «өчүп бараткан жардамы» (fadinghelp) болуп эсептелет.

**Сөздөр кутучасы –** көнүгүү (тематикалык, предметтик, синонимдердин же антонимдердин жыйындысы болушу мүмкүн) өткөрүү үчүн, шарттуу идишке салынган (кутуча, кап, конверт, тунук файл жана башкалар) зарыл болгон сөздөрдүн жыйындысы.

**Сөздөрдүн дубалы –** үйрөнө турган сөздөр үчүн бөлүнгөн класстагы дубал же дубалдын бир бөлүгү. Сөздөр же тамгалар карточкаларга жазылган, алардын маанисин сүрөттөө менен, ар кандай түстөрдө, шрифттерде жана башка визуалдаштыруу ыкмаларында жасаса болот. Окуучулар жаңы сөздөрдү, алардын жазылышын, сүрөттөлүшүн, маанисин ж.б. көрсөтмөлүү эстеп калууга мүмкүнчүлүккө ээ болушат. Сөздөрдүн жыйындысы системалуу түрдө жаңыланып турат.




**Таксономия** – (эски грек тилинен τάξις - тутум, тартип жана νόμος - мыйзам) - татаал уюштурулган деңгээлдүү айкалышкан заттарды классификациялоо жана системалаштыруу принциптери жана практикасы жөнүндөгү окуу.

**Үлгүлүү тексттер –** бул мугалимдер жана окуучулар ар кандай максатта кайрылышкан көркөм чыгармалардан үзүндүлөр. Бул тууроо үчүн үлгү көрсөткөн тексттер. Үлгүлүү тексттер окуучуларга жазуунун жаңы стратегияларын жана форматтарын колдонуп көрүүгө жардам берет. Бул мугалимдин кандайдыр бир колдоосу алдында же окуучулар өз алдынча окуй алышып жана түшүнө алган тексттер болушу керек.

## ТИРКЕМЕ

### Аракеттер планы

Тренингдин аягында ар бир катышуучу тренинг учурунда алган билимдерин жана калыптанган компетенттүүлүктөрүн өз педагогикалык практикасына киргизүү боюнча келечектеги аракеттердин Планын түзүшү өтө маанилүү. Бул план эки нускада түзүлөт. Бир нускасы катышуучунун өзүндө калат, экинчисин ал окутуу тренерине өткөрүп берет. Бул План катышуучу үчүн да, тренер үчүн да маанилүү, анткени тренер катышуучу тренинг учурунда чындыгында эмнени үйрөнгөнү жөнүндө кайтарым байланыш ала алат, ал эми катышуучу ага берилген тренинг жөнүндө ой жүгүртөт, топтолгон тажрыйбаны колдонуу, өркүндөтүү жана бекемдөө боюнча иш-аракеттерди пландаштырууга мүмкүнчүлүк алат. Андан тышкары, бул План тренердин мектепке барган учурунда катышуучуга насаатчылык жардамын камсыз кылат.

1-кадам: Азыр дароо эмне кылуу керек экендигин чечиңиз.

| |
|---|
| Жаңы үйрөнгөн нерсеңиздин атын атаңыз, эми аны оңой эле жасай аласыз \ колдоно аласыз \ айтып бераласыз \ түшүндүрүп бере аласыз: |
| Өзүңүздүн окутуу практикаңызга муну качан киргизе аласыз? |
| Бул идеяны киргизген учурда, Сиз эмнени окутасыз? |
| Сиздин оюңуз боюнча, бул сиздин окуучуларыңызга кантип жардам берет? |

2-кадам: Кийинки эки айда жаңы стратегияны («орнотулган тартип») киргизүү боюнча план түзүңүз.

| |
|---|
| Жакынкы эки айда окутуу практикаңызда колдонула турган бир стратегияны («орнотулган тартип») айтыңыз: |
| Сиз окута турган нерсени, предмет/мазмундук тармакты атаңыз: |
| Сиз баштай турган күн: |
| Бул Стратегия сиздин окуучуларга кантип жардам берерин аныктаңыз: |
| Сизге керек боло турган ресурстар жана материалдар: |

| |
|---|
| |
| Сизге керек болгон колдоо (эгер бар болсо): |

3-кадам: Жаңы стратегияны колдонуунун баалоосун өткөрүү.

| |
|---|
| Бул стратегия сиздин окуучуларыңызга кантип жардам берди? |
| Эмнени жакшы аткардыңыз? |
| Кандай кыйынчылыктарга туш болдуңуз? |
| Кийинки жолу сиз эмнени башкача кылмак элеңиз? |

4-кадам: Мындан ары эмне кыла турганыңызды чечип алыңыз.

| |
|---|
| Кийинки жолу кайсы стратегияны колдонгуңуз келет? |